В. КОЧКАРОВ, О. МАХМУДОВ, З. ЗАМАНОВ

# РУХАНИЯТ НЕГИЗДЕРИ

*Орто билим берүүчү мекемелеринин*
*10-11-класстары үчүн окуу китеби*

*1-басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын*
*Элге билим берүү министрлиги тастыктаган*

Ташкент
«Yangiyo'l poligraf servis»
2017

УДК: 130.12(075.3)=512.154
ББК 86.60

Кочкаров, Вахоб.

Q-98 Руханият негиздери 10-11-класс: Орто билим берүүчү мекемелеринин 10-11-класстары үчүн окуу китеби /В. Кочкаров, О. Махмудов, З. Заманов. — Биринчи басылышы. — Ташкент.: «Yangiyo'l poligraf servis», 2017. — 144 б.

**УДК: 130.12(075.3)=512.154**
**ISBN 978-9943-4938-3-4** **ББК 86.60**

**Жооптуу редактор:**
А. Халбеков — социология илимдеринин доктору, профессор.

**Методист:**
Н. Исматова — Республикалык билим берүү борборунун Социалдык илимдер бөлүмү башчысы.

**Рецензенттер:**
Ш. Төраев — Республика Улуттук идея жана идеология илимий-практикалык борбору директорунун орун басары, философия илимдери кандидаты;
Д. Базаров — ӨзУУ «Философия жана логика» кафедрасынын доценти;
А. Халов — Өзбекстан Республикасы Президенти алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын ага илимий кызматкери;
М. Халикова — Ташкент шаар ПККДБӨИ кафедра башчысы, филология илимдеринин кандидаты;
Д. Эргашева — Ташкент шаары Сергели районундагы 8-жалпы билим берүүчү мектептин «Руханият негиздери» предмети мугалими.

Республикалык Билим берүү борборунун «Улуттук көз карандысыздык идеясы жана руханият негиздери» предмети боюнча илимий-методикалык Кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынган.

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-4938-3-4
© В. Кочкаров, О. Махмудов, З. Заманов, 2017.
© «Yangiyo'l poligraf servis», 2017.

# Киришүү

Адактуу окуучу! Дүйнөдө ар бир нерсенин негизи, маңызы болот. Адамзаттын маңызын анын жаратмандыгы, бекем эрки, ыйман-ынанымы, башкаларга калыс көмөгү, башына кайгы түшкөндө көңүлдөш болуу, шаттыгына шерик болуу, мээр-акыбети, бир сөз менен айтканда, кооз көркөм дүйнөсү түзөт.

Андыктан, руханият адамдын кулк-мүнөзүндө кандай көрүнөт? Мисалы, сен өзүңдөн улууларга биринчи болуп салам бересиң, анткени ата-энең ошондой тарбия берген. Эң жакшы бааларга окууга умтуласың, анткени мугалимдерден ошондой таалим алгансың. Окуу мекемесинде, жамаат жайларында, айтоор ар жерде уят, орой сөздөрдү айтпайсың, анткени буга ички маданиятың жол бербейт. Мекенди сатпайсың, анткени ал ар-намысты, өздүктү саткан менен тең! Булардын баарына кооз кулк-мүнөзүң, дилиңдин руханий көркү, изги ынанымыңдын бекемдиги себеп. Демек, руханият инсан дүйнөсүнүн назик жана баалуу дөөлөтү болуп, адамдарды чоң жаратмандыктарга жетелейт. Руханияты бийик инсандардын көбөйүшү болсо күчтүү жарандык коомунун өнүгүшүнө себеп болот.

Эгемендүүлүккө жетишкен соң Өзбекстан эли жана мамлекети жасаган экономикалык өзгөрүүлөр инсандык кең пейилдүүлүк жана жогорку агартуучулук сезимдери менен шайкеш түрдө алып барылды. Мисалы, байыркы зыярат жайларыбыз толук кайра оңдолду, байыркы чыгармалар, кол жазмалар басып чыгарылып, коомчулукка тартууланды, каада-салт, үрп-адаттар кайра калыбына келтирилди. Журтубузда жашап жаткан түрдүү улут жана элдердин улуттук баалуулуктары жана салттарына карата жогорку урмат көрсөтүлдү жана башкалар.

Бүгүн мамлекетибизде улуттар аралык тынчтык, ынтымактуулук, биримдик туруктуу. Өзбекстан мамлекети анын аймагында жашоочу бардык калк, улут жана элдердин кызыкчылыгын бирдей коргоп, бирдей колдоп-кубаттайт.

Рухий өсүү, улуттук өздүктү таануу тарыхый аң-сезим жана тарыхый эскерүүсүз өнүкпөйт, түгөл калыптана албайт.

«Жогорку руханият — жеңилгис күч» чыгармасында, «...бүгүнкү күндө руханиятыбызды сактоо үчүн эмне кылуу керек жана ага коркунуч салып жаткан чабуулга эмнени каршы коюу керек деп сураса, мен биринчи болуп ушул журтта жашап жаткан ар бир адам өздүгүн таануусу, байыркы тарыхыбыз жана бай маданиятыбызды, улуу бабаларыбыздын мурасын терең өздөштүрүүсү, бүгүнкү бат өзгөрүп жаткан турмуш чындыгына аң-сезимдүү карап, өз алдынча ойлошу жана

журтубуздагы бардык өзгөрүүлөргө тиешелүүлүк сезими менен жашоосу зарыл», деп баса белгиленет.

Мына эмне үчүн журтубузда «Эскерүү жана кадырлоо» күнү белгиленет, улуу ата-бабаларыбыздын аруу рухуна карата жогорку урмат-сый көрсөтүлөт. Ушул мааниде журтубузда жаңы окуу жылынын биринчи күнү, б.а. 2-сентябрь — Эгемен Өзбекстандын мамлекеттүүлүгүнүн негиздөөчүсү Ислам Каримовдун жаркын элесине арналышы да бекеринен эмес.

Максаттуу жашап өтүлгөн турмуш мазмундуу жана баалуу болот. Дал ушундай, өз алдына улуу максаттарды коюп жашап жаткан мамлекет да тарыхтын алтын барактарында өчпөс из калтырат. Бүгүн Өзбекстаныбыздын өсүшүн андан да өнүктүрүү жолунда кабыл алынган Аракеттер стратегиясынын негизги максаты да элдин кызыкчылыгын камсыздоого, тынч жана жыргал жашоо үчүн зарыл болгон факторлорду жаратууга багытталганы менен баалуу.

Өзбек элиндеги бири-бирине болгон мээр-акыбет, улууларга урмат, айрыкча, ата-энени сыйлоо жана карыганда аларга кам көрүү көпчүлүк дүйнө элдери үчүн үлгү болуп эсептелет. Биздин бул баалуулугубуз үй-бүлөдө калыптанып, андан ары коомдун өнүгүшүнө өз үлүшүн кошот.

Президентибиз Шавкат Мирзиёев руханий өнүгүүнүн натыйжасын жаңы баскычка көтөрүү жөнүндө токтолуп, «...биз үчүн ыйык болгон үй-бүлө негиздерин чыңдоо, үйлөрдө тынчтык, ынтымак жана өз ара урмат чөйрөсүн жаратуу, руханий-агартуу иштерин анык мазмун менен толтуруудан турушу керек», деп белгилейт.

Бул окуу китебинде сенин дилиңе улуттук аң-сезим жана көз караштын негиздерин сиңдирүү, сени руханий коопторго каршы бекем тура алуучу мекенчил, патриот инсандар кылып тарбиялоо максатында руханияттын түпкү негизине кирип барууга аракет кылынды. Ар бир теманын башында активдештирүү үчүн суроо жана тапшырмалар берилген. Көпчүлүк жагдай жана мисалдар теңкурларыңдын жашоосунан алынган. Булар сенин төмөнкү класстарда алган билимдериңди эске алууңда өзүнчө экзамен милдетин өтөйт.

Мындан сырткары, ар бир теманын аягында «Сабактан таалим» жана «Табышмак» берилген. Аларды кунт коюп оку, «Табышмак»тардын жообун үй-бүлөң менен чогуу чечмеле. Алар дүйнө карашыңды, ой-пикириңди андан да кеңейтүүгө кызмат кылат, деп ишенебиз.

Ардактуу окуучу! Авторлор тобу «Руханият негиздери» предметин мыкты жана терең өздөштүрүүңдө ийгиликтер каалайт.

# 1-§ Руханият — теңдешсиз күч



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Бул сүрөттөрдүн негизинде руханиятка мүнөздөмө бер жана ага таасир этүүчү факторлорду түшүндүр.
2. Руханият качан теңдешсиз күчкө айланат?
3. Тарыхый жерлерге барганыңда дилиңден эмнелер өтөт? Кандай руханий күч аласың? Эмне үчүн мындай абал пайда болушун эч ойлоп көрдүң беле?

Руханият — адамдын таанымына таасир көрсөтүүчү, анын көз карашын, ойлоо таризин белгилүү бир багытка салуучу теңдешсиз күч.

Руханияттын негизин коом, улутка таандык рухий, маданий жана материалдык негиздер, үрп-адаттар, каада-салттар, жашоо мүнөзү, идея жана көз караштарды жалпылоочу түшүнүктөр түзөт.

Инсан руханиятынын калыптануусунда тарыхый эс тутум өзүнчө мааниге ээ. Эрте менен уйкудан турган адам кокусунан өзүнүн ким экени, аты-жөнүн унутуп койсо, өз жакын инсандарын тааныбай калса, бул абал ошол инсан, анын үй-бүлөсү үчүн чоң бактысыздык.

Эгерде улут өзүнүн ким экендигин унутса, бул ошол улут үчүн чоң кырсык саналат.

Дүйнөдөгү зордукчул күчтөр кайсы бир элди же мамлекетти өзүнө баш ийдирип, анын байлыктарын ээлеп алмакчы болсо, оболу, аны куралсыздандырууга, б. а. эң

улуу байлыгы болгон улуттук баалуулуктары, тарых жана руханиятынан ажыратууга умтулат. Өздүгүн жоготкон улут болсо, ар дайым кулдукка туш болот.

Өз эли жана журтунун тарыхын терең билүү, аны дайыма үйрөнүү, бабалардын сооптуу иштерин татыктуу улантып, бай мурасын асырап-абайлоо, өтмүштөн сабак чыгаруу, тарыхта өткөн окуяларды калыс баалоо, натыйжасын туура түшүнүү нормалдуу адамдын жашоосунун мазмуну болот.

Инсан өзүнүн тарыхый эс тутумуна ээ болбой туруп, жашоосунда болуп жаткан коомдук өзгөрүүлөрдүн маанисин түшүнүп жете албайт, келечегин туура элестете албайт. Ошондуктан коомдун ар бир мүчөсү өз өтмүшүн жакшы билсе, түрдүү агымдардын таасирине түшүп калбайт. Тарых сабактары инсанды кыраакылыкка үйрөтөт, эркин чыңдайт.

### БИЛИП АЛ

Тарыхый эс тутум жоопкерчилигин терең туюу, коом алдындагы тиешелүүлүк, урпактар алдында өз бурчун аткаруу милдетин калыптандыра турган тарбия, «Кече ким элек, бүгүн ким болдук», деген принцип эсептелет.

### ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Ушул аңгемени оку: «Мекен — үй-бүлө — династия». Ушул үч түшүнүктүн маңызын түшүндүр.
2. Эч ойлоп көргөнсүңбү, неге карыялар менен маектешкенинде «Кимдин баласысың, ата-энең ким, санжыраңды, өткөн ата-бабаңды билесиңби?» — деп сурашат?

## ДИНАСТИЯЛАРДЫН ӨНҮГҮШҮ

Элибизде «Мекен босогодон башталат», дейт. Босого бул — үй, үй-бүлө дегени. Белгилүү бир үй-бүлөлөрдүн мууну болсо династия болуп саналат. Династиянын мүчөлөрү эл-журт кызыкчылыгы жолунда кызмат кылып, эл арасында урмат-сыйга арзыйт жана бул жол калгандар үчүн үлгү болот. Бирок, ар кандай үй-бүлө, династиянын да өз-өзүнөн ушундай статуска жетиши кыйын. Ал үчүн ушул династияга тиешелүү болгон бирөө анын өнүгүшү үчүн алгачкы ирет «жол ачат», башка бир мүчөсү, бул салтты мазмун жактан улантат.

Маселенин маанилүү жагы — династиянын абийирин сактап, бул ардактуу ишти уланта турган муундарды тарбиялап чыгарууда турат...



Руханият – инсанды рухий арууланyу, дилден улгаюуга, ички дүйнөсүн, эркин күчтүү, ыйман-ынанымын бүтүн кыла турган, абийирин ойгото турган теңдешсиз күч, бардык көз караштардын чени.

Руханияттын негизи жана маани-мазмунун белгилей турган негизги касиеттер — инсандын рухий арууланышы жана дилден өсүүсү саналат.

Турмушубузда адал жана таза жашоо сыяктуу жогорку сапаттардан таптакыр алыс болуп жашоочу, турмуштун маани-мазмунун өзүнчө түшүнө тургандар да бар. Алар өздөрүн башкалардан ар тараптуу жогору коюп, бакыт кушу башына конгондой сезишет. Мындай абалдарды күзөтсөң, дилиңде эч кандай экиленүү жана күмөн пайда болбосун. Анткени, ыйык китептерибиз жана баалуулуктарыбыз, улуу ойчул бабаларыбыздын мурасы бизди дайыма адал эмгек менен жашоого, эрдик, берешендик жана жөнөкөйлүккө чакырат.

Чынчылдык, адалдык, тырышчаактык, үмүт кылуу, үнөмчүлдүк, эмгекчилдик, жеке өрнөк сыяктуу жакшы сапаттарга ээ болуу, аларга дайыма амал кылып жашоо — жеткилең инсандын руханий байлыгын белгилеп бере турган негизги чен эсептелет. Бүгүнкү ургаалдуу заманда чыныгы руханияттуу жана билимдүү адам гана өз улуттук баалуулуктарын өнүктүрүү аркылуу улуттук өздүгүн терең таануу, эркин жана азат коомдо жашоо, Өзбекстандын дүйнөлүк коомчулукта татыктуу орун ээлеши үчүн берилгендигин көрсөтө алышы мүмкүн. Мамлекетибизде адал жашоону өзү үчүн турмуштук ынаным, жогорку максат деп билген мекендештерибиз көпчүлүктү түзөт. Дал ошондой адамдар жана алардын изги иштери себеп бул жарык дүйнөдө руханият дайыма туруктуу болуп келүүдө.

«Адамдар! Эң оболу изги адеп-ахлакка ээ болууга аракет кылгыла, анткени ахлак мыйзамдын негизи саналат».

***Пифагор***



1



2



3



4

Адамзаттын тарыхы руханиятсыз кишиде эч качан адамгерчилик, мээр-акыбет өңдүү сапаттар болбостугун тастыктайт.

Руханиятты түшүнүү, таануу үчүн оболу, инсанды түшүнүү керек. Руханият инсандын кан-жанына жылдар бою эне сүтү, үй-бүлө тарбиясы, аталар насааты, Мекен сезими, жашоонун ачуу-таттуу сабактары менен аз-аздан сиңип барат. Айрыкча, табиятка, адамдарга жакындык, дайыма жакшылыкты ойлоп жашоо, адал эмгектенүү, дүйнөнүн баалуулук жана сулуулуктарынан пайдалануу руханиятка азык берет, аны ого бетер күчөтөт.

Руханиятты өнүктүрүүдө негизги факторлор руханий мурас, маданий байлыктар, көөнө тарыхый эстеликтер эсептелет. Ошону менен бирге ислам дини, илимдин өнүгүшү жана анын адамдын руханиятын өнүктүрүүдөгү орду маанилүү эсептелет. Жеткилең

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Руханият кантип адамдын ички дүйнөсүн жана эркин күчтүү, ыйман-ынанымын бүтүн кылууда көрүнөт? Оюңду 1-, 2-, 3-сүрөттөр менен байланыштырып негизде.
2. 4-сүрөт сенде кандай ой ойготту? Мындай абалдын алдын алуу мүмкүн беле?
3. Бүгүнкү күндө руханиятка кандай кооптор бар?
4. Текстти оку жана андагы социалдык, экономикалык, маданий көз караштар түшүнүктөрү жөнүндө ой билдир.

*Руханият — инсандын социалдык-экономикалык жана маданий көз караштарын белгилеп берүүчү маанилүү каражат.*

персент тарбиясын айыл, үй-бүлө, таалим-тарбиянын шайкештигисиз элестетип болбойт. Дал ушулар инсан руханиятын өнүктүрүүдөгү негизги чен болуп саналат.

Биздин көөнө жана кооз өлкөбүз Чыгыш гана эмес, о.э. дүйнө цивилизациясы бешиктеринен бири эсептелет. Бул ыйык өлкөбүздө кандай улуу инсандар, окумуштуулар, саясатчы жана кол башчылар жетишип чыккан.

Алар жалпыадамзаттык цивилизация жана маданияттын үзгүлтүксүз бөлүгүнө айланып кеткен. Дүйнөлүк жана диний илимдерди, айрыкча, ислам дини менен байланыштуу билимдерди тарыхтагы эң жогорку баскычка көтөрүшкөн.

**Сабактан таалим.** Эрки күчтүү, ыйман-ынанымы бүтүн, арууу тилектүү инсан коомубуздун руханий дүйнөсүнүн гүл таажысы, жакшы инсандардын алдыңкысы болуп саналат.

> Ким руханий турмушта да практикалык турмуштагыдай билимге таянса, өнүгөт жана ийгиликтерге жетишет.
>
> **«Tafakkur gulshani»**

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. «Элдин эң улуу байлыгы» дегенде эмнелер көздө тутулат?
2. Ислам Каримовдун «Жогорку руханият — жеңилгис күч» китебинен руханиятка таандык түшүнүктөрдү окуп, тема менен байланыштыр.
3. Инсан руханиятынын ченеми эмнеде деп ойлойсуң?

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Баардыгына бирдей жагат. Ал ким?

2-§

# Инсандын руханияты жана өздүктү таануу


1


2


3


4


5


6

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Абдулла Авланийдин төмөндө берилген пикирин оку. Бул ойду өздүктү таануу, адамдын бакты, жеткилеңдик сыяктуу түшүнүктөр менен байланыштырып түшүндүр.

*«Инсан кымбат баалуу таш, эгерде жакшы тарбия алса, бузук кулк-мүнөздөрдөн сактанып, кооз ахлактарга көнүгүп чоңойсо, ар кимге жага турган бактылуу бир инсан болуп өсөт».*

2. «Инсан өздүгүн тааныган сайын анын руханияты да өсүп барат» дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Инсан коомдо жашоодон кандай руханий пайда табат? Анын бардык изги сапаттарын өлчөсө, чектесе болобу? Оюңду негизде.
4. 2, 3 жана 5-сүрөттөрдүн негизинде «адамзатты жакшылыкка жетелей турган керемет зат» түшүнүгүнө түшүндүрмө берип көр.
5. 1, 2, 4, 6-сүрөттөрдөгү кыз-жигиттердин мисалында «өздүктү таануу» түшүнүгүн баяндa.

Адамзат бул жарык ааламда негизинен беш нерсеге, б.а. «биз кимбиз», «кайдан келдик», «эмне менен алек болдук», «эмне таптык», «кайда барабыз» сыяктуу турмуштук суроолорго түрдүүчө жооп табууга аракет кылат. Инсан өздүгүн таанып барган сайын бул суроолордун жообун да таап бара берет.

Өздүктү таануу, бул үрп-адат, салт жана баалуулуктар аркылуу айланадагылар, социалдык-саясий жараяндарга болгон мамилени түшүнүү, таануу дегени. Өздүктү таануу үч даражада болот:

- ***биринчиси,*** *үй-бүлөдө жана анын чөйрөсүндө индивиддин жеке инсан даражасына карай калыптанып баруусу;*
- ***экинчиси,*** *мектеп жана белгилүү бир топтордо окуусу жана иштөөсү аркылуу башкалар менен катышта болуусу;*
- ***үчүнчүсү,*** *башкалар тарабынан жеке инсандын бааланышы, башкарылышы жана өзгөлөрдүн алдында барктальшында күзөтүлөт.*

Өздүктү таануу улуттук тааным жана ой жүгүртүүнүн туюнтулушу, муундар ортосундагы руханий байланыш тил аркылуу берилет.

Инсандын адамгерчилигин белгилөөчү маанилүү сапаттардан бири маданий-руханий сапаттарга ээ болуусу эсептелет.

Инсан коомдун гүл таажысы. Ал коомду абат кылышы же кыйратышы мүмкүн. Адамдын эмгеги ал өзү жашап турган табигый чөйрөнү өзгөртөт, материалдык жана руханий байлык жаратат, өзүн-өзү өркүндөтүп барат.

Адамзат тирүү турганда анын ниети жалаң гана улуу жана изги иштерге багытталган болсо, мындан эң

«Инсан өздүгүн таанып, ата тегин тереңирээк билген сайын жүрөгүндө Мекенге болгон сүйүү сезими тереңдеп, өсүп барат. Бул сезим канча терең болсо, туулуп өскөн журтка болгон сүйүү да ошончо күчтүү болот».

**Ислам Каримов**

«Ар бир улуттун бул дүйнөдө бар экенин көрсөтө турган күзгүсү тили жана адабияты болуп эсептелет. Улуттук тилди жоготуу улуттук рухту жоготуу дегени».

**Абдулла Авланий**



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Төмөнкү текстти оку. «Мекенди сүйүү» түшүнүгүн өз жашооң менен байланыштырып түшүндүр.

*Мекенди сүйүү — бул адамдын кемчилдиктерин жашырып, турмуштун кыйын кырдаалдарында жоопкерчиликти өз мойнуна алдыра турган жана каармандыкка жетелей турган кудуреттүү күч.*

Адамдарга карата аларды бириктирүүчү баштапкы негиз адамгерчилик, ошон үчүн да адамдар инсаният түркүмүнө киргендиктен өз ара ынтымакта жашоолору керек.

**Абу Наср Фарабий**

«Бул дүйнөдө адамдардын түйшүгүн ойлоп жашоо – адамгерчиликтин эң улуу чени саналат»

**Шавкат Мирзиёев**

биринчи орунда үй-бүлөсүнө жана жакын инсандарына пайда жетет, өзү болсо акыл-ою өнүгүп, түгөл даражага жетишип барат. Анткени, жетилең инсандын акыл-кыялы жалаң гана жаратуучулук жана кең пейилдүүлүк кылат, көзү жакшылыктарды гана көрөт, кулагы үлгүлүү гана сөздөрдү угууга кунттуу болот.

Инсандын өздүгүн таануу коомдогу объективдүү шарттарга жана субъективдүү факторлорго негизделет. Бул жараян коом мүчөлөрүнүн өз ара мамилелеринде, алардын турмуштук тажрыйбаларында өөрчүп, өнүгүп жаткан баалуулуктар системасы катары күндөлүк турмушта маанилүү орун ээлейт.

Билим – таалим-тарбиянын башаты, бактылуу жашоонун негизи саналат. Адамгерчиликти даңазалоочу баалуулук, сырлар океанындагы дүйнөнүн маңызынан кабардар кылуучу баа жеткис казына. Ар бир инсан адепти үйрөнүшү, бардык зарыл өнөр-кесип жана билимдерди өздөштүрүп, тажрыйбасын арттырып барышы керек. Өмүр деп аталган турмуш жолунда учурай турган түдүү кыйынчылык жана көйгөйлөрдү чечүүдө өздөштүргөн билим, көнүкмө жана тажрыйбалары ага дайыма керек болот.

Демек, адамзат эмнеге аракет кылса да – мейли ал жакшылык же жамандык болсун, оболу, аны өз пайдасы үчүн жасайт. Билим алуу, пайдалуу кесип үйрөнүүдөн башка түйшүгү болбогон аруу жаштыгын,



## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Адамдын өздүгүн таануусунда илимдин орду кандай?
2. Төмөнкү текстти оку: Гегелдин билүү жана өздүктү таануу жөнүндөгү оюн тема менен байланыштырып түшүндүр.

*«Билүүнүн чындыгы өзүн таанууда, ал эми өздүгүн таануу болсо билүүнүн негизи саналат. Анткени башка предметти ар кандай билүүнүн өзү-өзүн таанууда турат. Менин билишимче, предмет меники (ал менин элестетүүм), ошон үчүн аны билгенимде өзүмдү таанып билем».*

жөндөмүн жана акылын жарабаган жана пайдасыз иштерге сарптоо – ар бир адам үчүн өзүн-өзү кечире албай турган жаңылыштык.

Илимсиздик адамдын дилин үмүтсүздүккө, эртеңки күнгө ишенимсиздикке жетелей турган караңгылыктын баткагы. Бул баткакка баткан инсан өздүгүн жоготот.

**Сабактан таалим.** Инсан дүйнө маңызынын бермети, маанилер казынасы, аруу дил жана назик мүнөз ээси, адамзатты изгиликке жетелей турган укмуштуудай жан. Бул кайталангыс жан бир эле маалда бүткүл жашоону гүлдөгөн бакка айландыруу, байгер турмушту куруу жана ошону менен эле бирге, ааламды согуш алааматтарына чулгоо кудуретине ээ. Адамзаттын бүтүндөй маани-маңызы да дал мына ушул дүйнөнүн мазмунун таанууда эмеспи?

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Өздүктү таанууда тарыхый эскерүү, илимдин орду кандай мааниге ээ?
2. Адам эмне үчүн өздүгүн таанышы керек?
3. Өздүктү таануу менен адам руханиятынын ортосунда кандай байланыш бар?
4. Төмөнкү учкул ойлорду оку, алардын маани-мазмунун өздүктү таануу түшүнүгү менен байланыштырып көр:

*а) «Өзүңдү мажбурлабасаң, эч нерсеге жетишпейсиң»; б) «Китеп өткөн замандан да, келечектен да кабар берет»; в) «Бирөөнү сындоо оңой, эр болсоң өзүңдү-өзүң сында».*

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Ар кимдин да колунан келе бербейт. Алар эмнелер?

## ТАРЫХКА НАЗАР

«5 жашында сабаты чыккан, 10 жашында арифметика, алгебра, логиканы үйрөнгөн улуу ойчул Абу Али Ибн Сина өзү жөнүндө мындай маалыматтарды калтырган. «Эртеликеч мен илимден башка иш менен алектенбедим. Түндө алдыма шам коюп окуп, жаздым. Катуу уйку басып, уктап жатканымда да күндүзү баш катырган маселелерди ойлогом. Көбүнчө чечүү талап кылынган маселелерди мен уйкуда чечтим. Баардык илимдерди терең өздөштүргөнгө чейин ушундай калыпта жашадым».

**Хамдам Садыков, «Rasmlarda tarixiy lavhalar»**

## 3-§ Үй-бүлө руханияты







### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Сүрөттөрдөн пайдаланып үй-бүлө руханияты жөнүндө өз түшүнүгүңдү айт.
2. Үй-бүлөнүн ыйыктыгы эмне менен өлчөнөт?
3. Үй-бүлөңдү мүнөздөгөндө, «Үй-бүлө – Мекен ичиндеги Мекен», деп айтылат. Бул пикирге кошуласыңбы? Жообуңду негизде.
4. Абдулла Кадырийдин «O‘tkan kunlar» романынан үй-бүлөлүк баалуулуктар чагылдырылган кандай тексттерди окугансың?

Үй-бүлө — Мекендин символу. Анткени, үй-бүлө жана мекен түшүнүктөрү өз ара тыгыз байланышкан. Мекен сезими үй-бүлөдөн, эне боорунан башталат. Үй-бүлө болсо коомдун социалдык-руханий мууну болуп эсептелет.

Үй-бүлөдөгү чөйрө адамдын өзүнө мүнөздүү руханияты, көз карашы, ой жүгүртүү жана ынанымынын калыптануусунда, өсүүсүндө өзгөчө мааниге ээ. Адамдын дили жана аң-сезиминде эң аруу, тунук сезимдери, алгачкы турмуштук түшүнүк жана элестетүүлөрү, дал ушул үй-бүлө боорунда калыптанат.

Элибизде адамдын кандай экендиги, анын өзүн тутушу, тарбиясы, пейили үй-бүлөсүнө болгон мамилеси менен бааланат. Бул анын коомдо өз ордун табуусунда өзгөчө мааниге ээ.

Үй-бүлөдө ушундай жазылбаган мыйзам-эрежелер бар. Алар нечен кылымдар бою укумдан-тукумга өтүп

бышып келе жатат. Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызааттоо, келечек муундарга камкордук кылуу дайыма үй-бүлөнүн негизги эрежелеринен болуп келген.

Бул ыйык жерде перзент төрөлүп гана калбастан, о.э. руханий жана ахлактык кооз тарбиянын ээси болгон инсан жетишип чыгат. Үй-бүлө урпактар өсүп-өркүндөй турган турак эсептелет. Ата-бабаларыбыз эзелтеден үй-бүлө бекемдиги, саламат урпактын жаралышына өзгөчө көңүл бурушкан. Мындай идеялар урпактардын жан-дилине жана рухуна сиңдирип барылган.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн арасында өз ара урмат-сый, кең пейилдик жана мээримдин күчү саламат чөйрө жаратат. Анткени, саламат тарбия себеп үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда өз ара биримдик, пикирлердин шайкештиги, максаттардын жалпылыгы пайда болот.

Перзент тарбиясы! Бул сөздө канчалык жеткилең, сыноого толо, инсандык карым-катыштар камтылган.

### ТАРЫХКА НАЗАР

Темурий канзадалардын тарбиясына негизинен алардын энелери жооптуу болушкан. Сараймүлкханым Шахрух Мырза, сүйүктүү неберелери Мухаммадсултан Мырза, Халилсултан Мырза жана Улукбек Мырзалардын тарбиясы менен алектенген.

### ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Берилген текстти оку: Тексттеги «кут-береке, өрнөк, тарбия, төгүн-чачындык, кубаныч-шаттык» түшүнүктөрүнө өз оюңду билдир.
2. «Перзент кооз тарбиянын мураскору» дегенде эмнени түшүндүң? Сен бул маселеде кандай мураска ээсиң?

## ЫНТЫМАКТУУ ҮЙ-БҮЛӨ — КООМДУН ТАЯНЫЧЫ




Үй-бүлөдө ата – кут-береке, өрнөктүн символу, эне – мээрим-сүйүү, тарбиянын булагы, перзент болсо, кооз тарбиянын мураскору саналат. Дал ушундай үй-бүлөдө төгүн-чачындык, кубаныч-шаттык, өз ара урмат жана ынтымак камтылган. Мындай чөйрөдө чоңойгон перзенттен баары пайда көрөт. Мындай үй-бүлөлөрдүн өсүүсү акыр-аягы коомдун өнүгүүсүнө татыктуу салым кошот.







Жакшы перзент – ата-эненин баалуу мүлкү, дил бермети, касиеттүү сыры жана улуу жаратмандыгы саналат. Анын жеткилеңдигинен ата-эненин көңүлү жаркыйт, өмүрү жыргалга толот. Бул даражага жетишкендер урмат-сый таажысын киет, дүйнө даанышмандарына айланат. Тескеринче, безер перзенттин жосунсуз жоруктарынан ата-эненин башы ийилет, дили эзилет, тарбияда жол койгон катасынын айынан бушаймандык дартына туш болот.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Берилген сүрөттөрдө үй-бүлөгө таандык болгон кандай баалуулуктар сүрөттөлгөн?
2. Сенин үй-бүлөңдө ушул баалуулуктардын кайсылары бар?
3. Ушул аңгемеде кандай баалуулуктар айтылган? Бул баалуулуктардын калыптануу мекени каерде?

## «ЧОҢ ЭНЕНИН ЯПОН НЕБЕРЕСИ»

«... Ай-ай, кагылайын, тийбе, тийбе жаңгакка! — Ошентип ылдам келди да, колумдагы жаңгактарды алып, жапыз дубалдан ашыра, коңшу үйгө ыргыта баштады.

Кийин жалбырактардын арасында жаткан башка жаңгактарды да эңкейип тергенче, дубалдан нары таштады. Чоң эненин мындай «сараңдыгына» таң калып туруп калдым. Төгүлгөн жаңгактар калбаганына ынангандан соң, колумдан жетелейт. «Жүр, жүрөгой, айланайын, сага башка жаңгак берем!». Ошентип, жапыз бастырмага алып кирди да, корзинкадагы жаңгактардан уучтап алып, топумду толтуруп берди...»

**Өткүр Хашимов, «Daftar hoshiyasidagi bitiklar»**

Чынында да, инсандын бактысыздыгы, анын тарбиясыздыгында. Тарбиясыз инсанда руханий өнүгүү болбойт, ой-пикир даражасы өспөйт. Анда мекенге, үй-бүлөгө чыккынчылыкка жөндөмдүк сезими калыптанып барат. Мындай адам маңыз-маанисинде «жыланач» болуп, дал ушул кооз адеп, үлгүлүү ахлакка негизделген таалим-тарбия аны «кийинтет», кооздойт, руханий жеткилеңдикке карай жетелейт.

Кайсы жерде үй-бүлөнүн көз карандысыздыгы күчтүү тартип жана тарбияга таянса, мамлекет жана улут да ошондой күчтүү жана туруктуу болот. Дүйнөдө болуп жаткан окуялар ар кандай өзгөрүүлөр, мейли ал экономикада, руханий-саясий чөйрөдө болсун, өз таасирин биринчи болуп үй-бүлө чөйрөсүндө көрсөтөт.

Ар бир улуттун бак-таалайы жана өркүндөөсү, албетте, ошол элдин ички тартиби жана ынтымагына түздөн-түз байланыштуу. Ал эми тынчтык, ынтымактуулук болсо, ошол улут үй-бүлөлөрүнүн тартибине таянат.

Өзбекстанда үй-бүлө мамлекеттин коргоосунда. Андыктан, үй-бүлөгө дайыма камкордук кылуу, ага ар тараптуу материалдык жана руханий көмөк көрсөтүү инсанды жактоочу демократиялык укуктук мамлекеттин маанилүү милдеттеринен саналат.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясында «Үй-бүлө» деп аталган XIV бөлүмүнүн 63, 64, 65, 66-статьяларында үй-бүлө коомдун негизи, өзөгү экени, ата-эненин бала тарбиясындагы жоопкерчилиги, ата-эне картайганда, аларга материалдык жана руханий жактан камкордук кылуу ар бир перзенттин милдети экендиги кепилденип коюлган.

**Сабактан таалим.** Ата-эне менен перзенттин мамилелериндеги негизги максат төмөнкүдөй болушу керек. Ата-эненин статусу – перзеттин жеткилең инсан



**БИЛИП АЛ**

Дүйнөдө жыл сайын 15-май «Эл аралык үй-бүлө күнү» катары майрамдалат. Өлкөбүздө 1998-жыл – «Үй-бүлө жылы» деп аталган. 2012-жыл «Бекем үй-бүлө жылы» деп жарыяланды.

«Эгер бир өлкө тургундары ахлаксыздык жана маданиятсыздык менен үй-бүлөлүк мамилелерди начарлатып жиберсе жана тартипсиздикке жол берсе, анда бул улуттун бак-таалайы жана жашоосу шек астында калат».

**Абдурауф Фитрат**

катары калыптануусуна, коомдо татыктуу орун ээлөөсүнө кызмат кылат. Перзентин коомдо туткан орду — ата-энесинин абийиринин дагы да өсүүсүнө себеп болот. Ошондуктан ата-энени үлгү эталону деш керек.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

*Күндөрдүн биринде мен бир досумдун үйүнө конокко бардым. Жамгыр нөшөрлөп жаап жаткан эле. Суу түшүүчү куурга жалбырак толгонбу же башка себептенби, үйдүн тамына түшүп жаткан жамгыр чачырап, айлананы суу кылып жиберди. Муну көргөн досум дароо уулун чакырып, куурду оңдоп коюуну буюрду. Бирок досумдун уулу атасынын сөзүн угуп, кайра үйгө кирип кетти. Бул жагдайды көргөн досум, мага жүр, бир аз сыртка чыгалы деди. Биз сыртка чыгаарыбыз менен досумдун уулу дароо тамга чыгып, куурду оңдоп түштү.*

1. Ушул аңгемеден кандай жыйынтык чыгаруу мүмкүн? Үй ээсинин уулу атасынын сөзүн эки кылдыбы? Ал үчүн анда кандай себептер бар эле? «Адамзат үчүн бир өмүр зарыл боло турган табигый көнүкмөлөр жана касиеттер, үй-бүлөдө ала турган тарбиясына үзгүлтүксүз байланыштуу» деген пикир менен байланыштырып түшүндүр.
2. «Бүгүнкү күндө дүйнөнүн айрым аймактарында улуттун көп кылымдык баалуулуктары, улуттук ой таанымы жана жашоо мүнөзү изден чыгып жатканы, адеп-ахлак, үй-бүлө жана коомдун турмушу коркунуч астында калып жатканын байкоо мүмкүн», деген пикирге өз оюңду билдир.
3. Ыйбаа дегенде эмнени түшүнөсүң? Үй-бүлөдө ата-эне, ага-ини, эже-сиңдинин мамилелери кандай калыптанат?
4. Үй-бүлөнүн мамлекет коргоосунда экенин көрсөткөн мыйзамдарды жана мыйзам асты документтерди тап жана пикириңди билдир.
5. Төмөнкү берилген сүйлөмдү түшүрүп калтырылган сөздөр менен толтуруп толуктап оку.

*Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосунда өз ара ..., мээр-акыбет жана ... факторлору саламат чөйрөнү жаратат.*

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Дары, бирок пайдасыз. Ал ким?

# 4-§ Коомдун руханиятынын калыптануусунда мааленин орду

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

- Кошуна короодо маараке болуп калды. Коңшулар дароо чыгып, короо жана көчөлөрдү тазалап, адамдардын келишине жай даярдай башташты. Кимдир бирөө үйүнөн төшөк алып чыкса, башкалары стол-стул ташуу менен убара эле. Кудум алдын ала даярдалган программадай, баары өз ишин билип эле жасап жатышты.
- Кошуна кызга жуучу келди. Кыздын апасы үйдө болбогондуктан, кошунасы мындан кабар таап, дароо чыгып дасторкон жайды жана жуучуларды күтүп алды.
- Маале аксакалдары жыйынынан кайтып жаткан карыялар көчө башындагы наабайдан кызарып бышкан төрт нанды алып, бир нече аптадан бери сыркоолоп, үйүнөн чыга албай жаткан Самаридин атанын абалынан кабар алуу үчүн анын үйүнө кириштi.

1. Айтып өтүлгөн аңгемелерде кандай баалуулуктар бар? Бул баалулуктарды ким ойлоп тапкан?
2. Сенин да мааленде ушундай салттар барбы? Берилген сүрөттөр аркылуу пикириңди баянда.
3. Сен да мааледеги ашарларда катышасыңбы? Ага сени эмне мажбур кылат?
4. Эмне себептен маалеге «баалуулуктар бешиги» деп аныктама беришкендиги жөнүндө өз оюңду айт.



Миң жылдар бою Борбордук Азия аймагы ар түрдүү диндер, маданияттар жана жашоо мүнөздөрү кездешкен жана тынч-ынтымакта жашаган борбор болуп келген. Бул мезгилде адамдардын ортосундагы мамилелердин натыйжасында сабырдуулук, кең пейилдүүлүк, мээрим-сүйүү, адал жашоо сыяктуу баалуулуктар калыптанды.

Мекенибиз тарыхы күбөлүк бергендей, элибиз үчүн жамаа болуп жашоонун сыналган көрүнүшү бул маале болот. Маале райондор ичиндеги кичи аймактык бирдик болуп, өтмүштөн мурас болуп келүүдө.

Белгилүү бир мааледе жашоочу адамдар коңшучулук мамилелери менен гана эмес, ички тартип-эрежелер, үрп-адаттар, каада-салттар, жалпы кызыкчылык жана милдеттер менен да байланышкан. Маале турмушунун жамаа болуп жашоо мүнөзү жамааттык негизде иш жүргүзө турган өзүн-өзү башкаруу системасын келтирип чыгарды. Маалеге анын аймагында жашай турган тургундар тарабынан шайлап коюла турган аксакал башчылык кылган.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Өзбекстан Республикасынын Конституциясынан маалеге тиешелүү статьяларды тап. Мааленин жашообуздагы ордун түшүндүрүп бер.
2. Өзүңдү мааледен сыртта элестете аласыңбы? Пикириңди негиздеп бер.

*Анвар мектептен келе жаткан эле. Көчөсүнүн башына жеткенде анын мурдуна газдын жыты келди. Газдын жытынан бат эле башы айланды. Ошол жерден тез өтүп кетти да, үйүнө барып чоң атасына бул жөнүндө айтты. Чоң атасы болсо, кана, кайдан мындай жыт келип жатат, деп аны көчө башына баштап кетти. Алар окуя жайына жетип келишти. Чоң атасы тезинен 104 номерине чалып, окуя жөнүндө кабар берди. Чынында эле газ кууру өткөн жерден газ чыгып жаткан экен. Адистер дароо келип куурду оңдошту.*

3. Газ кууру алардын үйү алдынан эмес, көчөнүн ары жагынан өткөн жана аларга зыяны жок эле го. Анвардын чоң атасы эмне үчүн кабатырга түштү? Бул окуяны Анвар жана анын чоң атасына кандай тиешеси бар?
4. Мааленин тургундарын эмне бириктирет?

Маале руханий баалуулуктардын дагы бир кудуретинин булагы, салттуу үй-бүлө жана туугандык мамилелердин адеби калыптанган аймак болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө өнүккөн мамлекеттерде бул окуя жарандык коомунун маанилүү институту катары эсептелет.

Ага мамлекетибиздеги маалелер айкын мисал боло алат. «Мааледе дуу-дуу сөз» фильминин аталышы, «Сүйүнчү» кинофильминдеги сахналарды эстесек, мында мааледеги баалуулуктар айкын көрүнгөнүн байкашыбыз мүмкүн. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары – түздөн-түз жарандар тарабынан шайлана турган органдары эсептелет. Жарандар жыйыны төрагасын (аксакалын) жана анын кеңешчилерин шайлоо мамлекетибиз турмушунда өзгөчө маанилүү орун ээлейт. Бул шайлоо демократизм, ачыктык жана тең шайлоо укугу негизинде өткөрүлөт. Маале өз алдынча уюм катары кайра бекемделет жана алардын көпчүлүгү өзүнүн байыркы аттарын жана эл арасындагы беделин кайра чыңдап алды.

Биздин маалелерде багуучусун жоготкон карыя же бейтап болуп жаткан кишинин кароосуз калуусу мүмкүн эместиги да жогорку инсандык баалуулуктардан бири саналат. Бул мисалдар коомубузда көп кырдуу негизге ээ болгон

### БИЛИП АЛ

«Маале» арабча сөздөн келип чыккан болуп, «шаар ичиндеги шаар» деген маанини билдирет.

2017-жылы 13-июлда Өзбекстан Республикасынын Президентинин Токтому менен «Маале сыймыгы» төш белгиси жарыяланды.

## ТАРЫХКА НАЗАР

Тарыхчы аалым Наршахий «Бухара тарыхы» чыгармасында мындан 1100 жыл мурда маале элдин башкаруу усулу экенин жазган эле. Байыртадан маале социалдык гана эмес, о.э. административдик-аймактык түзүлүш катары да таанылган. Алишер Навайнин «Hayrat ul-abror» («Жакшы кишилердин таң калуусу») чыгармасында төмөнкү кош сап учурайт:

*«Shaharlar otini mahalot etib, Bo'ldi chu yuz shahar Hiri ot tib»*

Мааленин «Шаар ичиндеги шаар» деген мазмуну жогорудагы окшоштуруудан байкалып турат. Орто кылымдарда Гири деп аталган Герат шаары жүз даана кичине «шаарча» – маалелерден түзүлгөн экен.

мыйзам ченемдүүлүк болуп, анын негизинде кишилер ашар уюштурат, мааледеги жалпы иш-чаралар чогуу өкөрүлөт. Эң маанилүү социалдык окуялардын бири болгон көмүү иш-чарасын талдоо аркылуу инсандардын өз ара мамилелерине андан да тагыраак баа берүү мүмкүн. Мындай маалда маале ушунчалык тыгыздашкандыктан, ар бир иш жамаа мүчөлөрү тарабынан толук жана түгөл түрдө аткарылат.

Маале – элибиздин жашоо мүнөзү, рухий-руханий керектөөлөрүнөн келип чыгып, идеологиялык аң-сезими жана ойлоосу, инсандардын өз ара байланыштары, үй-бүлөлүк мамилелерди калыптандыруучу кошуначылык, куда-сөөктүк сыяктуу маселелерди чечүүчү уюм.

**Сабактан таалим.** Маале бүгүнкү күндө руханий-тарбиялык иштерин аткарып, коом жана мамлекеттин демократиялык өркүндөшүнө өз салымын кошууда.

Өзбектин той-мерекеси улут тандабайт. Уюштурулган майрам иш-чараларында ар түрдүү улут өкүлдөрү желкеме-желке туруп бири-бирине жардам колун созуп, жакшы-жаман күндөрдө бирге болушат. Мааледе күчтүү таасирге ээ болгон коомдук пикир маале тургундарынын мүнөзүн, өз ара мамилелерин адилеттик жана руханий критерийлердин негизинде тартипке салып турат.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Эмне үчүн «Үй-бүлө, маале, билим мекемеси шериктештиги» концепциясында маалеге өзгөчө басым жасалган деп ойлойсуң?
2. Аскердик кесип ээси болууну каалаган адамдарга документ тапшыруу үчүн эмне себептен мааледен сунуштама алуу талап кылынат? Оюңду негиздөөгө аракет жаса.
3. Эмне үчүн жуучу түшүүдөн мурда кыз же жигиттин мүнөзү мааледен сүрүштүрүлөт?
4. «Өз үйүңдү өзүң сакта», «Маале – мекен ичиндеги мекен» ураандарынын коомдун коопсуздугун камсыздоодогу орду кандай?
5. «Бир перзенттин тарбиясы үчүн жети маале жооптуу» деген учкул сөздү чечмеле.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Сен жөнүндө, сенсиз сүйлөшөт. Алар эмнелер?

# 5-§ Инсан жана коом

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Сен «инсан», «коом» дегенде эмнени түшүнөсүң? Өзүңдү коомдун мүчөсү деп эсептейсиңби?
2. Сүрөттөрдөгү бардык адамдарды бириктирип, «коом» деген сөзгө кыскача аныктама бер.
3. Коом качан пайда болгон деп ойлойсуң? Коомдун тарыхы менен кызыккансыңбы?



Инсан (арабча унутуучу) – ааламдагы башка биологиялык жандыктардан айырмаланып туруучу маанилүү касиеттерге, б.а. акыл, руханият, маданият, ахлак, ой жүгүртүү, тил жана башка сапаттарга ээ болгон социалдык жандык саналат.

Адамдын өзүнө мүнөздүү болгон негизги касиеттери, бул — анын адеп-ахлагы, таалим-тарбиясы, журтуна болгон сүйүүсү, анын тынчтыгы жана өнүгүүсү жолундагы жеке жоопкерчилиги болот.

Адамзат муунуна мүнөздүү болгон касиет — анын аң-сезимдүүлүгү, ойлой алуусу, ахлактык нормаларды акылы жана өз күчү менен аткара алуусу. Башка жандуу заттардан эч бири инсандай өз ишин тартипке сала албайт. Инсан коомдо эркин ишмердүүлүк жүргүзүүчү тирүү жан.

Коом адамдардын өз ара мамилелери, байланыштары ишке ашырыла турган топтордун жыйындысы жана жамаасы саналат. Ошондой эле, ал адамдардын социалдык жашоосунда орчундуу болгон, жогорку даражада калыптанган шайкеш мекен болуп эсептелет.



«Инсан өз жеке талаптары боюнча башкалардан бөлүнгөн түрдө жашай албайт, анткени ал адамзаттын башка өкүлдөрү менен байланышта гана аларды канааттандыра алышы мүмкүн. Жамаа мүчөлөрүнүн баары үчүн милдеттүү-укуктук мыйзамдар зарыл болот. Жамаанын бардык мүчөлөрү эмгек менен алектенүүлөрү зарыл».

***Абу Али ибн Сина***









Ар кандай жамаа да коом боло бербейт. Бирок, каалагандай коом жамаа болуп эсептелет. Инсан коомдун мүчөсү болсо, ушул социалдык шарт-жагдай чөйрөсүндө жашайт. Демек, инсан менен коом өз ара байланышкан болот: инсан коомдон сыртта өзүнүн чыныгы маңызын жоготот.

Коомдогу мамилелер канчалык бай, ар түрдүү болсо, анын руханий-маданий касиеттери да ошончо бекем болот. Коом акырындан өнүгүп, жарандык коомуна айланат.

Инсандардын бул коомдо жашоосунан максаты — жыргал жашоодон турат. Мекенибизден жетишип чыккан энциклопедист окумуштуулар Абу Наср Фарабий, Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина, Алишер На-



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Ушул сүрөттөрдө берилген жарандардын коом менен кандай байланышы бар? Коомдун активдүү мүчөсү болуу үчүн кандай сапаттарга ээ болуу керек?
2. Сен келечекте кандай кесипти ээлемекчисиң? Ошол кесип сенин коомдун толук мүчөсү болушуңа канчалык байланышы бар?
3. Активдүү жаран деп кандай адамдарды айтабыз?

ваий сыяктуу улуу ойчулдар коомдун пайда болушу, маңызы жана келечеги жөнүндө алдыңкы илимий көз караштарын илгери сүрүшкөн. Атап айтканда, Алишер Наваийнин чыгармачылыгында дүйнөдөгү эң чоң байлык азирети инсан деп айтылган.

Анын оюнча бүткүл табият, бар дүйнө адам үчүн, анын бак-таалайы үчүн кызмат кылышы керек. Бабабыздын бул пикири азыр да актуалдуу эсептелет.

Өзбекстанда коомдун өнүгүүсүнүн негизги милдеттеринен бири, бул адамдардын, айрыкча, жаш муундун руханий дүйнөсүн калыптандыруу жана байытуу, аларды улуттук идеянын негизинде тарбиялоо, элибиздин маданий жана руханий мурасы жана баалуулуктарын ээлөөсү үчүн зарыл болгон шарттарды жаратуу болуп эсептелет.



**БИЛИП АЛ**

Коом – белгилүү бир аймакта жашоочу, өз зарылчылыгы жана кызыкчылыгы жолунда бириккен адамдардан түзүлгөн жамаа.



## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

*Бузругмехрден сурашыптыр:*

*— Сен бир мезгилдер Сасанийлер мамлекетинин акылман вазири болгонсуң. Азыр да сенден чынчыл жана акылман адамды таап болбойт. Айтчы, Сасанийлер мамлекети неге бүлгүнгө учурады?*

*— Анын себептери: биринчиден, падышалар өз айланасынан акылман жана даанышман адамдарды алыстатып, мамлекет иштерин сабатсыз жана жөндөмсүз адамдарга тапшырып коюшту. Экинчиден, алар өз жыргалчылыгын элдин жыргалчылыгынан жогору коюшту. Элди ойлошподу, адилетсиздиктерди күчөтүштү. Мунун натыйжасында эл падышаны колдободу, башаламан болгон мамлекетти болсо жоо оңой эле басып алды.*

***«Кенч ойлор»***

1. Акылдуу инсандар дегенде кимдерди түшүнөсүң?
2. Мамлекет жана коомдун бекемдиги үчүн кандай факторлор зарыл деп эсептейсиң?
3. Илимдин өнүгүүсү коомдун жыргалчылыгына таасир этеби? Кандай коомдо илим-билим өнүгөт?

Достуктун чыныгы негизи теңдикте; достук эч качан ортого мансапты аралаштырбайт, дайыма теңдикти талап кылат.

**Этьен де ла Боэси**

**Сабактан таалим.** Инсандардын өз ара мээрими-сүйүүсү, сылыктыгы, достугу, кайрымдуулуктары себеп турмуш жакшыланат. Үй-бүлөдө, мааледе өз ара ынтымак орнойт. Коомдун өнүгүшү, өз кезегинде, адамдардын жалаң гана изги максаттар жолунда жашоолоруна түздөн-түз байланыштуу.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Алгачкы полеолит доорунда адамдар топ-топ болуп үңкүрлөрдө жашашкан, табияттагы даяр азыктарды — дарактардын мөмөлөрүн, өсүмдүк тамырларын казып жеп, жашашкан. Соңку полеолиттин аягында болгон түптөн өзгөрүүлөр алгачкы топтордун ордунда баштапкы топтук-уруулук режиминин пайда болушуна себеп болду. Туугандык байланыштар эне уруусу айланасында белгиленет, ал тарыхта матриархат деп аталды. Бир уруудан тараган адамдардын тобу чоң үнкүрдө же бир нече үйдөн турган жерде чогуу жашап, чогуу эмгектенишип, чакан бир мүлккө ээлик кылышкан.
   Көңүл бур. Бул адамдарды эмне бириктирген? Мындай чогуу жашоону жарандык коому деп аташ мүмкүнбү? Оюңду негизде.
2. Эмне үчүн жарандык коому адамзаттын өнүгүүсүнүн жемиши деп эсептелет?

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Укмуштуу укмуш. Ал ким?

6-§

# Жарандык коомунда адамдын ой жүгүртүүсү



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Ой жүгүртүү» дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Өзүңдү жакшы ой жүгүртүүчү адам деп баалайсыңбы?
3. Коомдун өнүгүүсүндө адамдын ой жүгүртүүсүнүн орду кандай?
4. Жогорудагы сүрөттөр менен жарандык коому түшүнүгүнүн ортосунда кандай байланыш бар?

Инсандын ой жүгүртүүсү, жашоо мүнөзү, руханий көз караштары өз-өзүнөн бош жерде калыптанып калбайт. Алардын пайда болушу жана өнүгүүсүндө так тарыхый, табигый жана социалдык факторлор негиз болот.

Ой жүгүртүү жараяны тек инсандын акылы менен эмес, дили жана сезими менен да тыгыз байланышта өтөт. Ойлоочунун ички дүйнөсү канчалык бай болсо, анын пикирлөө даражасы да, иш-аракети да ошого жараша болот. Андагы ойлор тил аркылуу баяндалат, башкалар түздөн-түз кабыл ала турган, туя турган формага кирет жана адамдардын өз ара пикир алмашуу ыкмасына айланат. Энциклопедист окумуштуулар адам ой жүгүртүү аркылуу таалим-тарбияны өнүктүрүүсү, өзүн жеткилендикке карай жетелөөнсүн баса белгилешкен. Анткени, ой жүгүртүү жана руханият өз ара байланыштуу жана бири-бирин толтурат.

Абу Наср Фарабий («Fozil odamlar shahri»), Абу Али ибн Сина («Tib qonunlari»), Газзалий («Kimyoi

saodat»), Алишер Наваий («Mahbub ul-qulub») адам ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө жалаң гана теориялык билим, тажырыйба аркылуу эле эмес, о.э. машыгуу аркылуу эс тутумду курчутуу, оозеки жана жазма кепти өстүрүп баруу зарылдыгын уктурушкан.

Инсандын акылы канчалык курч жана терең болбосун, ойлоо чөйрөсү тар жана төмөн болсо, бул акыл жана зейректик кыйратуучу күчкө айланат. Ушул мааниде, руханият инсандын ой жүгүртүүсүн, акыл-эсин, бардык ишмердүүлүгүн жылоолоп турат. Мында руханияттын орду үстөмдүк кылат. Руханияты бар жерде жалпы инсандык баалуулуктар гана адамдын акыл-эсин, күч-кудуретин жаратмандыкка карай багытташы мүмкүн. Ошондуктан да каерде сергектик жана камкордук, бийик акыл-эс жана ой тааным үстөмдүк кылса, ошол жерде руханият кудуреттүү күчкө айланат.

Мамлекетибизде жеткилең муунду тарбиялоо максатында билим берүү системасын реформалоо жолунда кең көлөмдүү жумуштар ишке ашырылууда. Анткени, эркин пикирге ээ болгон жеткилең инсандарды тарбиялоо жарандык коомун өнүктүрүүнүн өзөгүн түзөт.

Коомдун турмушундагы өзгөрүүлөр, оболу, инсандын ой-пикири аркылуу ишке ашырылат. Адамда кандай ой жүгүртүү таризи калыптанган болсо, ошого жараша

«Ар кандай ишти кылса адамзат, ой жүгүртүп, акыл калчап жасайт адамзат».

*Алишер Наваий*

**Ой жүгүртүү (Tafakkur)** – арабча «пикир» деген сөздөн алынган болуп, ойлоо, талкуулоо маанилерин билдирет.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

*Мектептен келаткан Бектемир зым карагайдын электр зымынын үзүлүп жатканын көрүп калды. Жөн эле өтүп кетмекчи болду. Бирок, бул жерден өтүшү мүмкүн болгон жаш балдар менен карыяларды көз алдына келтирип, кол телефонунан 1050 — авария кызматына телефон чалып, көйгөйдү айтты. Маселе тез эле чечилди.*

1. Бектемир көңүл бурбаганда, анын кесепети кандай болмок?
2. Сен бул жагдайда кандай жол туткан болот элең?
3. Ойлоп көрчү, бул окуя менен жарандык коому жана инсандын ой жүгүртүүсүнүн ортосунда кандай байланыш бар?

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Тексттеги башкаруу мөөнөтү, изги иштер, мамлекетти башкаруу сыяктуу түшүнүктөрдүн бүгүнкү күндөгү элдик башкаруу менен кандай окшош жактары бар?



«Алыс батыштагы калаалардан биринин тургундары жөнүндө мындай дешет: байлар жана жер ээлери ушул калааны кезеги менен башкарышат экен. Ал жерде өлкөнү башкаруу сарай адамдары жана жер ээлеринин ортосунда кезеги менен бири-бирине өтүп турчу экен. Кимге кезек келсе, ошол үч ай башкарчу экен. Мөөнөт бүтөөрү менен ар кайсы өкүмдар өзү өлкөнү башкаруу амалынан түшүп, ыраазычылык иретинде кайыр таратып, өз элинин арасына кайтат. Ал кудум кишенден бошонгондой сүйүнүп, өз иши менен алектенчү экен. Анткени, мамлекетти башкаруу өз жыргалчылыгын, тынчын жоготуу деген сөз. Мында ал ошол жердеги эзүүчүлөрдү эзилүүчүлөргө карата адилеттүү кылам деп арып-чарчоо дегенди билдирет. Бул болсо өзүн жана кол астындагыларды коргоо үчүн иш-чара даярдоо жолунда өз жанын кыйноо дегени».

**Абу Райхан Беруний**

анын бар дүйнөсү – жашоо мүнөзү жолго коюлат. Адамдын ой жүгүртүүсү – инсан руханиятынын курамдык бөлүгү деп аталышы да бекеринен эмес. Ой жүгүртүүсү жогору болгон адам коомдун гүл таажысы, бекем таянычы боло алат.

Жарандык коомун өнүктүрүүнүн маанилүү шарты да адамдардын аң-сезимин, руханиятын өзгөртүү жана өнүктүрүү – ой жүгүртүүсүн өстүрүүдөн турат. Ар кандай адам ой жүгүртүү жөндөмүнө ээ. Адамдын ой мерчеминин тереңдиги, тунуктугу, логикалуулугу, эркиндиги, өз алдынчалыгы, көркөмдүгү, чыгармачылдыгы ой жүгүртүүнүн сапаты жана ченемдери эсептелет. Адамдын ой жүгүртүүсүнүн дал мына ушул түрлөрү аркылуу дүйнөнү таанып билет, аны өзүнө мүнөздүү таризде сүрөттөйт, корутундулар чыгарат. Ой жүгүртүү таризинин өзгөрүшү жарандык коомун өнүктүрүүгө жол ачат. Ошону менен бирге, коомдун социалдык, саясий, маданий, руханий жашоосунда оң өзгөрүүлөрдү жасайт.

Демек, ушул коомдун активдүү жараны болгон ар бир инсан өз ой таанымын жогорулатуусу керек. Бул аркылуу өзүн гана эмес, о.э. улутун, мамлекетин дүйнөгө таанытып, теңдер менен тең болушуна алып келет.

«Ниетинди сакта, анткени ал бардык иштериңдин башталышы болуп эсептелет. Ар кимдин ниети изги болсо, анын иштери да жакшы болот».

**Абу Тураб Нахшабий**



## БИЛИП АЛ

Жарандык коому — жеткилең жарандардан, б.а. тыгыз байланышта болгон жана руханий-ахлактык, укуктук жана саясий маданиятка ээ болгон адамдардан турган коом болуп эсептелет.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жарандык коомунда адамдын руханияты кандай болот?
2. Адабият сабагында алган билимдериңе таянып, төмөнкү суроолорго жооп бер.
   - ➔ Алишер Наваийнин кайсы чыгармаларын окугансың?
   - ➔ Анын чыгармаларында мамлекеттин тынчтыгы, жыргалчылыгы менен байланышкан жарандык коомуна тиешелүү кандай идеялар алга сүрүлгөн?
   - ➔ Алишер Наваийнин «Коомдун негизин билимдүүлүк, сабаттуулук түзөт» деген пикирине өз оюңду билдир.
3. Эмне үчүн мамлекетибизде руханиятка чоң көңүл бурулууда? Коомдун турмушун, руханий жаңылануусун анык турмуштук мисалдар менен негиздеп бер.



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Кайрымдуу, жоомарт жана чыныгы дос. Ал эмне?



## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

Бир адам сууга кайырмак салып турган экен. Жанынан өтүп бараткан киши сурады: «Эй, дос! Балык кармадыңбы?» «Мен балык кармап эле эмес, о.э. бир маалдын өзүндө өткөн өмүрүмдү эсептеп жатамын, күндүн алтын нурларынан баар алып, суунун агышынан ыракаттанып жатам, ошону менен эле бирге азыр сени менен сүйлөшүп турам. Кыскасы, бир сөз менен айтканда, ой жүгүртүп жашап жатамын», деп жооп берген экен ал данышман...

**«Фарзандname»**

# 7-§ Материалдык жана руханий жашоо адамдын көркү



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Материалдык жана руханий турмуш дегенде эмнени түшүнөсүң? Бул сүрөттөр аркылуу пикириңди негизде.
2. «Руханий турмуш», «материалдык баалуулук», «Адал инсан» түшүнүктөрүн салыштырып, окшош жактарын айт.
3. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде материалдык жана руханий турмушту тең алып баруу үчүн кандай иштер аткарылууда?
4. Кандай ойлойсуң, материалдык турмуштун өзү менен гана жашоого болобу?

Инсандын күндөлүк жашоосу жана жумушунда материалдык жана руханий негиздер бири-бирине салыштырмалуу кандай орун тутушу, алардын кайсы бири үстөмдүү болушу жөнүндө ар түрдүү, ал эми кээде карама-каршы ой-пикир жана көз-караштар бар. Байыркы доор философторунан Сократ менен Платон, Епикур менен Демокрит, кытай даанышманы Конфуций жана башка даанышмандардын кээ бирлери бул жөнүндөгү теориялык көз караштарында рухий ааламды биринчи деп билсе, башкалары материалдык дүйнөнү негизги орунга коюшкан. Бул көөнө дүйнө, биз жашап жаткан турмуш жалгыз, бүтүндөй бир чындык болуп саналат. Инсандын ички дүйнөсү, ага бе-

рилген сапат жана касиеттерди аягына чейин таануу, түшүнүүнүн өзү өтө татаал бир маселе болсо да, аны таанууга далалат кылып көрөбүз.

Биз күндө үч же төрт жолу тамактанабыз. Мезгилге карап өзүбүзгө туура келүүчү кийимдерди киебиз. Ошондой эле, өзүбүзгө кызыктуу болгон фильмдерди, көрсөтүүлөрдү көрөбүз жана музыкаларды угабыз. Ошону менен бирге, үйдөбү, мектеп китепканасыдабы, өзүбүзгө кызык болгон кайсы бир көркөм чыгарманы окуй баштасак, китептеги каармандардын образына киребиз. Чыгармадагы окуяларга ой жүзүндө түшүп калып, китепти колубуздан койбойбуз. Атүгүл курсагыбыз ачканын да унутабыз, ач калганыбызды сезсек да, убакытты кызганып, китептен баш көтөрбөйбүз. Окуялардын өнүгүүсүн, аягы кантип бүтүшүн билүүгө ашыгабыз.

Мында материалдык жана руханий жараяндар өз ара шайкеш келүүдө. Экөө тең адамга керек. Инсан бул турмушта жашоо менен материалдык да, руханий да өзгөчөлүк жана белгилерди өзүндө камтыйт. Адам жашашы жана иштеши үчүн жеп-ичүү, кийинүү сыяктуу материалдык жана мазмундуу турмуш кечирүүсү үчүн руханий зарылдыктарга муктаж болот. Ошондуктан, ар эки өзгөчөлүккө бирдей маани бериши керек.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. 1-жана 3-сүрөттөрдүн негизинде материалдык турмуштун руханий жактары эмнеден турат деген суроого жооп берип көр.
2. Коомду кризиске алып келиши мүмкүн болгон жагдайлар боюнча негиздүү мисалдар келтир.

*Гүлназа маалесиндеги дүкөнгө кирип нерселер сатып алды, бирок уялып, алган буюмдарынын чегин сурабады.*

3. Гүлназа жарандык эрежелерине амал кылдыбы?
4. Анын бул аракети кандай көйгөйлөргө себеп болушу мүмкүн?
5. Сен дүкөндөн сатып алган буюмдарыңдын чегин сурайсыңбы? Эмне үчүн? Пикириңди негизде.

Материалдык жана руханий турмуштун шайкештиги – адамдын жана коомдун турмушунда материалдык жана руханий негиздердин бир-бирине салыштырмалуу төп келиши, өз ара байланыштуулугун туюнтат.

Материалдык жана руханий турмуш бири-бирин танбайт. Алар өз ара байланышып, бири-бирин толуктайт. Адам өмүрүндө өз үмүт-тилектерин ишке ашыруу, бак-таалайлуу өмүр сүрүү үчүн жашоосун ушул эки өлчөмгө байлайт.

Мамлекетибизде адамдардын жакшы жашоосу, коомдун активдүү мүчөсү болуусу үчүн материалдык жана руханий турмуш маселелерине өзгөчө көңүл бурулган. Анткени, коомдун материалдык жана руханий жашоосу кишилердин материалдык жана руханий зарылдыктары менен үзгүлтүксүз түрдө келип чыккан.

Коомдун турмушу материалдык жана руханий көрүнүшкө ээ. Коомдун социалдык өнүгүүгө жетишүсүндө руханиятка, атап айтканда, адамдын укуктарына урмат менен кароо керек. Бул руханияттын өндүрүш, экономикалык өсүү менен тыгыз байланышта экендигин көрсөтөт. Антпесе, коомдо руханий-ахлактык мамилелер кыйроого учурайт, адамдын абийири, кадыр-баркы тепселет.

Тарых күбө болгондой, өзүнүн менчик мүлкүнө ээ болгон адам жана мындай адамдардан турган жамаа өзүн жана үй-бүлөсүн багууга, ошону менен бирге, арттырган кирешеси эсебинен өз жакындарын жана муктаж адамдарга чын дилинен көмөк көрсөтүү, журтунун, улутунун тынчтыгын сактоо жана коргоого астейдил жан күйдүрүп эмгектенишет. Көрүнүп тургандай, материалдык жана руханий турмуш бири-бирин толуктайт, өз ара шайкештикте адамдардын изги сапаттарын ишке ашырууга үндөйт.

Бүгүн мамлекетибизде материалдык жана руханий турмуштун өз ара шайкеш түрдө өнүгүп баруусуна өзгөчө көңүл бурулууда. Айрыкча, экономикалык жана руханий жараяндардын өз ара шайкеш түрдө өнүктүрүлүшүнө жетишилип жатканы мамлекетибизде өкүм сүрүп жаткан саясий-социалдык, маданий-агартуучулуктун туруктуулугунун далили эсептелет. Руханий жана материалдык турмуштун бири-бирин танбай, тескерисинче өз ара колдоп келатканы үчүн да бүгүн жарандардын аң-сезими өзгөрүп, коом өнүгүп жатат.

Баарыбызга жакшы белгилүү болгондой, мекенчилдик ар бир мамлекет турмушунун руханий негизи эсептелет жана коомду ар тараптуу өнүктүрүү боюнча эң маанилүү багыттоочу күч катары көрүнөт.

**Шавкат Мирзиёев**

| Коом | |
|---|---|
| **Материалдык турмуш** | **Руханий турмуш** |
| Адамдардын жашашы, жеке инсан катары жеткилеңдикке жетиши үчүн зарыл болгон экономикалык шарт-жагдайлар; тамак-аш, кийим-кече, турак-жай, күйүүчү май, коммуникация каражаттары; материалдык баалуулуктарды өндүрүү, бөлүштүрүү, алмаштыруу жана пайдалануу; материалдык байлыктар, табигый запастар жана башкалар. | Ааламды түшүнүү, адам жана коом жөнүндөгү көз караштар, окуулар, идеялар, идеология, аң-сезимдин формалары, талим-тарбия, маалымат каражаттары, маданият, илим-билим. Көөнө тарыхый эстеликтер, сейрек кездешүүчү чыгармалар, материалдык эмес маданий мурас жана башкалар. |

«Акча изгиликти жаратпайт, тескерисинче, изгилик аркылуу адамдардын жеке турмушунда да, коомдо да акча жана башка байлыктарга ээ болушат».

**Сократ**

**Сабактан таалим:** Адамдын ишмердүүлүгүндө эки зарыл фактор – материалдык жана руханий дүйнө өз ара айкалышып, кош канатка айланган кезде адам, мамлекет жана коомдун жашоосунда өсүү-өзгөрүү, жогорулоо жараяндары жүрөт.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Эгер адам бай болгону менен билими болбосо, чогулткан көп байлыгы канчага жетиши мүмкүн?
2. Руханияттуу адамдын тапкан байлыгынан кимдер пайда көрөт?
3. Бир адам бай да, акылдуу да, данышман да, берешен да боло алабы?

*Байлык менен кедейлик эт менен тырмак сыяктуу... Болгону алар маал-маалы менен орун алмашып турушат. Ошондуктан, бай болгонуңда өтө кубанба – ал өткүнчү. Жокчулукта көп эле кайгырба, бул да убактылуу... Эгерде адам акылдуу болсо, ар бир жакшы-жаман окуя, кокустуктардан өзүнө керектүү корутунду чыгарып алат...*

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Сейрек кездешүүчү нерсе. Алар эмнелер?

# 8-§ Жарандык жоопкерчилик жана тиешелүүлүк

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Жарандык коомдун активдүү мүчөсү катары биздин кандай тиешебиз бар?
2. Биздин жоопкерчилигибиз эмнелерден турат?
3. Тиешелүүлүк деген эмне? Ал качан пайда болот? Бурч, милдет жана тиешелүүлүк бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?
4. Жарандык тиешелүүлүк, жарандык жоопкерчилик түшүнүктөрү менен ушул сүрөттөрдүн ортосунда кандай байланыш бар?
5. 1, 4- жана 5-сүрөттөрдө көрсөтүлгөн адамдардын ортосунда кандай тиешелүүлүк бар?
6. 2, 3- жана 6-сүрөттөрдө көрсөтүлгөн адамдардын 1-сүрөттө көрсөтүлгөн адамдардын алдындагы милдеттери жана жоопкерчилигин эсепке алып, алардын ортосундагы тиешелүүлүк мамилелерин түшүндүр.


1


2


3


4


5


6

Ишкер шербет иштеп чыгарат. Ал жоопкерчиликти сезген түрдө адамдардын ден соолугуна зыян тийгизбей турган, эң жакшы азыктардан пайдаланат. Адамдардын ден соолугун ойлоп, бардык санитардык-гигиеналык жана башка тартип-эрежелерди сактайт. Жарамдуулук мөөнөтүн коёт. Албетте, бул маселелерди текшерүүчү мамлекеттик уюмдар да бар, бирок ишкер өзүнүн коом алдындагы



### БИЛИП АЛ

Кайсы жерде жарандар коом алдындагы жоопкерчилик жана милдетин сезсе, ошол жерде тиешелүүлүк жана активдүү жарандык позициясы күчтүү болот.

жоопкерчилигин сезген түрдө өз ишине чын жүрөктөн, нысап менен мамаиле жасайт.

Жарандык жоопкерчилик — коомдун ахлактык талаптарын күндөлүк ишинде колдоно билүү, аларга моюн сунуу же амал кылбастык түшүнүлөт. Бул түшүнүк жарандардын укук жана милдеттеринин өз ара шайкештигин билдирет.

Адам өз бурчун түшүнгөн сайын анын жоопкерчилик сезими артып барат. Качан адам үй-бүлөсүнүн алдындагы милдетин сезсе, ал коомдун алдындагы жоопкерчилигин да түшүнөт. Качан адам коом алдындагы милдетин түшүнсө, анда жеке тиешелүүлүк сезими да пайда болот.

Жарандык тиешелүүлүк — кандайдыр бир ишмердүүлүккө, жараянга тиешелүүлүк, шериктик. Ар бир жаран Мекендин тагдырына жеке тиешелүүлүк се-



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

*«Жарандар мыйзам менен белгиленген салыктар жана жергиликтүү төлөмдөрдү төлөөгө милдеттүү».*

1. Өзбекстан Республикасынын Конституциясындагы 51-статьясында белгиленген ушул эрежени тиешелүүлүк түшүнүгү менен байланыштырып түшүндүр. Пикириңди мисалдар менен негизде.
2. Салыктарды өз убагында төлөбөстүк коомдун өнүгүүсүнө кандай таасир көрсөтөт?
3. «Экономикалык билимдин негиздери» сабагынан алган билимдериңе таянып төмөнкү суроолорго жооп бер:

- Салыктар эмне үчүн жыйналат?
- Салыктардан түшкөн киреше кандай максаттарга иштетилет?
- Мамлекет жана коомдун өнүгүшүнө, тынчтык жана коопсуздугун камсыздоого, социалдык коргоону ишке ашырууга салыктардын кандай тиешеси бар? Бул жараяндардын камсыздалышы сенин жашооңо таасир көрсөтөбү?

зими менен жашаса, анын коом алдындагы бурчу жана жоопкерчилиги да күчөп барат. Тиешелүүлүк сезими адамдарды бириктирет. Ошондуктан тиешелүүлүк жана жоопкерчиликти күндөлүк ишке айландырган адам чыныгы руханияттуу адам болуп эсептелет.

Ата-бабаларыбыздан калган бай материалдык жана руханий мурасты абайлап келечек муундарга жеткирүү үчүн ушул журтта жашоочу ар бир жаран жоопкер.

Бүгүн мамлекетибизде жасалып жаткан реформалардын натыйжаларынын арттырылышы, мамлекет жана

Адамзат каерде төрөлгөн болсо, ошол жерге берилгендик, династиясына татыктуулук сезими, ага-ини, эже-сиңдилерине мээр-акыбет символу рухунда жашашы керек.



## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

*Жол четинде чамасы 60 жаштардагы бир адам даракка жөлөнүп турат. Жанынан өтүп бараткан адамдар көңүлкош өтүп кетишүүдө, эч кимдин ал адам менен иши жок эле.*

1) Сен мына ушундай жагдайда кандай жол тутат элең?

а) Даракка жөлөнүп турган адамдын жанына барып, андан жардам керекпи, деп сурайт элем;

б) Көңүл бурбайт элем;

в) Убактыма карайт элем. Убактым кеңири болсо, жардам бермекмин.

*(уландысы) Акбаржан мектептен келаткан болчу. Ал: «Балким ошол адамдын ден-соолугу начарлагандыр? Балким жардам керектир?» деп ойлоду да, анын жанына барып, абалын сурады. Даракка жөлөнүп турган адам, жүрөгү ооруп жатканын айтты. Акбаржан бекетте турган адамдардын алдына барып, жагдайды айтты. Кимдир бирөө кол телефонунан «тез жардамга» чалды, дагы бирөө ошол адамдын алдына келип, аны ыңгайлуу жайга отургузду. Жашы 40 тардан ашкан бир эже анын алакандарын укалап, чөнтөгүнөн алган дарысын ичирмекчи болду. Көп өтпөй «Тез жардам» машинасы да жетип келди.*

2) Акбаржандын аракетине мамилеңди билдир. Сен мындай жагдайда кандай жол тутат элең?

**Аракеттер стратегиясы 2017–2021**

коомдун ар тараптуу ылдам өнүгүүсүндө ар бир жарандын жеке жоопкерчилиги жана тиешелүүлүгү жатат.

Ушул көз караштан караганда, Өзбекстанда 2017–2021-жылдарга мерчемделген мамлекетибизди өнүктүрүүнүн Аракеттер стратегиясында беш үстөмдүү багыт белгилеп берилди:

— мамлекет жана коомдун курулушун өнүктүрүү;

— мыйзамдын үстөмдүгүн камсыздоо жана сот-укуктук системасын андан да реформалоо;

— экономиканы андан да өнүктүрүү жана либералдаштыруу;

— социалдык тармакты өнүктүрүү;

— коопсуздук, улуттар аралык тынчтык жана диний кең пейилдүүлүктү камсыздоо, терең ойлонгон, өз ара пайдалуу жана практикалык мүнөздөгү тышкы саясат жүргүзүү сыяктуу маселелерди камтыйт.

**Сабактан таалим.** Ойлоп көр! Дүйнө тоо-таштар, талаа-түздөр, чексиз чөл жана ээн талаалардан гана туруп, анын улуу жаратуучусу адамзат жаратылбаганда, дүйнө мындай сулуу, жашоо ушунчалык шаттуу болбойт эле. Андыктан, биз жашап жаткан жер жүзүнүн андан да өнүгүп, гүлдөп-өсүшү өзүбүзгө гана, ар бирибиздин өз даражабыздагы жаратмандык иштерибизге түздөн-түз байланыштуу болот.

Ким өмүрүн
өткөрсө бекер
Алтынга тең
бактысы кетер.

**Садий Шеразий**

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кандай ойлойсуң? Аракеттер стратегиясын өз убагында жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн мамлекетибиз жарандарынын жеке тиешелүүлүгү кандай болушу керек?
2. Мамлекетибизди дагы да өнүктүрүүдө эмне үчүн жарандардын жоопкерчилигине таянылат?

3. Үй-бүлө, маале жана мамлекет, коомдун ортосундагы тиешелүүлүк жоопкерчилигинин тизмесин түз.

| Тиешелүүлүк жоопкерчилиги | | | |
|---|---|---|---|
| Үй-бүлө | Маале | Мамлекет | Коом |
| | | | |

4. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында жарандардын милдеттеринин белгилеп коюлушунан кандай максаттар көздө тутулган деп ойлойсуң?
5. Жарандарда тиешелүлүк сезими калыптанган тагдырда коомдун өнүгүшүндө кандай натыйжалар байкалышы мүмкүн?

Берилген кырдаалды баала. Окуучулардын келечегинин мугалимге кандай тиешеси бар?

*Н. аттуу окуучу сабакка даярданбастан келди. Мугалим аны класста уяткарды. Н. болсо: «Мага эскертүү берүүгө сиздин кандай акыңыз бар, менин ата-энем бар, кааласам сабакка катышам, каалабасам жок», – деп жооп берди.*

6. Баалуулуктар жана тиешелүүлүк түшүнүктөрүнүн өз ара кандай байланышы бар?



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Оордон оор... Ал эмне?

Өзбекстан Республикасын коргоо – Өзбекстан Республикасынын ар бир жаранынын милдети. Жарандар мыйзамда белгиленген тартипте аскердик же мобилизациялык кызматты өтөөгө милдетүү.

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 52-статья**

# 9-§ Руханий коопсуздук











## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Руханий коопсуздук түшүнүгүн чечмеле.
2. Руханий коопсуздуктун руханияттын өнүгүшүнө тийгизген таасирин кандай баалайсын?
3. Тилин, маданиятын мыкты өздөштүргөн адамга руханий кооптор таасир көрсөтө алабы?
4. Сүрөттөргө карап бүгүнкү күн жаштарынын руханий түспөлүнө баа бер.

Руханий коопсуздук — коом мүчөлөрүнүн руханий кол салуу, идеялык кооптордон корголуу системасын туюнтуучу түшүнүк. Руханий коопсуздук улуттук коопсуздуктун курамдык бөлүгү катары жалпы улуттук кызыкчылыктарды коргоого багытталган иш-аракети саналат. Ошондой эле, руханий коопсуздук дегенде улуттук кызыкчылыктарды камсыздоо зарылдыгы себеп пайда боло турган жана коом мүчөлөрүнүн руханий, идеялык-рухий турмушунун туруктуулугун жана коопсуздугун камсыздоого багытталган ишмердүүлүк жана үлгүлтүксүз жараян түшүнүлөт. Бизге белгилүү болгондой, адамдын руханиятына каршы жасалган чабуул куралдуу чабуулга салыштырмалуу көбүрөөк таасир күчүнө ээ болуп баратат.

Белгилүү бир мамлекетти басып алууну көздөгөн баскынчылар, оболу элдин психикасына, руханиятына жана баалуулуктарына сокку урууга аракет кылаары тарыхый тажрыйбадан белгилүү. Улуттук руханияты жана баалуулуктары бүлүнгөн улут жана элдер өздүгүн жоготот, үстөм идеология таасирине түшүп, анын кызыкчылыгына кызмат кылууга аргасыз болот.

Мамлекеттер жана элдердин ортосундагы интеграция жана кызматташтык мамилелеринин күчөшү, заманбап коммуникация жана маалымат технологияларынын, илимий жетишкендиктердин тездик менен таралышы натыйжасында мурда күзөтүлбөгөн, салттык эмес коoптор пайда боло баштады.

Учурда айрым батыш өлкөлөрү тарабынан өз улуттук кызыкчылыктарын кеңейтүүдө негизги багытка айланган «демократия экспорту», «түстүү революциялар» жана «маалыматтык чабуул» сыяктуу ыкмалар колдонулууда. Караөзгөй максатка ээ болгон күчтөр өздөрүнүн идеяларын түрдүү өкмөттүк эмес мекемелер, долбоорлор, фонддор аркылуу ишке ашырууга умтулушат. Мындай саясатты ишке ашырууга алар маалыматтын эң ыңгайлуу жана эң тез, эң натыйжалуу каражат жана усулдарынан пайдаланышууда. Маалымат айрым батыш мамлекеттери жана эл аралык террордук уюмдардын колунда негизги жана коркунучтуу куралга айланып баратат. Глобалдашуу жараяны түздөн-түз маалымат менен байланыштуу. Ушул көз караштан караганда, бүгүнкү күндө маалымат фактору саясий жактан да, экономикалык жактан да айрым күчтөрдүн кызыкчылыгына айланып барууда.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Эмне үчүн жаштар сырткы чөйрө таасирине тез түшүп калышы мүмкүн?
2. Эмне себептен интернет жаштардын эрмек жайына айланган?
3. Берилген текстти оку. Тексттеги ой-пикирлерди бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк саясий майданда болуп жаткан өзгөрүүлөр, тынчтык жана адамдын акылы, ой жүгүртүүсүнө багытталып жаткан коркунучтар менен түшүндүрүп бер.




*Бүгүнкү күндө да айрым кудуреттүү мамлекеттер тарабынан белгилүү бир мамлекеттерге, оболу, жер асты, жер үстү байлыктарына ээ болгон аймактарга салыштырмалуу алып барылып жаткан дал ошондой караөзгөй мүнөздөгү саясатты дүйнөнүн кээ бир региондорунда тынч жашоонун изден чыгышы, бийликке дал ошол мамлекеттердин кызыкчылыктарына кызмат кылуучу күчтөрдүн келиши менен байланыштуу мисалдарда көрүү кыйын эмес.*

Мисал үчүн, интернетке болгон талап күн сайын артууда, бирок айрым караөзгөйлөр үчүн интернет «курал» милдетин аткарууда. Ушул адамдар дүйнөлүк маалымат тармагы аркылуу адамдын руханияты жана улуттук жалпы адамзаттык баалуулуктарга өз таасирин өткөрүүгө катуу аракет жасоодо. Адамдын руханиятына каршы багытталган, бир караганда арзыбастай туюлган чакан кабар да маалымат ааламындагы глобалдашуу темптеринен күч алып, көзгө көрүнбөй турган, бирок ордун эч нерсе менен каптап болбой турган чоң зыян жеткирет. Идеологиялык коркунучтар адам фактору аркылуу, мамлекеттердин эгемендүүлүгүнө кол салат.

Бул коркунуч эмнеси менен кооптуу? Бул:

- азгыруучу ураан жана чакырыктар аркылуу жаштарды терс максаттарга идеялык жактан көз каранды кылууга багытталгандык;
- адамдардын, айрыкча жаштардын аң-сезимине мамлекет жана коомдун кызыкчылыктарына карата көңүлкоштук, менсинбестик сезимин сиңдирүүгө умтулуу;
- жаштардын аң-сезимин ээлөө.

Идеологиялык кооптор акыр-аягы, мамлекеттик коопсуздук жана улуттук кызыкчылыктарга кооп салып, коомдун руханий бүлгүнгө учуроосуна алып келет. Мындай кооптор ар кандай жол менен жаштардын акылын жана сезимин ээлеп, аларды маңкуртка айландырууну максат кылып койгон.

Өспүрүмдүк — балалыктан улуулардын али сага бейтаныш, сырдуу турмушуна өтүү, ыңгайлашуунун татаал мезгили. Сага «Жаш баласыңбы?», дешкенде, «Жок, мен жаш бала эмесмин», деп жооп бергиң келет. Чоңдордун айрым эскертүүлөрү сени ачуулантат. Өзүң сезбеген түрдө: «Эмнеге мени тергей бересиз? Эмне, мен сизге жаш баламынбы?» — деп күңкүлдөп да коёсуң. Бирок «улуумун», дегени азыраак тартынасын. Ата-энеңдин, чоңдордун өз бурч жана милдеттери бар болгондуктан, алар сени түрдүү кооптордон коргоого аракеттенишет. Бул маселеде алардын ордуна өзүңдү коюп көр. Инилериңдин туура эмес аракеттерине өзүңдүн мамилеңди эсте. Али сага өтө чоң руханий жакындык, кеңешчи керек. Бул маселеде сен китепке кайрыл. Дүйнөлүк классикалык адабият, улуттук руханий казынабыздын берметтери болгон «Qobusnoma», «Hamsa», «Boburnoma», «Humoyun va Akbar», «Fozil odamlar shahri», «Temur tuzuklari», «Qissasi Rabg‘uziy», «Jaloliddin Manguberdi», «Ulug’bek xazinasi» жана дагы башка сейрек учурай турган чыгармалар турмуштук жолдошуң болсуң.

Түрдүү улуттардын жашоосуна «массалык маданият» беткабы астында кирип келе жаткан кооптордун негизги максаты төмөнкүлөргө каратылган:

1) Ахлактык бузуктук жана зордукчулдук, индивидуализм жана эгоцентризм идеяларын таратуу жана ошонун эсебинен байлык арттыруу;

2) Башка элдердин канча миң жылдык салттары жана баалуулуктары, жашоо мүнөзүнүн руханий негиздерине кенебестик кылуу;

3) Аларды кыйратууга каратылган кооптуу коркунучтар.

Кээде жашоодо учурай турган, ахлаксыздыкты маданият деп жана тескерисинче, асыл руханий баалуулуктарды тоотпостон, эскилик калдыгы деп кароо менен байланышкан жагдайлар өнүгүүгө, тынч жашоого, айрыкча, силердин тагдырыңарга кооп салышы мүмкүн.

Мындай кооптордон сактануу үчүн улуу ата-бабаларыбыз өз доорунда калтырган жеткилең инсан тууралуу ахлактык ченемдер жыйнагын, заманбап тилде айтканда, «чыгыштын ахлак кодексин» муундардын дилине сиңдирүү, элибиздин аң-сезиминде ар-намыс, уят жана тартынуу, ыйбаа сыяктуу бийик ахлактык



## ТАРЫХКА НАЗАР

Соңку он жылда болуп жаткан бир жактан этникалык жана диний чыр-чатактар, экинчи жактан ислам жана мусулмандарга карата душмандык (исламофобия, диффамация), албетте, социалдык-экономикалык теңдешсиздикке алып келет, тынч өнүгүү жараянын изден чыгарат, адамзаттын коопсуздугуна жана эл аралык туруктуулукка коркунуч туудурат.



## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Адистердин пикиринче, азыр маалымат экономиканын эң киреше келтирүүчү булагына айланып барууда. Мисалы, АКШ стратегиялык изилдөөлөр институтунун маалыматтарына ылайык, маалымат продукциясына сарпталган ар бир доллар, отун-энергетика тармагына сарпталган 1 долларга караганда бир нече он эсе көп пайда берет экен. Бул анын экономикалык өзгөчөлүгү гана. Ал эми анын саясий касиети болсо өз жеке кызыкчылыгына өтө арзан, өтө ыңгайлуу жолдор менен жетишүүнүн куралы катары каралууда.

түшүнүктөрдү толугу менен калыптандыруу өзгөчө маанилүү.

Абдулла Каххар өз эскерүүлөрүндө өзү ошол убакта жашаган айыл тургундары 1914-жылдын сентябрь айында башталган Биринчи дүйнөлүк согуш жөнүндөгү кабарды төрт айдан соң, 1914-жылдын декабрында укканын жазат. Бүгүн адамдар дүйнөнүн каалаган жеринде болуп жаткан окуялардан дал ошол маалда кабардар болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Сабактан таалим.** Инсан өзүнүн эркин пикирине, бекем ынанымына, өзү таяна турган турмуштук улуттук баалуулуктарга, жаратман көз карашка, бекем эркке ээ болбосо, түрдүү караөзгөй идеологиянын басымына, кысымына туруштук бериши кыйын болот. Мындай ачык же жашыруун чабуулдарга каршы бийик руханияттуу адамдар гана сергектик менен, пикирге каршы пикир, идеяга каршы идея, түркөйлүкко каршы билим менен күрөшө алат. Бул түрдөгү адамдардын бүтүндөй кан-жаны, руханий ааламы өз элинин үрп-адаттарына, салттарына, тил жана маданиятына чексиз мээрим жана сүйүү сезими менен сугарылган болот.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Бүгүнкү күндө руханий коопсуздукту камсыздоо боюнча журтубузда кандай реформалар ишке ашырылууда?
2. Сен өзүңдү руханий кооптордон корголгон адам деп баалайсыңбы? Оюңду негизде.



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Досту билбейт, душманды ажырата албайт, өзү эч кимге жакшылык кыла албайт. Ал ким?

АКШда өткөрүлгөн улуттук сурамжылоо көрсөткөндөй, 2005-2014-жылдарда 12-17 жаштагы өспүрүмдөр арасында депрессия эң күчөгөн мезгил болгон.

**The New York Times**



## БИЛИП АЛ

Жалгандыгы мурдатан маалым сөздү чын дегенден да ашкан уятсыздык жок!

**«Кабуснаама»**

# 10-§ Бекем эрк — күчтүү руханият кепили

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Бекем эрк түшүнүгүнө мүнөздөмө бер.
2. Бекем эрк жана ишенимге ээ болуу үчүн адамда кандай сапаттар бар болушу керек деп ойлойсуң?
3. Бекем эркке жетишүүдө адамдардын коомдогу орду кандай болушу керек?
4. Кандай адамдар бекем эрктүү адамдар дейилет?











Эрк – адамдын ички жана сырткы умтулуулары, мүмкүнчүлүк жана деңгээлин максат жолунда багыттоо, чечкиндүүлүк менен аракет жасоо, сыноо жана кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө, ар кандай шаартта да рухий тең салмактуулукту сактоого негиз боло турган руханий сапаты.

Адам бекем эрк себеп керексиз үмүт-тилектерден кечет, түрдүү руханий жана материалдык кыйынчылыктарга чыдап, өз өмүр жолун белгилеп алат. Адамдын руханияты өсүшү менен анын эрки да күчөп барат. Эрк – бул чындыгында бекем ишеним дегени. Эрки күчтүү адам өзүнө ишенет жана ар кандай татаал милдетти да өз мойнуна алуудан коркпойт. Ар кандай шартта мындай адамга ишенүү мүмкүн. Ал сен кандайдыр бир түйшүккө же көйгөйгө туш болсоң, эч экиленбей жаныңда туруп, колунан келгенче жардам берүүгө, кыйынчылыктарды сени менен чогуу жеңүүгө аракет кылат.

Эрки бекем, ыйман-ынанымдуу адамды ар кандай жеңил-желпи иш-аракеттер жана бузгунчу идеялар менен жолдон азгырып болбойт. Бекем эрк идеологиялык иммунитеттин негизи саналат.

Идеологиялык иммунитетти калыптандыруу үчүн адамда күчтүү, бекем эрк болушу керек. Идеологиялык иммунитет болсо илимге таянат. Илимдүү адам өз иш-аракетин ой келди эмес, тескерисинче терең ойлоп, ой-жүгүртүп башкарат.

Эрктүү адам ыйык үрп-адаттарыбыз, улуттук баалуулуктарыбыз, материалдык жана руханий мурасыбызды асырап-абайлоону өзүнүн жогорку максатына айландырат. Ошону менен бирге тарыхты, Мекендин тарыхын билген жаштарды чалгытып болбойт, алар эрктүү жаштар. Бекем эрк аркылуу гана руханиятты таануу мүмкүн. Руханияттын негизги критерийлери да күчтүү, бекем эркке таянат.

Каерде идеологиялык боштук пайда болсо, ошол жерде чоочун идеология үстөмдүк кылаары бышык. Улуттук идея, улуттук идеологияга ээ болбогон адам өзүнө жана айлана-чөйрөдөгүлөргө карата көңүлкош болот.

Биздин жергебизде жашап өткөн улуу ата-бабаларыбыз, атап айтсак, Мухаммад Муса Харезмий, Абу Наср Фарабий, Ахмад Ферганий, Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина, Махмуд Замахшарий, Мырза Улукбек жана башка данышмандарыбыздын өлбөс баалуу чыгармалары, илимий мурасында адамдарды эрктүү жана кең пейилдүү болушу, окуп-үйрөнүү аркылуу гана бийик руханият ээси болуу мүмкүн деген пикирлер жазылган.

Жогорку руханият орногон коомдо жарандардын активдүүлүгү да, мекенчилдиги да күчтүү болот. Чыныгы эрк ошондо билинет.

2016-жылы 7-18-сентябрда Бразилиянын Рио-де-Жанейро шаарында болуп өткөн XV жайкы Паралим-

**БИЛИП АЛ**

Идеологиялык иммунитет — жеке инсан, социалдык топ, улут, коомду түрдүү зыяндуу идеялык таасирлерден коргоого кызмат кылуучу идеялык-теориялык көз-караштар жана баалуулуктардын системасы болуп эсептелет.

Францияда коомду демократташтыруу жараяны 200 жылга созулган болсо, Англияда ал 500-600 жылды өзүнө камтыган.

пия оюндарында спортчуларыбыз жетишкен жогорку жеңиштер элибизге чексиз сыймык тартуулады. Өзбекстандын спортчулары бул беделдүү мелдеште 8 алтын, 6 күмүш жана 17 бронза медалын колго киритип, Мекенибиздин аброюн эл аралык арееналарда дагы да жогорулатууга татыктуу салым кошту.



Физиологиялык мүмкүнчүлүктөрү чектелгендигине карабастан, бекем эрктүү мекендештерибиз эрдик жана чыдамкайлык көрсөтүп, жогорку натыйжаларга жетишкендиги жана дүйнөнүн эң күчтүү спортчулары катарынан татыктуу орун ээлегендиги — чыныгы руханий өсүүнүн үлгүсү болуп саналат. Демек, бекем эрк жеңишке жетелейт. Бекем эрктүү адам — руханияттуу адам болуп саналат. Руханияттуу адам ар бир маселе жана көйгөйгө акыл-эс, нысап жана адилетүүлүк көз карашынан мамиле жасайт. Жогорку руханият ээси ыйман, ынсап, ар-намыс, чынчылдык, адалдык сыяктуу са-



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Адам эрктүү болушу үчүн эмне кылышы керек?
2. «Эрктүү адамда бардык изги сапаттар бар болот», деген пикирге кандай карайсың?
3. Төмөнкү текстти оку жана өз оюң менен түшүндүр.

*Адам эрктүү аракетин ишке ашыруу менен өзүнө үстөмдүк кылган зарылдык жана каалоолоруна каршы турат: Эрк үчүн «мен каалаймын» деген сезим эмес, тескерисинче «керек», «аткарышым шарт» деген сезим мүнөздүү.*

*Адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү жана ар кандай эмгек кишиден бекем эркти талап кылат. Эрк эмгекте пайда болот жана чыңалат. Эрктин аң-сезимдеги ишмердүүлүгү аракеттин максатын белгилөөдө, максатка жетүү ыкмалары жана жолдорун алдын-ала аныктап, белгилүү бир токтомго келүү жана бул токтомду аткарууда көрүнүп турат. Адамда эрктин канчалык даражада экендиги максатты кандай ишке ашыргандыгында көрүнөт.*

**Өзбекстан Улуттук энциклопедиясы**

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Төмөнкү текстти оку. «Эл-журттун өнүгүшүнө пайда келтире турган иштер менен алектенүү», дегенде кандай иштер көздө тутулган деп ойлойсун? Пикириңди негизде.

### КЫЗЫКТУУ МАЕК

Күндөрдүн биринде, перзент деди: — Атаке мага насаат кылсаңыз...

Ата: — уулум, эгерде, өмүрүмдү татыктуу жашап өтөйүн десең, өз жашооңдун негизин төрт бөлүккө бөл. Алардын биринчиси — ата-эне жана билимдүү кишилерден изги иштердин сырларын үйрөнүү; экинчиси — илим алуу жана өнөр үйрөнүү менен алек болуу; үчүнчүсү — эл-журттун өнүгүшүнө пайда келтире турган иштер менен алек болуу; төртүнчүсү— урпактарга изгилик жана берилгендик руху менен сугарылган таалим-тарбия жана турмуштук зарыл кесипти үйрөтүү.

**«Farzandnoma»**

паттарды өз жашоосунда дайыма колдонуп жашайт. Ата Мекенин, улутун жана элин сүйөт жана аны асырап-абайлоону ыйык жарандык милдети деп билет.

Акыл, аруу ой, жакшы мүнөз, нысап жана адилеттик жеңип, түрдүү терс илдеттер жоюлган мамлекетте руханият жогорку чокуга алып чыгылат. Мындай мамлекеттин жарандары да бекем эрк ээлери эсептелет.

**Сабактан таалим.** Руханияттуу адам бекем эркке таянат. Коомдун өнүгүүсү да изги максаттуу адамдардын бекем эркине байланыштуу болот. Андыктан, руханият адамдын, элдин, коомдун, мамлекеттин күч-кудурети болуп саналат. Ал жок жерде эч качан бакыт-таалай болбойт.

**Кооз сабырдуулук — берметтен баалуу**

Сабырдуу адамдын бермети өзү кайгы жана бактысыздыкка батып турса да, болгону бир аз ооматы келбегендиги үчүн түшкүндүк оруна түшкөн кишиге адамгерчиликке жана жоомарттыкка жуурулган мээрим менен чыдамдуулук жана сабырдуулук колун сунушунда.

**«Umr hikmati... saodati»**

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Сенин жарандык милдетиң эмнелерден турат?
2. Эгер сөзүңө бир аз жалган кошулса, бул эркиңе кандай таасир кылат?
3. Сабыр-такаат сыяктуу түшүнүктүн эрк менен кандай байланышы бар?
4. Эрки бекем адамдардын үлгүлүү өмүр жолдору жөнүндөгү аңгемелерди чогулт.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Дайыма жанында, аргасыз жагдайда сага көмөкчү, бактылуу учурунда насаатчы. Алар эмнелер?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

- 1989-жылдын 19-октябрында Жогорку Кеңештин сессиясында өзбек тилине мамлекеттик тил статусун берүү негизги маселе катары талкууланып, өзбек тили мамлекеттик тил деп жарыяланды.
- Эчен кылымдык баалуулуктарыбыз эсепке алынып, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын үстөмдүгүн камсыздоо максатында кирилл графикасынан латин алфавитине өтүлдү.
- Журтташтарыбызда элибиздин өздүгүн таануу, ата-бабаларын тереңден билүү, жүрөгүндө Мекенге сүйүү сезимдерин калыптандыруу максатында тарыхый жердин аттары кайра калыбына келтирилди.
- 2001-жылдан баштап, мамлекетибизде жыл сайын 31-августта – Репрессия курмандыктарын эскерүү күнү катары жарыяланды.
- Мусулмандардын «Курман айт» жана «Орозо айт» майрамдары белгиленет. Ошондой эле, 1989-жылы 28-февралда Өзбекстанда Нооруз майрамын кайра калыбына келтирүү жөнүндө токтом кабыл алынып, «Нооруз» майрамы жалпы элдик майрам деп жарыяланды.

# 11-§ Руханият жеткилеңдикке жетелейт








## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:



1. Сүрөттөрдөн пайдаланып мамлекетибизде жаштарга берилип жаткан мүмкүнчүлүктөр жөнүндө айтып бер.
2. Билим берүүнү тарбиядан, тарбияны болсо билим берүүдөн ажыратып болбойт дегенде сен эмнени түшүнөсүң?
3. Жеткилең адам кандай сапаттарга ээ болушу керек? Жообуңду негизде.
4. Бүгүн Равшан үчүн өзгөчө күн. Математика предметинен өткөрүлгөн республикалык олимпиадада биринчи орунду ээлеп, эл аралык деңгээлде өткөрүлө турган олимпиадага жолдомо алды. Ал жөнүндө республикалык телевидениеде көрсөтүү берилгенде ата-энеси менен бирге классташтары жана айылдаштары да кубанышты. Равшандын мындай ийгиликке жетишүүсүндө кимдердин салымы бар? Анын бул ийгилиги коомубузга кандай пайда келтирет?
5. Мекендештерибиз эл аралык мелдештерде жеңип, алардын ийгилиги урматына мамлекетибиздин гимни аткарылганда эмнени туясың?

Бүгүнкү өтө тез жүрүүчү өнүгүү жана өсүү шартында эгемендүү Өзбекстан өзүнүн улуу келечегин билимдүү, акылдуу, эмгекчил, баатыр, руханияты жогору, физиологиялык күчтүү болгон жаш муун мисалында көрөт. Мындай ар тараптуу жеткилең

муунду өстүрүп, эрезеге жеткирүү мамлекетибиздин башкы милдеттеринен болуп саналат.

Кайсы коомдо илимсиздик, түркөйлүк бар болсо, ал жерде ыйык баалуулуктар убал болот, адамгерчиликтин мазмун-маанисине зыян жетет. Натыйжада бул коом кыйрайт. Андыктан, ар бир адам убакытты өткүнчү билип, жеткилең муун тарбиясы жолунда тер төгүүсү турмуштук зарылдык саналат. Караңгылыкты илимдин нуру жарытат. Ой жүгүртүүнүн шooласы, өз кезегинде, коомдун гүлдөп-жайнашына негиз болот. Ой жүгүртүү гана өз артынан материалдык да, руханий да байлыкты ээрчите алат. Ал – аруулук, билим булагы. Ак көңүлдүүлүк, кооз адептин булагы.

Илимдин өнүгүшү себеп таалим-тарбия, адеп-ахлак себеп акылдуу адамдар, билимдүү, зээндүү муундар эрезеге жете турган сабаттуу коом пайда болот. Мындай коом өркүндөйт, өсөт. Жарандык коомунун өнүгүшүндө ар бир адамдын мекенчилдиги керек болот. Мекенчилдик, милдетке туруктуулук, тынчтыкты сактоо, табиятты коргоо сыяктуу жогорку баалуулуктар адамдын аң-сезимине сиңип барышы максатка ылайык.

Ата-бабаларыбыздын алтын мурастарын дилге сиңирбей туруп адамдын жеткилеңдиги жөнүндө ой жүргүзүү кыйын. Адамдын жашоосуна мазмун киргизе турган, өздүгүн тааныта турган улуу баалуулук, бул – элибиздин материалдык-руханий мурасы, накыл сөздөрү, макал-лакаптары жана табышмактары болуп саналат. Булар руханий жеткилең, физиологиялык жактан күчтүү, эл-журт кызыкчылыгы жана өнүгүүсү жолунда өз жанын аябай эмгектенүүчү жаш муунду эрезеге жеткирүүдө руханий негиз болуп кызмат кылат. Байыркы окумуштууларыбыздын учкул ойлорунда адамдын өсүп-өнүгүүсү жөнүндө баалуу пикирлер туюнтулган. Адам илим-билимге дилин өстүрүү, аны руханий азыктандыруу аркылуу жетишет. Ата-бабаларыбыз жараткан



## БИЛИП АЛ

Улуу Чыгышта мындай жазып-жазылбаган салт бар: б.а. адамзаттын өмүр жолунда ага туура жол көрсөтүүчү, өз батасы жана тилектери менен ага жеңиш жана ийгиликтер каалоочу – ата-эне жана устаттары эсептелген. Ошондуктан коомдо мындай азирети инсандар өзгөчө урмат-сыйга ээ болуп, аларга дайыма зарылдык сезилген. Бул көрүнүш — Улуу Чыгыштын жашоо мүнөзүн, атүгүл анын ыйык инсандык баалуулуктарынын пайдубалын түзгөн жана ал азыр да ошондой.

баалуу тарыхый жайлар, өз жаратмандыгыбыз эсебинен бой көтөргөн бекем имараттар, абат маалелер, куттуу үй-бүлөлөрдүн күн сайын көбөйүшү Мекен алаканындагы бермет саналат. Эң зарылы, бул бермет — ата-бабаларыбыздын дили, келечекке болгон ишеними, бекем ыйман-ынанымынын натыйжасы жана албетте биз жана перзенттерибиздин натыйжалуу эмгегинин ийгилиги эсептелет. Дал ошон үчүн да бул касиет баалуу, жагымдуу жана кадырлуу. Элибизге мүнөздүү болгон руханий мурасыбызда апалардын бешик ыры ыйык эсептелет. Анткени, бешик ырында апалардын арзуу-муңу жана улуттун дарты жуурулушуп кеткен. Анын түпкү маңызында руханиятты таануу, өркүндөө, элдин өнүгүүсү сыяктуу изги максаттар жатат. Элибиздин бүтүндөй кан-жанында эзелтеден жаңылыкка умтулуу, илим сырларын терең өздөштүрүү, терең пикирлөө, өз алдына изги максат коюу жана бул жолдо натыйжалуу эмгектенүү сыяктуу асыл сапаттары бекем орун алган. Мындай адамдар кең көлөмдүү билими жана өзү жактырган кесибинин артынан коомдо өзүнчө аброй табышкан болсо, үлгүлүү



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Сен апаңдын инилериңе айткан алдейин укkансыңбы?
2. Эмне үчүн бул бешик ырын ар күнү уксак да уккубуз келет, ага шайкеш эркелейбиз, терең ойго батабыз?
3. Көңүлкоштук, жалкоолук, кенебестик, бирөөнүн акысынан коркпоо, жалганчылык сыяктуу илдеттер адамдар келечегине кандай таасир көрсөтөт?
4. Сен бул сыяктуу илдеттерге каршы күрөшө аласыңбы? Алардын алдын алуу үчүн кандай жол тутуу керек?
5. Төмөнкү окуянын коомдун өнүгүшү үчүн кандай таасири бар деп ойлойсуң?

*Көчөдө топ тээп жаткан Акматты апасы чакырып калды. Ал апасынын бул чакыруусунан наразы болсо да, анын жанына барып, алар коңшу маале менен футбол ойноп жаткандыгын, эгерде ал кетсе, маалеси жеңилип калаарын айтты. Апасы: «Мейли мына бул таштандыларды таштап келип, оюнуңду улантаарсың», деп иш буюрду. Акмат апасынан жооп тийгенине кубанып, таштанды салынган челекти алып чуркап кетти, бирок таштандыларды жолдун четиндеги арыкка төгүп жиберди.*

6. Акматтын кылмышына баа бер.

кулк-мүнөзү себеп урмат-сыйга жетишип, бактылуу өмүр сүрүшөт. Адамдын жеткилеңдигинин өркүндөшү чынчылдык, адалдык, кечиримдүүлүк, сабырдуулук жана ысырапкерчиликке жол бербөө, достукка бектик жана сыр сактоо, сүйлөшүү адеби жана сылыктыкка окшогон сапаттарды даңазалай турган макал-лакап, учкул сөздөр жана акылды курчута турган накыл сөздөрдүн орду чексиз.

**Сабактан таалим.** Изги максатка карай алга умтулуу, убакытты текке кетирбестен, жумуштан качпастан, илим алуу жана сөзсүз терең пикирлөө – коом мүчөлөрүнүн жашоосунун мазмунун туюнтат. Билимдүү жана өнөрлүү киши, зейрек акыл жана кооз адептин ээлери бул дүйнөдө мазмундуу жана берекелүү өмүр сүрүп, башкаларга өрнөк үлгүсү болушкан.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. «Биз элибиздин дүйнөдө эч кимден кем болбостугу, балдарыбыздын бизге караганда күчтүү, билимдүү, акылдуу жана албетте бактылуу болуп жашашы үчүн бар күч жана мүмкүнчүлүктөрүбүздү багыттап жатканыбызда, бул маселеде руханий тарбия, эч шексиз, өзгөчө мааниге ээ», деген пикирдин негизинде кандай идеялар жатат? Оюңду практикалык мисалдар менен туюнт.
2. Сен келечекте өзүңдүн алдыңа кандай максаттарды койдуң?
3. Үй-бүлөңдө өнөр-кесипке байланыштуу адаттар барбы?
4. Сенин жеткилең адам болуп жетишүүң үчүн мамлекетибизде кандай мүмкүнчүлүктөр бар?
5. Элибиздин ойчулдарынын билим алуу жөнүндө айткан пикирлерин жыйна жана алардын маңызын айтып берүүгө аракеттен.



## БИЛИП АЛ

Тирүүлүктүн сыры илим, адептүүлүк, аң-сезимдүү иш-аракет болсо, анын негизи терең акыл, улануучулугу – ийгиликтүү эмгек эсептелет.

«Адамдын табиятын тазартуучу сыйкырдуу күч – учкул, накыл сөз болот».

**Абдурахман Жаамий**



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Оорулуу, бирок айыгууну каалабайт. Ал ким?

# 12-§ Адамдын руханиятында агартуучулуктун орду







«Билим адамдын эң таттуу жана асыл аракети».

**Аристотель**

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Агартуучулук» түшүнүгүнө мүнөздөмө бер.
2. Кандай адамдарды билимдүү адамдар дейбиз?
3. Руханият жана агартуучулук түшүнүктөрүн өз ара байланыштырып түшүндүр.
4. Руханияттуу адам билимдүү боло алабы? Ушул сүрөттөр менен пикириңди негизде.

Агартуучулук (арабча ma'rifat – билүү, билим, маалымат, таануу) – табият, коом жана адамдын негизи жөнүндөгү билимдер, маалыматтар, таалим-тарбия жана агартуу тизиминин шайкештигин туюнтуучу түшүнүк. Ошондой эле, агартуурчулук түшүнүгү билимдүү, маалыматтуу, руханияттуу адамга карата да колдонулат.

Маалымат жөнүндө байыркы тарыхый мурасыбыз «Авестодо» да айтып өтүлөт. Анда агартуучулук изгиликтин көрүнүшү болоору, аруу ой жана аруу сөздүн ишке ашыруучу күчү катары баяндалган. Мындан сырткары, кайра жаралуу доору окумуштуулары Имам Бухарий, Имам Маатуридий, Хаким Термезий, Ахмад Яссавий, Бахауддин Накшбанд сыяктуу окумуштуулар өздөрүнүн баа жеткис билим булагы болгон чыгармалары аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды жаратууга чоң салым кошушкан. Атап айтканда, Хаким Термезий «Kitob bayan-al-ilm» аттуу китебинде билимди нур, жарыкка окшоткон.

Агартуу — руханиятка алып баруучу жол, аны калыптандыруучу каражат. Билим улут тарыхынын ажыралгыс курамдык бөлүгү эсептелет.

Түркстан өлкөсүндө иш жүргүзгөн жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү маданий караңгылык жана эзүүчүлүк зулумунан элди заманбап өнүгүү жолуна алып чыгуу, улуттук мамлекеттүүлүктүн негиздерин жаратуу үчүн агартуучулук жолунан пайдаланышкан. Алар көптөгөн мектептерди ачышкан, газета, китеп чыгаруу, илим-билим, адабият, агартууну улуттук негизде уюштурууну жактап чыгышкан. Алар жараткан мектептер элге, оболу билим берүү, заманбап илим-билимди сиң-



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Биз кандай адамды дили таза адам деп атайбыз?
2. Эгерде адам абдан бай, сулуу, көркөм болсо, ал адамды көңүлү ачык, акылман деп атаса болобу? Жообуңду негизде.
3. Төмөнкү аңгемени окуп, адамдын ички жана сырткы сулуулугу жөнүндө пикир жүргүз.

### ПАДЫШАНЫН ЭКИ КЫЗМАТКЕРИ

Падышанын эки кызматкери бар экен. Бири абдан сулуу болуп, экинчиси анын тескериси эле. Бир күнү падыша экөөн сыноо максатында алдына чакырды жана сулуу кулуна карай:

– Шеригиң жөнүндө эмне дейсиң? — деди. Ошондо ал:

– Анын пейили абдан жаман. Ишеничтүү эмес. Колунан ар кандай жамандык келиши мүмкүн, — деди.

Падыша берки кызматкерин алдына чакырып, деди:

– Шеригиң жөнүндө эмне дейсиң?

– Падышам! Мен шеригим жөнүндө бир ооз сөз айта албаймын. Болгону, анын жакшылыгын көрдүм, — деп жооп берди.

Ошондо падыша дагы сурады:

– Ал сен жөнүндө жаман ойдо, буга эмне дейсиң?

– Падышам! Эч бир пенде айыпсыз эмес. Мен өз кемчилдиктеримди билемин.

Кийин падыша кулку жаман кызматкерин чакырып, мындай деди:

– Сенин дилиң таза эмес экен. Мага жардамчы боло албайсың. Тез сарайымдан кет! Падыша берки кулуна карап:

– Көңүлүң тышкы көрүнүшүңдөн кооз экен. Сен менин ишенимдүү кишимсиң.

**«Hikmatlar xazinasi»**

диргүү зарылдыгы жөнүндөгү ой жадиддердин агартуучулук ишмердүүлүгүндө эң негизги максат эле. Улутту, элди билимдүү кылууга бүт өмүрлөрүн арнаган мекендештерибизден Бехбудий, Мунавваркары, Фитрат, Чолпон, Пахлаван Нияз Хажы, Абдулла Авланий, Хамза Хакимзаада, Абдулла Кадырийлердин салымдары чоң болду.

Мамлекетибиз эгемендикке жетишкенден соң агартууну калыбына келтирүү жана өнүктүрүү үчүн кең мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Руханият менен билимдин шайкештиги эмнеде көрүнөт? Коомдо жарандардын руханияты агартуучулук жараяндары менен тыгыз байланышкан. Адамдын руханияты ал өздөштүрө турган билимдер, практикалык тажрыйба жана көнүгүүлөрдүн негизинде, чыгармачыл өнүгүүсү менен байланыштуу.

Руханияттуу адам эркин жана азат коомдо жашоодон кызыкдар болуп, өзүнүн коомго пайдасы тийиши, коомдо абройлуу орун ээлеши үчүн жанын үрөйт, астейдил аракеттенет. Болгону нагыз билимге ээ болсо гана мындай иштерге жөндөмдүү болот. Турмуштук билим жана тажрыйбага ээ болбогон адамдын коомго пайдасы тийбейт. Адамдын руханияты билимдүү болуууну камсыздайт. Илим жолунда ар ким өз жөндөмү, таланты жана умтулуусуна жараша белгилүү бир даражага жетишет.

Коомду билимдүү адамдарсыз элестетип болбойт. «Билимдүү адамды» мүнөздөөдө бул сөз айкашын билим алууда гана эмес, о.э. бардык кесиптердеги билимдерди ээлеген жана бардык ахлак нормаларын өздөштүргөн адеп-ахлактуу кишилерге карата колдонсо болот.

Жаш муундун бак-таалайы, тынчтыгы жана жыргалчылыгында китептин өзүнчө орду бар. Анткени жакшы китеп адамда Мекенге сүйүү, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга урмат сезимдерин өнүктүрүп, жакшылык жана изгиликке үндөйт. Эгемендик себеп элибиздин руханий өркүндөөсүнүн негизи болгон китеп окууга кызыгуу ойгонду, жогору билимдүү окурман түрүндө калыптанып келатат.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Төмөнкү учкул сөздү оку, андагы «руханият булагы»түшүнүгү сенин жашооңдо кандай мааниге ээ?

2. Кандай китептерди окугансың? Китеп окуу сага кандай ыраакат тартуулайт?

*Китеп – билим, руханият жана илимдин булагы. Ал адамды даңктай турган, анда сабаттуулуктун негиздерин калыптандыра турган, аны жеткилең инсан кылып тарбиялоочу күч.*

Улуу акын жана ойчул Алишер Наваий жазгандай, «китеп – кайрымдуу устат, сабат жана руханий өнүгүүгө жетишүүнүн эң негизги булагы». Элибиздин тилинде да китеп окуп билим жана татыктуу таалим-тарбия алуу, илим менен алектенүү, өнөр-кесип үйрөнүү жөнүндө макалдар абдан көп. Мисалы «Китепсиз акыл – канатсыз куш», «Бакыттын белгиси – билим», «Билим – акыл чырагы», «Сулуулук – илим-билимде», «Илим бакыт келтирет, билим бийликке жекирет», «Өнөр – агар булак, илим – жанар чырак», «Алтын алба, билим ал, билим алсаң, билип ал».

Билимдүү адамдын руханий-ахлактык сапаттары анын китеп окуу жана алардан ыракаттанып, китептен алган изги сапаттарды жашоосунда колдоно алуусу менен белгиленет.

Нормативдүү документтердин негизинде эгемендүүлүк жылдарында мамлекетибизде билим берүү мекемелери үчүн окуу адабияттарын жаратуу жана окуучуларга жеткирүүнүн бекем системасы жаратылды. Китеп окууну күчөтүү, жарандарды, айрыкча, жаштарды билимдүү кылуу боюнча мыйзамдык документтер иштеп чыгылды.

Китеп окуу өздүгүбүздү таануунун негизги чендеринен бири, ал аркылуу жаштарыбыз түрдүү «массалык маданияттын» терс жагдайларына түшүп калуудан өздөрүн асырап-абайлашат. Жаштарыбыздын турмуштук көнүгүүлөргө, тажрыйбаларга жетишүүсүндө эң жакын досу жана жол көрсөтүүчүсү китеп эсептелет.

**Сабактан таалим.** Билимдүү адам адал эмгеги менен байлык жаратат, изилдөөчү, ынсаптуу, эмгекчил, ишкер, эл-журтту ойлой турган чыныгы патриотко айланат. Мындай жарандарга ээ болгон мамлекет жана коомдун руханияты да жогору баскычтарга көтөрүлөт. Мындай даражага жетишүү үчүн көбүрөөк китеп окуу керек.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Адамдын билимдүү болуусунун ачкычы эмнеде?
2. Өнөрү бар, бирок илим үйрөнбөгөн адам билимдүү боло алабы?
3. Жеткилең инсан болуу үчүн адамдарда кандай сапаттар калыптанган болушу керек?



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Перзентти дүйнөгө келтирбеген, бирок ата-энедей кадырлуу, ардактуу. Ал ким?

# 13-§ Эстетика жана руханият











## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Эстетиканын адам жашоосундагы орду эмнеде?
2. Кандай адамдарга карата «эстетикалуу» деген сөздү иштетебиз?
3. Сулуулукту сен кандай түшүнөсүң?
4. Ишкерлер, улуттук кол өнөрчүлөр даярдаган буюмдарга карай эстетикалуу иштелиптир деген сөздөрдү уккансыңбы?
5. Эстетиканын руханият менен кандай байланышы бар?
6. Ушул сүрөттөрдү эстетика түшүнүгү менен байланыштыр.

Инсандардын мамилеси, сөзү, акылы, кийиниши, алардын адептүүлүгү, назик диттүү экенинен кабар берет. Ошондуктан, адамдын акылы, сырткы көрүнүшү, сөзү, дегеле, изги сапаттарынын айкалышуусуна карап, эстетика деп аталат.

Эстетика (арабчасы nafosat – барк, баалуу зат, байлык) – коолдуктун түрү болуп, нерсе жана окуялардын сырткы көрүнүшү (формасы, түсү) өзгөчө түгөлдүктү, жеткилеңдикти, шайкештикти туюнтат.

Адамга мүнөздүү болгон эстетикалык маданият анын коомдогу активдүүлүгү жана орду, башкалар менен мамилеси, материалдык жана маданий мурасын өздөштүрүүсүнө да байланыштуу болот.

Адам сулуу болушу үчүн сырткы көрүнүшү гана эмес, ошону менен бирге ички дүйнөсү, руханий-ахлактык сапаттары да өзгөчө мааниге ээ. Эсте-

тика адамдын ой жүгүртүү мүнөзүн жана эмгегинин гана эмес, ошондой эле билим даражасынын да натыйжасы эсептелет. Адамда бардык нерсе кооз болушу керек. Руханияттуу адамдын ой жүгүртүүсү да, сүйлөө сабаттуулугу да кооз болот. Бул адатта өз ара мамиледе байкалат. Мамиле маданияты ар бир кишинин өз ара мамилесин белгилей турган фактор. Адамдын өз ара мамилесинде байкала турган сүйлөшүү маданияты киши мүнөзүнүн кооздугун көрсөтө турган руханий-ахлактык сапаты эсептелет. Өз ара мамиледе ак көңүлдүүлүк, сылыктык, адептүүлүк, кеңпейилдүүлүк сыяктуу ахлактык ченемдер өз чечимин табат.

Жогорку маданияттуу кишилердин мамилесинде ыйбаа, тартынуу, сылыктык жана адептүүлүк даана көрүнүп турат. Мындан сырткары, сүйлөшүү да маданияттын маанилүү сапаттарынан саналат.

Даанышмандар айткандай, адамда бардык нерсе кооз болушу керек: көрүнүшү, кийими, дили, ою да. Демек, эстетика сырткы сулуулук менен руханий кооздуктун шайкештигин өзүндө камтыйт.

Мамиле — адам үчүн зарылдык эсептелет. Мамиле маданияты башкалардын кадыр-баркын, урматын ордуна коюу сыяктуу салттык ахлактык-нормативдик талаптарды аткарууну шарттайт.

## БИЛИП АЛ

Адеп – таалим — адамгечилик бири-бирин логикалык жактан толуктоочу тарбия каражаты, сапаттардын жыйнагы болуп эсептелет. Буларга ээ болгондор – жакшы адамдардын тобун түзүшөт. Мындай кишилер көркөм сапаттардын булагы эсептелип, алардын дилинен дайыма мээрим жана өрнөктүн булагы оргуп турат. Анткени, кооз мүнөз – кооз дилдин көрүнүшү болуп саналат.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Эстеп көр, бардыгыбыз билген Даниель Дефонун дүйнөгө белгилүү «Робинзон Крузо» чыгармасында негизги каарман Робинзон адам жашабаган ээн аралда канча жыл жалгыз жашайт?
2. Робинзондун адамсыз аралда жалгыз жашашы анын адамдык сапаттарына канчалык таасир көрсөтөт?
3. «Робинзон Крузо» чыгармасынын баш каарманын эстетика менен кандай байланышы бар?

«Биздин суктана турган улуу тарыхыбыз бар. Суктанууга татыктуу улуу ата-бабаларыбыз бар. Суктанууга арзырлык чексиз байлыктарыбыз бар. Жана дагы, насип кылса, суктанууга арзырлык улуу келечегибиз, улуу адабиятыбыз жана искусствобуз да албетте болот деп мен ишенем».

**Шавкат Мирзиёев**

Анын эң жаркын, мазмундуу жана таасирдүү таризде көрүнүшү сөз, сүйлөө аркылуу байкалат. Сүйлөшүүнү жана угууну билүү маектешүү маданиятынын маанилүү жактарын түзөт. Сөзгө чечендик адамдын руханияты жана билиминин негизи саналат. Чечендик да адабият, элдик оозеки чыгармачылык, икусствонун бардык түрлөрү менен байланыштуу.

Таттуу сүйлөгөн адамдын кулк-мүнөзү аруу, кичипейил болот. Жакшы сөз, жакшы адамдын айланасында жакшы инсандарды чогултат. Илимдин эң бийик чокулары да сөз маданиятын үйрөнүүдөн башталат. Сөзмөрлүк адамдарды бири-бирине жакындатат, ынтымакка үндөйт. Чечендик өнөрү адам руханиятынын ажыралгыс бөлүгү болуп, ал – сөз сүйлөө, сөзмөр болуу деген маанилерди билдирет. Чечендик өнөрү адамдардын сөзгө усталыгын, чечендигин билдирет.

Эстетиканын адамдын руханиятына таасири жаштардын көз карашы жана алардын ой жүгүртүүсү аркылуу көрүнөт. Мисалы, адам өзүн курчап турган бардык нерсе-окуялардын кооз болушун каалайт. Биз тагынып жүргөн саат, кийген кийим, биз айдаган ма-



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Эстетиканы сен кандай түшүнөсүң? Жадыбалды улант. Ар бир түшүнүктү эстетика менен байланыштырып мүнөздө.

| Эстетика | Мүнөздөмө |
|---|---|
| сөз өнөрү | |
| тыкандык | |
| сырткы көрүнүш | |
| кийинүү маданияты | |
| сөз устасы | |
| тажрыйбалуу тигүүчү | |
| тажрыйбалуу кол өнөрчү | |
| тажрыйбалуу ... | |

шина, биз уча турган самолёт, биз жашап турган үй – алардын бардыгында эстетиканын өзүнө мүнөздүү орду бар.

Сен эс алуу күнүндө ата-энең же башка туугандарың менен театрга бардың. Ал жерде үй-бүлө жөнүндө бир спектакль коюлду. Зал толтура адам. Баарынын көзүнөн шаттык сезилип турат. Сахнада спектакль коюп жаткан актёрлор өз ролдорун ушундай чебердик менен аткаргандыктан, кудум бир чындап ошол окуя – жараян көз алдыңа тартылгандай сезилет. Сахнада айтылган кыска көлөмдөгү ырлар ушундай жаңырат дейсиң, бул ырлар жүрөгүңдүн түпкүрүнө кирип, эрксизден көзүңө жаш аласың. Спектаклдын аягында роль ойногон актёрлор театрга келген көрүүчүлөргө таазим этишет. Бул орунда руханияттын эстетика менен жуурулушуусун сезип гана калбастан, о.э. өз көзүң менен көрөсүң дагы.

Адамдардын өздүгүн таануусу, элинин маданий мурасын, искусствосун, көркөм, руханий мурасын билиши жана барктоосу: адал эмгектенүүсү жана бар күч-кайратын, билимин Мекендин тагдыры жолунда жумшоосу анда эстетикалык маданияттын калыптанганынан кабар берет. Руханияттуу адам гана эстетиканы баалайт. Ойчулдар айткандай – сулуулук дүйнөнү куткарат.

**Сабактан таалим.** Адамдар өз эстетикалык маданиятын өнүктүргөн сайын коомдун руханияты байып барат. Эстетика адамдын бүтүндөй ички жана сырткы дүйнөсүн, назик жактарын өзүндө айкалыштырган руханияттын бир түркүгү эсептелет.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Эстетика жана искусствонун өз ара байланыштуу жактары жөнүндө ой жүгүрт.
2. «Массалык маданияттын» эстетикага кандай таасири бар?
3. Билимдүү адамдын руханияты кандай деңгээлде болот? Оюңду негизде.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Жаш-карынын баары ага муктаж. Ал эмне?

14-§

# Адамдын руханиятынын калыптануусунда имидждин орду









## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Сен досторуң менен сүйлөшкөндө «имидж» терминин иштетип турасыңбы? Оюңча имидж эмнеге салыштырмалуу иштетилет?
2. Адамдын имиджи, ишкананын имиджи, окуучунун имиджи дегенде эмнени түшүнөсүң? Кандай көрүнүштөр көз алдыңа келет?
3. Белгилүү бренддерге ээ болгон продукцияларды көз алдыңа келтир. Алардын продукция белгилери эмне үчүн өзгөрбөйт?

Имидж (анг. image — түспөл, сүрөт) — бул белгилүү бир киши, ишкана же башка социалдык объектке салыштырмалуу адамдардын аң-сезиминде калыптанган түспөл болуп саналат. Ал таанып-билип жаткан объект жөнүндө сезимдик жактан коздолгон маалыматтын чоң көлөмүн сактайт жана белгилүү бир социалдык иш-аракетке түрткү берет.

Имидж өз ээси жөнүндө маалымат берет, тез өзгөрөт, адамдардын аң-сезимине, туюмдарына, ишмердүүлүгүнө жана иш-аракеттерине таасирин тийгизет.

Имидж адамдардын руханиятына таасир көрсөтөт. Туура тандалган имидж адамдын өзүнө болгон ишенимин арттырат. Адамдар имидж аркылуу өздөрүнө көңүл буруу, кайдыгер эмес мамилелерди орнотуу, жакшы мамиле көрсөтүүсү мүмкүн.

Имидж адамдын эң жакшы сапаттарын көрсөтүүгө жардам берет. Адамдагы жеке терс касиеттерди жашырат. Мисалы, косметика-макияж, кийим жасалгалары, фасону, чач жасалгасы ж.б. аркылуу адамдагы бар болгон кемчиликтерден кишилердин көңүл буруусун чалгытуу мүмкүн. Жагымдуу имидж адамдардын көңүл буруусун өзүнө тартат, башкаларда жакшы таасир калтырат.

Дресс-код деген эмне? Кийим-кечени милдети адамды сууктан, жамгырдан коргоо гана эмес, о.э. өзүнө көңүл бурдуруунун каражаты да болуп саналат. Кийимдин бирдиктүү түрүнө болгон талап мекеме, ишкананын маданиятын, бирдиктүү рухту, мекемеге карата оң мамилени, анын өнүгүүсүнө тиешелүүлүк сезиминин пайда болуу-



## БИЛИП АЛ

**1-алтын эреже!** Кыздарыбыз же жигиттерибиз кандай кийим кийүүлөрүнөн көз карандысыз түрдө элибизде жазылбаган, бирок кылымдар бою жетип келген адеп-ахлак эрежелеринен четке чыкпоолору зарыл.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Макалды оку. Анын мазмунун имидждин кишилер арасындагы ылайыкташуу иш-аракети менен байланыштырып түшүндүрүп көр.

   *Кийимиңе карап күтүп алышат, мамилеңе карап узатышат.*

2. Төмөнкү текстти окуп, жараянга өз мамилеңди билдир.

*Расулжан чоң жолду бойлой мектепке бара жаткан эле, көзү көчөнүн кесилишинде турган реклама баннерине түштү. Баннерде үй үчүн жарашыктуу кооз пардалардын рекламасы берилген экен. Парданын жанында аны көрсөтүп турган аялдын сүрөтү Расулжандын көңүлүн өзүнө тартты. Анда аял футболка жана шым кийип алган эле. Расулжан дароо «Рухант негиздери» мугалими, «Адабият» мугалими сабакта айткан өзбек аялдарынын улуттук кийими жөнүндөгү пикирлерди эстеди. «Эч болбосо ушул сүрөткө заманбап улуттук кийимде түшкөндө канчалык сулуу көрүнүш болот эле, эх, бул сүрөттү өзгөртүүгө мага жол болсун», деди да, жолун улантты.*

3. Кандай ойлойсуң? Расулжан реклама баннериндеги сүрөттү өзгөртүүгө өз салымын кошо алабы? Анын активдүү жарандыгын кандай түшүндүрөсүң?
4. Ушул реклама баннериндеги парда тигүүчү ишкананын имиджине бул абал кандай таасир көрсөтөт?

**БИЛИП АЛ**

**2-алтын ереже!** Мектеп имаратында же расмий жайларда, мисалы музей, тарыхый жайларда, улуттук майрамдарда катышканда джинсы шым, майка жана футболкада, тунук, ачык көйнөктөрдө, спорттук кийимдерде, жыртык шым жана көйнөктөр менен барууга болбойт.

Имидж эки түрдүү болот. Булар:
— корпоратив – (уюшма, фирма, ишкана, мекеме, саясий партия, коом уюшмасы ж. б)
— индивидуал — саясатчы, бизнесмен, артист, жетекчи жана башка белгилүү бир түр жана кесип багытындагы өзүнчө кишилердин имиджи.

сун чындоого шарт жаратат. Кийим кемчилдиксиздиги, сапаттуулугу жана тазалыгы менен айырмаланышы керек. Кийимдеги тартиптүүлүк жана ыкчамдык көбүнчө адамдардын иште, окууда жана коомдо кандай орун тутуусу менен белгилене турган маанилүү жактарынан бири болуп саналат. Жарандык коомунун активдүү мүчөлөрү кие турган кийим-кечелер кандай болушу керек:

- шым алды жактан бут кийимдин үстүнө азыраак бүгүлүп турушу, арт жактан таканын (каблуктун) башына же ортосуна жетиши зарыл;
- шымдын сызыгы жакшы үтүктөлгөн болушу керек;
- шымга тагыла турган кур башкаларды өзүнө тартпай турган жөнөкөй болушу зарыл.

**Көйнөктүн көрүнүшү:**

- бел айланысында топтолуп калбастыгы, шишип турбастыгы жана курдун астынан чыгып кетпестиги керек.
- көйнөк дайыма костюмдагы эң кочкул түстөн жаркын болушу керек.

**Кийимдин жакасы:**

- белгилүү бир өлчөмгө ылайык болушу зарыл;
- ал уйпаланбаган жана галстук менен бир бүтүндүктү түзүшү керек;
- ак көйнөктөгү сызыктар ар кандай түстө болушу мүмкүн, бирок костюмдун ичинен ар түрдүү чоң гүлдүү көйнөктөрдү кийбөө керек.

**Галстук тагынуу:**

- костюмга ылайык болушу керек;
- ар кандай тандалган галстук көзгө даана ташталбастыгы зарыл;
- галстуктагы негизги түс костюмдагы түскө ылайык болгону жакшы;
- галстук тагынганда анын түйүнү көйнөктүн жакасына ылайык келиши керек.

**Бут кийим:**

- ➔ бут кийим айланадагылардын көзүнө ташталып турбастыгы жана ээсине ыңгайсыздык туудурбастыгы керек;
- ➔ бут кийимдин түсү адатта кара болгону оң;
- ➔ кара же кочкул түстөгү бут кийим менен ак байпак кийилбейт.





## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

*Автобустун салону адамдар менен толо... Жолоочулар өз ойлоруна берилишкен. Бара турган дарек алыс. Ортодо келбеттүү, тыкан кийинген, галстугу ак көйнөгүнө абдан жарашкан бир жигит да ойго батып келе жатат. Орундуктардын биринде олтурган кыз болсо аны четтен күзөтө баштады.*

*«Кандай маданияттуу, келишкен экен ээ, бул жигит. Кимдин жары болсо да, сүйгөнүнүн бакты бар экен». Ушундай ойлор менен кыз «белгилүү объектти» күзөтүүнү улантты...*

*Кезектеги бекетте автобус жолоочуларды түшүрүп, дагы даректи карай жол тартты. Ошол учурда күтүлбөгөндө «каарманыбыз» автобустун терезесинен башын чыгарды да, адамдардын кыжырын келтире турган түрдө сыртка карап түкүрдү. Бул абал бир-эки жолу кайталанды. Мындай күтүлбөгөн абалдан кыздын оюу өзгөрдү. Бая эле арстан келбеттүү сезилген жигит эми анын оюнда уятсыз, тарбиясыз кишиге айланды.*

*Ооба, тилекке каршы кээде кооз сырткы көрүнүш менен ички дүйнөнүн ортосунда жер менен асмандай айырма бар...*

**«Ummondan durlar»**

1. Сен бул абалды кандай баалайсың?
2. Бул жараяндын имиджге кандай байланышы бар?
3. Бул «каарманда» руханият кандай даражада өнүккөн? Пикириңди негизде.

**Аялдар үчүн иш кийими:** Юбка, костюм же көйнөк жана костюм. Юбка узун да эмес, кыска да эмес, эң ылайыктуу узундук тизеден төмөн болушу зарыл. Кол сумка жөнөкөй жана таза болушу керек. Аны жакшы жабылышы үчүн толтуруп жибербестик керек.

Туфлинин алды жабык болушу зарыл. Чач түрмөгү татаал болбостугу керек, бирок жакшы ойлонгон болушу, чачтын түсү табигый болушу зарыл. Макияж жөнөкөй болушу, тырмактар түссүз болушу керек.

Мойнуна таштала турган жоолук же шарф жакшы белги эсептелет. Тандалган кийим мезгил жана чөйрөгө төп келиши керек. Аялдардын сулуу көрүнүшүндө дагы бир кичине сыр жашырынган. Бул алардан таралып туруучу жыпар жыттын сыры. Атырдын жыты ички жана сырткы сулуулукту айкалыштырып турат.

Кээ бир адамдар сулуу болбостугу мүмкүн, бирок аларда руханий сапаттар көп болсо, башкалардын көңүл буруусун тартат. Ишкер киши сылык, ак көңүл болушу, маектеши менен сүйлөшкөндө өзүнүн пикирлерин эркин туюнта алуусу керек. Адамдын ички дүйнөсүн туюу, аны түшүнүү, алдын ала боло турган сүйлөшүүлөрдүн чечимин сезүү же маектешинин маанайын билип, теманы өзгөртүү жөндөмүнө ээ болгон адам гана изги максатын ишке ашырууга себепчи болот, жамандыктардын алдын алат.

**Сабактан таалим.** Адамдын имиджи анын көз карашы, руханиятынын күзгүсү. Руханият болсо, адамдын бардык көз караштарынын чени болуп эсептелет.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Имидж адамдын руханиятына кандай таасир көрсөтөт?
2. Билим мекемелеринин окуучусунун имиджи кандай болушу керек?
3. Белгилүү бир уюмдун өнүгүшүндө имидж кандай орун тутат?
4. Сен өз имиджиңди жаратууда негизинен эмнелерге көңүл бурасың?



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Кийими бар, бирок «жылаңач»... Ал ким?

# 15-§ Адамдын руханиятында этиканын орду

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Этикет» түшүнүгүнө мүнөздөмө бер. Сен этикет дегенде эмнени түшүнөсүң. Этикетти үйрөнүү эмне үчүн керек?
2. Адеп-ахлак эрежелери менен этикеттин кандай айырмалуу жана окшош жактары бар?
3. Коомдо кабыл алынган тартип-эрежелерди – этикеттин алтын эрежелери деп атоо мүмкүнбү? Пикириңди негизде.

Этикет (frans. etiquette – белгилүү бир жерде орнотулган тартип-эреже) — адам жана коомдун тышкы маданиятынын негизги бөлүгү болуп, кылымдар бою сулуулук, тартип, акыл жана идиректин шайкештигинин негизинде калыптанган эстетикалык нормалардын комплекси.

Этикет адамды башкалар менен чын жүрөктөн кылган мамилеси, анын руханий-маданий деңгээли, ахлактык нормаларды көздөй жетелөөчү тарбияны өз ичине алат.

Ар бир адамда этикет өнүгүү касиетине ээ жана ал ар кимде ар түрдүү даражада калыптанат. Бул адамдын сырткы маданияты, өз ара мамилелерде өзүн тутушу, адеп-ахлак эрежелерине кандай даражада амал кылышы менен белгиленет.

Мамиле аңгемелешүүнүн маанилүү каражаты эсептелет. Мында жалпы кабыл алынган эрежелер бар. Маектешинин сөзүн бөлбөстөн угуу урматтын гана белгиси эмес, о.э. адамдын зыйнаты да болуп саналат. Этикеттин алтын эрежелери бар, алар жөнүндө сүйлөшөбүз.

Саламдашуу – тилибиздеги мээрим, сүйүү, боорукерлик, кадыр-барк деген терең маани-мазмунду өзүндө камтыган түшүнүктөр руханий баалуулуктарыбыздан эсептелет.

Саламдашуу – маани-маңызы менен кайдыгер эместикти көрсөтүүчү жана урматты билдирүүчү адат. Саламдашуу күндөлүк жашообузда көп пайдаланы-

Адепте анын белгилүү бир шарттарына амал кылуу зарыл. Ар бир кишиге мамиле кылганда, анын сага карата жашы, кадыр-баркы кандай экенин эсепке алуу керек. Башкалардын аброю сага салыштырмалуу төмөн болсо да, жогору болсо да, аларга жакшы мамиледе болуу керек. Алар башкача иш кылышса да, сен эсеп менен иш көрүшүң зарыл. Мындай түрдөгү ишиңдин жообун акырет күнү көрөсүң. Кыскасы, бардык адамдарга жакшы мамиледе болуу зарыл.

**«Хамса»**

ла турган сапат эсептелип, кишиден кичипейилдикти талап кылат.

Маектешти угуп жатканда мүмкүн болушунча, башка нерселерге чалгыбоо керек. Айтып жаткан сөздөрүн тастыктоо маанисинде башыңды ийкеп, «чын эле», «туура», «таап айттыңыз», «мен да кошуламын», «таамай мүнөздөдүңүз» өңдүү ырастоо маанисиндеги сөздөрдү айткан оң.

Маектешүү жараянында кээде бир нече киши катышышы да мүмкүн. Мындай жагдайда маектин темасы ар бир адам үчүн кызыктуу жана түшүнүктүү болушуна жетишүү керек. Айланадагы маектешүүчүлөр үчүн таптакыр тааныш эмес болгон темалар – окуудагы, мекеме же ишканадагы чыр-чатактар, кемчиликтер, үй-бүлөдөгү карама-каршылыктуу жагдайлардын кызыгы жок.

Азыркы күндө телефон тармактары аркылуу жасалуучу маек да мамиле маданияты чегинде болушу керек.

Заманбап этикетке ылайык, телефондо сүйлөшүүнүн да тартип-эрежелери бар. Алар, негизинен, төмөнкүлөр:

- Сүйлөшүү кыска-нуска, анык максатка багытталган болот;
- Адашып түшкөн адамга терс жана кескин эмес, сылыктык менен жооп кайтарылат;
- Сүйлөшүүдөгү «кечиресиз», «сураныч», «ыракмат», «ыраазымын» сыяктуу сылык сөздөрдөн пайдалануу максатка ылайык саналат.

Кийим — адамдын маданий деңгээлин көрсөтүүчү негизги белгилерден бири эсептелет.

Кийинүү маданияты — адамдын тышкы көрүнүшүн, анын руханий дүйнөсүн, эстетикалык дитин, о.э, ахлактык сапаттарын жана акыл деңгээлин туюнта турган түшүнүк. Ата-бабаларыбыздан калган руханий мурастарда кийинүү маданияты, дит, парасат, ыйбаа сыяктуу адамдык сапаттар менен байланыштуу түрдө баяндалган.

Кийинүү адамдын сулуулук, эстетика, кооздук, адепке таандык көз караштарын чагылдырат. Ошондуктан кээ бир элдерде «Кийимине карап күтүп алышат», деген накыл сөз бар.

**Сабактан таалим.** Этикет – адамдын ички руханий дүйнөсү менен сырткы руханий деңгээлин чагылдыруучу күзгү. Андыктан, назик диттүү, жогорку руханияттуу киши гана бардык руханий-ахлактык сапаттарды өзүндө камтый алат.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Ким биринчи салам бериши керек деп ойлойсуң?
2. Мына бул жагдайга өз пикириңди билдир. Сен кандай саламдашууну туура көрөсүң?

*Ф. аттуу 10-класстын окуучусу үйүнөн чыгаарда тизеден ылдый түшүп турган юбка жана кофта кийип чыкты. Ф. кошуна подъезддин лифтине кирип, юбкасын өзүнүкүнө салыштырмалуу 30-40 см кыска юбкага, кофтасын болсо, денесин кысып туруучу тар, өтө жука ак матадан тигилген кофтага алмаштырып, белине чейин түшө турган чачтарын жайып чыгып кетти. Үйгө кайтаарда бул жагдай тескерисинче кайталанды.*

*Ушул жагдайды көрүп турган кошуналардын бири улуу жаштагы апа Ф. га эскертүү бермекчи болду. Буга жооп катары ал «Сизге эмне?» дегендей орой мамиледе болду.*

Мындай жагдайга карата сенин пикириң?

3. Ушул текстти окуп, улуттук кийимдер жөнүндө өз пикириңди мүнөздөп бер.

*Адамзат тарыхынан белгилүү болгондой, улуттук кийимдер элдердин маданияты жана руханиятынын күзгүсү. Ар бир улут кийимдеринин калыптануусунда ошол улуттун географиялык жайгашуусу, социалдык жашоо мүнөзү өзгөчө орун туткан. Коомдун өнүгүшү, глобалдашуу жараянында да кийимдердин өркүндөп барышына өз таасирин көрсөтүп келет.*

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Өз-өзүңдөн качуу аргасыз, бекер... Ал эмне?

# 10-классты аяктайбыз!

**Ардактуу окуучу!** Бул окуу жылы бою «Руханият негиздери» предмети боюнча сабактарыбыз да аяктап калды.

Сен өткөн окуу жылында адамга таандык болгон руханий-ахлактык сапаттар жана аларды аткарууда үй-бүлө, маале жана мамлекеттин ордун түрдүү накыл сөздөр, аңгеме, жомоктор, коомубуздун өнүгүүсүнө салым кошкон улуу ойчулдардын насааттары аркылуу окуп үйрөндүң, талкууладың. Руханият түшүнүгүнө анын аракетке келтирүүчү каражаттар жөнүндөгү маани-мазмун аркылуу тереңирээк кирип бардың.

Ошондуктан, руханият адам жана коомдун жашоосундагы өзүнө мүнөздүү баалуулуктар болуп саналат. Ансыз коомдун да, адамдын да жашоосун элестетүү мүмкүн эмес. Тарых жана маданияттын өнүгүшү маданияты жана руханияты жогору эл, улут гана өздүгүн таанырын, башкалар менен адамдык мамиледе боло алышын көрсөтөт.

Руханият – адамдык мамилелерде, коомдун жашоосунда өзүн тута билүү жана башкалардын алдында ким экендигин көрсөтө алуу болуп эсептелет. Анда мээрим, изгилик, адамды таанып билүү, аны түшүнүү, кечиримдүү, ыймандуу жана ыйбаа болуу, башкаларга жакшылык кылуу сапаттары бар. Эң маанилүүсү, сен руханият түшүнүктөрүн, ар түрдүү накыл сөз жана уламыштардын негизинде өздөштүрүү менен бирге, баалуулуктарыбыздын түбөлүктүүлүгү, материалдык жана руханий жашоонун шайкештиги, улуттук идеянын руханиятка болгон таасири сага көп нерсени өздөштүрүүгө жардам берет.

Адамдык сапаттарды өстүрүүдө тынымсыз практикалык, турмуштук тажрыйбага, терең теориялык билимге, адабият жана агартууга таянып, руханий ишенимиңдин дагы да бекемделишине кызмат кылат.

Коомдун жашоосунда жашап, анын руханиятынан таасирленбей калбайбыз. Андыктан, жарандык коом адамдык сапаттар, жогорку руханияттуу, өз укук-милдетин жана тарыхын, үрп-адатын, каада-салттарын урматтаган, аларга туруктуу калып, бүгүнкү глобалдашуу жараянына өзүнүн билими жана маданияты, руханияты менен жооп бере ала турган жаштардын коому да болуп саналат. Мындай коомго татыктуу болушуңа сен өздөштүргөн ушул китеп руханий негиз болуп кызмат кылышына ишенебиз.

Сен өткөн окуу жылы бою өздөштүргөн темаларды аяктабайбыз. Кийинки окуу жылында руханиятка тиешелүү түшүнүктөрдү кененирээк өздөштүрүүгө, руханий дүйнөңдү мындан да байытууңа жардам бере турган темаларды окуп үйрөнөсүң.

Руханий сулуулукту дилиңде орнотуудай изги максатыңа ийгиликтер каалайбыз. Билим алууга болгон умтулууң, китеп окуугa болгон кызыгууң эч качан өчпөсүн!

# 11-КЛАСС

1-§

# Адам — кишилик коомунун жаратуучусу






## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Коомду адамдарсыз элестетүү мүмкүнбү?
2. Адам түшүнүгүнө мүнөздөмө бер.
3. Эмне үчүн адам коомдун түзүүчүсү дейилет?
4. Сүрөттөрдө кишилик коомунун кандай түзүүчүлөрү сүрөттөлгөн?

Инсан башка жандыктардан өзүнүн эстутуму, ой жүгүртүүсү, тили менен айырмаланып турат. Адамдын ишмердүүлүгүн башкаруучу иш-аракеттер ушул тил аркылуу муундан-муунга узатылат. Бул коомдо адам маданияты менен гана жогоруга көтөрүлөт.

Ошондой эле, адамдын жашоосунда эмгек негизги ролду ойнойт. Эмгек себеп адам жашап жаткан табигый чөйрөсүн жакшылайт, материалдык жана руханий байлыктарды жаратат, өзүн-өзү өзгөртөт. Мындан сырткары, эмгек адамдын физикалык гана эмес, о.э. руханий, маданий өнүгүүсү үчүн да өтө маанилүү фактор болуп эсептелет. Эмгек себеп адам табият менен мамилеге киришет. Эмгек сулуулук жана жыргалчылыктын ортосундагы ачылыштар жана өзгөрүүлөрдүн негизи саналат. Эмгек жаштарды бүгүнкү күнгө гана даярдабастан, ошону менен бирге, ал үчүн жаркын келечекти жаратууга да үндөйт.

Адам жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин түрдүү мамлекеттерде, түрдүү доорлордо түрдүүчө мүнөздөмө жана сүрөттөөлөр берилген.

Адам жана анын маңызы жөнүндөгү көз караштар баштап байыркы Индия жана Кытайда пайда болгон. Байыркы Индияда кишинин келип чыгуусу жөнүндө «адам каерден пайда болгон», «биз каерде жашайбыз» сыяктуу суроолор аалымдар тарабынан терең үйрөнүлгөн жана адамдын социалдык-руханий маңызына анализ жасалган. Адамга аныктама берүүдө кытайлык Конфуций таанып билүү — адамды билүү деп айткан. Адам тынымсыз өзүн-өзү таануу аркылуу жеткилеңдикке жетишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Немис аалымы Эммануэль Кант адамды дүйнөдөгү эң негизги жандыкка теңдештирет.

Байыркы грек философтору болсо адамга өзгөчө аныктама беришет. Алсак, Сократ, Платон сыяктуу ойчулдар адам өз жашоосун жакшылык менен аяктоо мүмкүнчүлүгү бар экенин айтып өтүшкөн. Алардын оюнча, адам руханий жандык катары ыйык мааниге ээ.

Мекендешибиз, ойчул Абу Наср Фарабий адамдын бардык тирүү жандыктардан айырмасы, анын акылэстүүлүгүндө дейт. Дагы бир окумуштуу Абу Райхан Беруний адамды кудай жаратканын көрсөтүп, азыркы маалда анын бүтүн жашоосу жана дене түзүлүшү географиялык факторлорго байланыштуу экенин көрсөтүп өткөн.

Азиялык окумуштуу Газзалийдин пикиринче, адам ыйык зат жана анын алдында дайыма коопкоркунуч бар. Анын айтышынча, көйгөйлөрдү, коопкоркунучтарды жок кылган киши гана бактылуу. Улуу окумуштуулар адамдарга өмүрүнүн маанисин, адамдын ыйык маңызын билүүгө умтулуу, адал эмгектенип башкаларга ак көңүлдүк менен, боорукер-ырайымдуу болууну түшүндүргөн.

Мавараунnaхрда кайра жаралуу доорунда илимге татыктуу салым кошкон аалымдардын эмгектеринде адамдын материалдык жана руханий жашоосу табият менен шайкеш түрдө мүнөздөлөт. Алардын ортосундагы мамилелер адамдын өнүгүүсү менен байланыштуу деп көрсөтүп өтүлөт.

**БИЛИП АЛ**

Адамды үйрөнүүчү аалымдардын оюнча, билимдерди 100 пайыз деп алсак, ошондон 97 пайызын аалам жөнүндөгү, бар болгону 3 пайызын адам жөнүндөгү билимдер түзөт экен.

**«Inson falsafasi»**

«Адамды жалын эмес, бейкапарлык күйгүзөт. Ал башкалардын кемчиликтерин көрөт, бирок өзүнө сокурдай карайт. Сен эмнеге кандай карасаң, ал да сага ошондой карайт».

**Жалалиддин Румий**

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Төмөнкү жадыбалды толтур. Байыркы Батыш жана Чыгыш ойчулдарынын көз караштарындагы адамга мүнөздүү болгон касиеттерди издеп тап.
2. Жадыбалдын 3 катарын өз пикириң менен түшүндүр.

| АДАМ ЖӨНҮНДӨ | | |
|---|---|---|
| **Байыркы Чыгыш ойчулдарынын көз караштары** | **Байыркы Батыш ойчулдарынын көз караштары** | **Окшош жактары** |
| | | |

Бөбөк үй-бүлөдө биринчи жолу социалдык-маданий баалуулуктарды өздөштүрөт. Кишинин калыптанышы, анын сапаттарынын калыптануусунда ал умтула турган маданий-социалдык чөйрө жана аткарышы керек болгон милдеттеринин да орду чоң.

Бүгүнкү демократиялык коомдун түркүгү эсептелген адам ар нерседен жогору турат. «Бардык нерсе адам үчүн жана анын пайдасы үчүн» деген түшүнүк улуу баалуулук түрүндө каралууда. Адамдардын социалдашуусу коомдун турмушунун жыргалчылыгы жана туруктуулугунун кепили. Адам табият жана коомдо инсан катары калыптанат жана өздүгүн көрсөтөт. Илим-билим жана техника адамдын руханий жана материалдык керектөөсүн кандыруунун фактору, маанилүү каражаты болуп кызмат кылат. Адам жогорку руханияты себеп гана өз муктаждыгын маданий түрдө акылдуулук менен толук кандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Адамдардын өзүн-өзү өркүндөтүп барышы, коомдун активдүү мүчөсү болушу, улуттун тагдырын ар нерседен жогору коюшу анын адамгерчилигинен кабар берет. Адамгерчилик улут менталитетинин ажыралгыс бөлүгү эсептелет. Өзбек улуту адамзат тарыхында көптөгөн оор мезгилдерди, согуш-жаңжалдар, жашоонун түрдүү адилетсиздиктерин баштан өткөргөн. Бирок тарыхтын түрдүү ырайымсыз башаламандыктары да, кызыл кыргындар да, табигый апааттар жана башка кыйынчылыктар да өзбек улутунун инсандык факторуна так түшүрө албады, башын ие албады.

Чыгышта инсандык сапаттар эрте ойгонгон. Анткени биздин мекенибиз Чыгыш маданиятынын эң мыкты салттарынын жолунан барып, меймандостук кылган, ким жардам сурап келген болсо, колун сунган, кеңпейилдик, сооптуу иштер-

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

*Чыныгы инсан ким жана ал негизинен кайсы касиеттери менен ардакталат? ... чыныгы инсан, бул – адилеттүү, туруктуу, терең билимдүү, динге, бекем ынанымга ээ болгон, эч кимден жардамын аябай турган, кеңпейил, чынчыл, эгекчил, жоопкерчиликтүү, кечиримдүү, аманатка бекем туруу сыяктуу сапаттарды өз мүнөзүндө көрсөткөн адам. Ал ошондой эле, ар жолу жаңы кырлары ачылып баруучу жандыктардын эң сырдуусу, сабырдуусу, акылдуусу жана даанышманы.*

*Маанилүүсү, мындай урматтуу кишилер коомубузда көп, аларды башкалар ээрчийт, сөздөрүн угушат, алардай өрнөктүү өмүр жолун басып өтүүгө өмүр бою умтулуп жашашат.*

***«Ummondan durlar»***

1. Чыныгы адам кандай сапаттарга ээ болушу керек?

ди көп жасоо, жамандык кылганга да жакшылык менен жооп кайтарууну өзүнүн адамгерчиликтүү милдети деп билген. Чыныгы адамгерчилик дегенде ушундай жогорку сапаттарды өзүндө камтыган коомдун мүчөлөрүн түшүнөбүз.

**Сабактан таалим.** Адамдардын үстөмдүүлүгү анын материалдык жана руханий сапаттарды өзүндө бир маалда көрсөтө алуусу эсептелет. Адам коом жана мамлекетте бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ, болгону бул мүмкүнчүлүктөрдү коомдун өнүгүүсү жолунда колдонсо, журт абат болот, элдин турмушу байыйт. Адамдын адамдыгы да анын руханий сапаттарды кандай деңгээлде өздөштүргөнү менен өлчөнөт.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Адамдардын өзүн өзү өнүктүрүп барышы дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Эмне үчүн Чыгышта инсандык сапаттар жөнүндөгү көз караштар Батышка караганда эртерээк пайда болгон? Пикириңди негизде.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Эшик ачык, бирок кирбейт. Ал ким?

# 2-§ Руханият – улуттун жүзү









## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Эмне үчүн руханият улуттун жүзүнө теңдештирилет? Ушул сүрөттөргө карап оюңду негизде.
2. Адам – коом – мамлекет руханиятка негизделет дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Руханият кандай ахлактык сапаттарды өзүндө камтыйт?
4. Сен бүгүн уйкудан ойгонуп эч нерсени эстей албай жатасың. Атыңды да, үй-бүлөңдү да, каерде экениңди да эстей албайсың. Мындай адам коомдо өз ордун таап кете алабы? Анын коомдогу орду кандай болот? Анткени адам өз ой жүгүртүүсү, жөндөмү, билими, акыл-эси – руханий дүйнөсү менен улуттун жүзүн, коомдун негизин жаратат го!

Руханият бардык ахлактык сапаттардын жыйындысы. Анткени руханият коомдун жашоосундагы ахлактык, диний, маданий, агартуучулук жана идеологиялык көз караштарды өзүндө толук камтыйт. Элибизге мүнөздүү руханий сапаттардын курамына кире турган көптөгөн түшүнүк жана терминдерди түздөн-түз башка тилдерге которуу кыйын. Бул улутубуздун руханий турмушунун канчалык бай экенин, элибиздин башкаларга эч окшобой турган бир топ өзүнө мүнөздүү улуттук-этникалык касиеттери бар экендигин, тилибизде болсо ушул чөйрөгө тиешелүү окшошу жок сөздөр бар экендигин билдирет.

Руханият, билим, ахлак – бул түшүнүктөр кимдир бирөө жөн эле ойлоп тапкан таттуу, кулакка жагымдуу сөздөр эмес. Бул түшүнүктөр кылымдар бою элибиздин көз карашы, руханий жашоосунун негизи түрүндө пайда болгон. Руханияттын ахлактык чендери адам тарбиясы жана жеткилендигинде өзгөчө орун тутуп, киши жана коомдун руханиятын жогорулатуучу, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсүндө теңдешсиз мааниге ээ боло турган баалуулуктун түрү саналат.

Мисалы, үрп-адаттар, каада-салттар, Мекенди сүйүү, өз элин жана улутун урматтоо, ата-энесин ардактоо, тынчтык жана ынтымактыкты сактоо, өз ишине жоопкерчиликтүү болуу, өз мекенинин тагдырына тиешелүүлүк сезими сыяктуу жогорку руханий сапаттар өзбек элинин канына сиңип кеткен.



**БИЛИП АЛ**

Жеткилең инсан – бардык инсандардын чындыгы, б.а. адамдардын ичиндеги эң чыныгы адам болуп эсептелет..

**Н. Комилов. «Komil inson — millat kelajagi»**

| Руханияттын адамдар тарабынан жасала турган өзүнө мүнөздүү касиеттери | |
|---|---|
| **Руханияттын оң сапаттары** | **Руханиятка каршы илдеттер** |
| Адеп, адамгерчилик, изгилик, мээр-акыбет, адалдык, аруулук, чынчылдык, патриоттук, улууларга урмат жана кичүүлөргө ызаатта болуу, жөнөкөйлүк, уят-ар, ыйбаа, акылдуулук, нысап, ариет, баатырдык, берешендик, асылдуулук, сылыктык, адалдык, чынчылдык, мээримдүүлүк, адилеттүүлүк, мыйзамга баш ийүү, ыйман, туруктуулук, берилгендик, камкордуулук, ак көңүлдүүлүк жана башкалар. | Бузукулук, жалганчылык, зордукчулдук, расмиятчылык, көңүл коштук, көз боёочулук, жасалма абройго умтулуу, текебердик, амалкөйлүк, жердешчилдик, коркоктук, сараңдык, ысырапкерчилик, өзүмчүлдүк, мактанчаактык, оройлук, таш боорлук, өзүнө ашыкча баа берүү, менсинбестик, кекирейгендик, кыска ойлуулук, жаман мүнөздүүлүк, жалкоолук, паракорлук, мансапкорлук жана башкалар. |

Руханияттын ахлактык чендери белгилүү бир шарттарда калыптанат жана ушул мааниде улуттук чөйрө алардын дагы да өнүгүшүнө жардам берет, коом мүчөлөрү мындан өздөрүнө керектүү сапаттарды алат. Дал ушул белгилер кишилерди бири-бирине жакындаштырат, алардагы бир максаттуулукту даана көрсөтөт. Руханияттын ахлактык чендерин ахлак, адеп,



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Төмөнкү аңгемени оку жана улуттун жүзү менен байланыштырып түшүндүр:

*Автобуста бараткан элем. Арт жакта кооз кийинген, колунда тыкан мектеп сумкасын көтөрүп алган, чачтары кооз түрмөктөлгөн, чамасы 17-18 жаштагы кыздын телефондогу маеги адамдарды өзүнө тартты.*

*— Да, апа, мен сага канча жолу айттым, кечирээк барам, бүгүн досторум менен жолугам, деп...*

*Бул өспүрүм кыздын апасы менен телефондо сүйлөшкөнүн автобустагылардын баары укту. Кээ бирлери анын апасына кылган мамилесинен нааразы болуп, башын чайкап койду. Ал бир нече бекет жүрүп, түшүп калды.*

*Иштен кийин үйгө кайтаарымда, кеч түшүп жаткандыктанбы, автобус бош эле. Анын арткы орундугунда дагы ошол апасын тилдеп берген кыз эки дос кыздары менен телефондо кандайдыр нерселерди көрүп, бийик үн менен күлүп баратышты. Автобустун ичи бош болгондуктан бул жагдай айдоочунун көңүлүн бурду. Дагы 500 метр жүрдү да, айдоочу кокустан автобусту токтотту жана ал кыздардын жанына келип: «уялбайсыңарбы, чоң эле кыздар шарактап күлгөнү, силер жаш бала эмессиңер го?!», деди да, кайра ордуна барып, автобусту айдап кетти.*

2. Сен автобустагы жагдайга кандай карайсың? Руханияттуу адам коомдук жайда өзүн кандай тутушу керек?
3. Адамдын сырткы көрүнүшү анын адебине төп келиши керекпи?
4. Руханий сапаттардын адамдагы көрүнүшү коомго кандай таасир этет?

адамгерчилик, изгилик, мээр-акыбет сыяктуу адамдык сапаттарсыз элестетип болбойт

Руханияттын ахлактык сапаттары руханият түшүнүгү менен үзгүлтүксүз байланыштуу.

Руханияттын башкы чени жана милдети адамда ахлактын, адамгерчиликтин калыптанышы болуп саналат.

Руханий сапаттар кишинин руханий дүйнөсүнүн калыптанышы сыяктуу татаал, кээде карама-каршылыктуу боло турган, ар дайым да бир чен, нормалар менен өлчөнө бербейт.

Руханият — адам, эл, коом жана мамлекеттин интеллектуалдык бедели, акыл күчү саналат. Муну төмөнкүлөр аркылуу ачып беребиз:

- коомдогу социалдык кубулуштар жана адамдар ортосундагы өз ара мамилелерди тартипке салуучу талап жана эрежелердин жыйындысы;
- эл жана коомдун жашоосу менен байланыштуу руханий баалуулуктар, үрп-адаттар, каада-салттар, изги идея жана максаттар системасы;
- ахлак, маданият, билим, дин жана таалим-тарбия системасынан турган бүтүн руханий кубулуштардын комплекси;
- руханий жараяндар, адамдын өзүн жана өзү жашап жаткан дүйнөнү өркүндөтүүчү чыгармачылык иш-аракет;
- адамдын жеткилеңдиги, жеке ахлактык касиеттер жана билимдүү сапаттарын комплекси.

Коомдун руханиятын калыптандыруучу чен жана факторлорду энциклопедист окумуштууларыбыз жараткан руханий мурастын үлгүлөрү аркылуу таанып билебиз, алар тарабынан жаратылган ахлактык сапаттарды өз жашообузга сиңдирип барабыз. Миса-

«Туура, ахлактуу жана адилеттүү жашабай туруп, жакшы өмүр сүрүп болбойт жана тескерисинче, жакшы өмүр сүрбөй туруп, туура, ахлактуу жана адилеттүү жашап болбойт».

**Эпикур**

«Биздин эң чоң байлыгыбыз – бул элибиздин чоң интеллектуалдык жана руханий даражасы эсептелет».

**Шавкат Мирзиёев**

лы, Беруний, Ал-Харезмий, Ибн Сина, Имам Бухарий, Ат-Термезий, Ахмад Яссавий, Мырза Улукбек, Алишер Навайй, Захириддин Мухаммад Бабур ж.б. улуу окумуштуулар руханияты кең жана билим даражасы жогору адамдар болушкан.

Башка сөз менен айтканда, алардын символунда руханият улут жүзүн чагылдырган. Руханият адамдын, элдин, коомдун, мамлекеттин күч-кудурети деп аталышы чындык. Руханият жок жайда бакыт-таалай да болбойт, коом да өнүкпөйт, тарыхый мурастар да асырап-абайланбайт, улуттук баалуулуктар да өз чечимин таппайт. Улуттун улут түрүндө калыптанышы, коомдун өнүгүшү, туруктуулугу адамдардын ой жүгүртүү мүнөзүн жогорулашы үчүн руханий баалуулуктар жана ахлактык сапаттарга таянабыз.

**Сабактан таалим.** Улуттун, элдин руханий жүзү коом жана мамлекеттин өнүгүүсү, кепили болуп саналат. Руханий түспөлсүз адам өздүгүн жаготот. Ал үчүн Мекен да, Ата Журт да, маале да, үй-бүлө да жок болот.

«Бардык сапаттар сыяктуу өзүн тута билүү да көнүгүү аркылуу өнүгөт. Ким чоң жашка жеткенде өз сезимдерин башкарууну каалаexcitement, буга ал жаштайынан үйрөнүүсү керек».

**Т. Спенсер**



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. «Руханияты жок адамдын келечеги жок», деген пикирди түшүндүр. Адамдын келечегинин руханиятка кандай байланышы бар?
2. Демократиялык коомдун өнүгүшүн руханиятсыз элестетсе болобу?
3. Адамдын жеткилендиги кандай сапаттар себеп жогорулап барат?



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Бай эмес, бирок дайыма урмат жана ызаатта. Ал ким?

## 3-§ Руханий жеткилеңдик

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Руханий жеткилеңдик дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Адамдын укуктук, ахлактык, илимий, көркөм деңгээли эмне менен өлчөнөт?
3. Төмөнкү сүрөттөрдө көрсөтүлгөн жаштарды руханий жеткилең адам деп атай алабызбы? Пикириңди негизде.



Жаш муунду физиологиялык күчтүү, руханий жеткилең кылып тарбиялоодо руханияттын таасири аябай чоң. Анткени, жеткилең муун тарбиясында жаштарыбыздын өздүгүн таанууга, мамлекет жана коом, эл жана үй-бүлө үчүн татыктуу перзент болууларында руханият теңдешсиз күч түрүндө өз таасирин өткөрөт.

Руханий таасир дегенде дал ошол руханиятка таандык болгон сапаттардын адамга түздөн-түз таасири түшүнүлөт. Ал өз ичине адеп-ахлак, укук, эстетика, мээрим, мамиле маданияты, жоопкерчилик, тиешелүүлүк, айкөлдүк сыяктуу сапаттарды камтыйт.

Руханий таасир түшүнүгүн эки түрдө мүнөздөө мүмкүн: биринчиден, ар кандай адамдын жеткилеңдиги руханий таасирдин натыйжасы, экинчиден, адамдын өзү да башкалар үчүн руханий таасир булагы болот. Себеби, ар бир адам ата-бабаларынан калган руханий-материалдык мурас, изги сапаттардан таа-

> Эгерде бир жылды көздөсөң күрүч эк. Эгерде 50 жылды көздөсөң, дарак эк. Эгерде 100 жыл пайда көрүүнү көздөсөң перзент тарбияла.
>
> **Кытай накыл сөзү**

сирленген түрдө өзүндө аруу ниет жана умтулууларды камтыйт.

Руханий таасирдин белгилүү бир эл айланасындагы көрүнүшүнө кандайдыр бир окумуштуу же даанышмандын изинен барган ушул элдин кийинки муунунун жашоосун жана чыгармачылыгын салыштырып көргөндө, муну сезүү кыйын болбойт. Мисалы, ойчул Алишер Наваийнин өлбөс мурасы, үлгүлүү чыгармаларынын мааниси алардан кийин жашап-иштеген Агахий, Мунис, Мукимий, Фитрат, Завкий сыяктуу ондогон акындардын чыгармачылыгында көрүнгөн. Жаңы кылымга келип Чолпон, Авланий, Хамид Алимжан, Гафур Гулам, Айбек, Максуд Шайхзада сыяктуу акындар да бул салтты улантышкан жана өркүндөтүшкөн. Жалпысынан алганда, руханий таасир – бул ата-эненин перзентине көрсөткөн үлгүсү болуп саналат.

Руханияты бекем эли бар журттун келечеги да туруктуу болот. Руханияты бекем улут, жаран өз жолунан



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

### УСТАТ ЖАНА ШАКИРТТИН МАЕГИ

*Шакирт сурады: Тарбиялуу перзенттин сапаттары эмнеде көрүнөт?*

*Устат жооп берди: Тарбиялуу перзент Мекенине берилген, Ата Журтуна сүйүүсү терең, улуттук сыймыкка ээ, эл-журтунун өтмүшүн жакшы билген, улуу ата-бабаларыбыздын баалуу мурасы жана кызматтарын терең барктаган жана асырап-абайлаган, журтуна, элине чын жүрөктөн кызмат кылган ар тараптуу жеткилең адам болуп саналат.*

1. Тарбиялуу перзент дегенде кандай касиеттерге ээ болгон адам көздө тутулат?
2. Ата-бабалардын мурасын асырап-абайлоо кандай сапаттар түрүнө кирет?
3. Жеткилең адам устат айткан изги сапаттардан сырткары дагы кандай сапаттарды өзүндө камтыйт?

адашпайт. Ал коомдун жашоосун өнүктүрүүгө гана эмес, теориялык көз караштары, о.э, практикалык иши менен да өз салымын кошот. Мекенди сүйүү, патриоттук адамдын руханиятын белгилөөчү негизги факторлордон бири саналат.

Руханият өнүккөн коомдо жөндөм, талант ээлери ушул коом, улуттун жүзү, сыймыгы, аброю эсептелет. Руханияты жогору коомдо акыл, саламат пикир, адилеттүүлүк жана жакшы кулк-мүнөз үстөмдүүлүк кылат. Мындай коомдо элдин, улуттун эртеңки күнгө ишеними күчтүү болот, адамга таандык болбогон терс илдеттер жок болот. Руханият үстөмдүү болгон жерде ал куткаруучу күчкө айланат. Адамдардын көңүлүнөн жай алат. Каерде руханият, жаштардын тарбиясы өз алдынча таштап коюлса, ал коомдун жашоосунда бытырандылык пайда болот. Ал үчүн ар бир жаран кайдыгер болбостон, тынымсыз өз үстүндө иштеши, коом жана журттун тагдыры үчүн жашап, ишмердүүлүк көрсөтүүсү керек. «Үй-бүлө жана коомдун абийири мен үчүн кымбат», деген пикир дайыма көңүлүндө болушу зарыл.

«Эл – улуу жана ардактуу жолдон илгерилеп бара жаткан чоң кербен сыяктуу. Аны жолдон чалгытууга умтулуучулар, аңдып артынан кол салуучулар дайыма болгон, мындан кийин да болушу мүмкүн. Кербен коопсуз болбос, деген сөз бекеринен айтылбаган. Эл кербенин эч кандай күч артка кайтара албайт.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

1. Текке кеткен убакыт кайтып берилбейт, деген пикирге кандай карайсың?
2. Азирети Алишер Наваийнин ушул ой-пикирине кулак сал: «Xazon sipohig‘a, ey bog‘bon, emas mone’, Bu bog‘ tomida gar ignadin tikan qilg‘il» б.а. адам өз өмүрүн ийнелүү зым тосмолор менен бекем ороп койгондо да, ал эч качан убакыттын тездигинен өзүн асырап кала албайт. Демек, ар бир саамды баалай бил!
3. Руханий жеткилеңдикке жетишүү үчүн убакытты кандай сарптоо керек? Пикириңди өз күндөлүк иш-аракетиң менен байланыштырып түшүндүр.

«Журтубуз жаштары арасында илим, таалим-тарбия, медицина, маданият, адабият жана искусство, спорт, өндүрүш, аскердик кызмат, дегеле бардык тармактарда талыкпай окуп-иштеп жаткан мыкты жаштарыбыз өтө көп. Алар өзүнүн дене тарбиялык жана руханий деңгээлин, талантын жана чебердигин көрсөтүшү үчүн зарыл шарттарды жаратып берүүдө мамлекетибизде көп иштер жасалып жатат жана келечекте да аларды сөзсүз улантабыз».

**Шавкат Мирзиёев**

Анткени, элдин дилинде ата-бабаларлардан мурас калган жеңилгис күч – руханият бар».

Изги амалдар, эрдикке тең иштер ыйман-ынанымы бекем адамдарга мүнөздүү сапаттардан саналат. Ошондуктан, эл-журттун өнүгүшүнө татыктуу салым кошуу, өнөр-кесибине так түшүрбөө, дайыма патриот болуу жоопкерчилиги ыйык баалуулуктардан эсептелет.

Руханиятты калыптандыруучу негиздерди мыкты өздөштүргөн жарандар, айрыкча, жаштардын жашоого, айлана-чөйрөгө, үй-бүлөгө, социалдык-саясий жарандарга оң мамилеси алардын изгилик, адамгерчилик менен жашоого, руханий жеткилеңдикке алып келет.

**Сабактан таалим.** Руханий жеткилең адам жакшы менен жаманды айра таанып, турмушта туура чечим кабыл алат. Руханий-ахлактык сапаттарды өздөштүрүү жаштардын руханиятынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат. Анткени, руханий бедели бийик жеткилең муун журттун таянычы жана келечектин устуну болот.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кандай факторлор руханий өнүгүүнү шарттайт?
2. Руханият өнүккөн коомдун жарандары кандай сапаттарга ээ болот?
3. Руханий жеткилең адамдын тарбиясында үй-бүлө жана мааленин ордун негиздe.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Дайыма өзүнө тартуучу, сырлуу, өмүрдү саюуга арзыйт. Алар эменелер?

## 4-§ Өзбекстандын өнүгүүсүнүн руханий-ахлактык негиздери

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Руханиятты калыптандырууда руханий-ахлактык сапаттардын ордун кандай сезүү мүмкүн? Классташтарың менен чогуу бул жөнүндө ой жүгүрт.
2. Жогорку патриоттуулук түшүнүгүнө төмөнкү сүрөттөр аркылуу мүнөздөмө бер.
3. Руханий-ахлактык сапаттардын адеп-ахлак эрежелеринен кандай айырмасы бар?






Жайкы эс алуу учурунда жогорку класстын окуучулары тарых мугалими менен бирге байыркы жана дайыма жаш Самарканд шаарындагы тарыхый эстеликтер, белгилүү жайларга барышты. Алар зыярат кылууну Темурий бабабыз Мырза Улукбек курдурган обсерваторияны көрүүдөн башташты. Ал жерден чыгып, Бибиханым медресесине өтүштү. Бул жерде адам көп эле. Алар күмбөздүн эшигинин алдында зыярат кылып жүргөн бир топ чет өлкөлүк туристтерди көрүштү. Кээ бир окуучулар чет тилинде алар менен сүйлөшө да башташты. Бир окуучу мугалиминен сурады: «Эмнеге көп чет өлкөлүк туристтер мекенибиздеги Бухара, Самарканд, Харезм жана Шахрисабз шаарларындагы зыярат жайларына бир жолу эмес, кайра-кайра келе беришет. Өздөрү жашаган журтта ушундай зыярат жайлары жокпу?» Мугалим түшүндүрдү: «Биз урматтаган жана дайыма билишибиз

керек болгон мындай баалуулуктар болгондуктан, аларды бардык мамлекеттин элдери ардактап, баалашат». Мугалимдин жообунан окуучу жалпы адамзаттык баалуулуктардын адамдын жашоосу жана иш-аракетинде канчалык орду бар экендигин түшүнүп жетти.

Өзбекстандын өнүгүшү улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктарга негизделет. Мекенибиздин маданиятында жалпы адамзаттык баалуулуктар жогорку орунду ээлейт. Жалпы адамзаттык идеялар жана баалуулуктардын калыптанышы улуттук маданияттардын өнүгүү касиеттери менен байланыштуу. Бул жөнүндө Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов айткандай, «биз өз өнүгүүбүздү башка мамлекеттердин өнүгүүсүнөн бөлөк элестете албайбыз жана бардык нерсе биздин өзүбүзгө байланыштуу болуп кала бербейт». Бул орунда дал ошол жалпы адамзаттык баалуулуктарга көңүл бурулган. Себеби, жалпы адамзаттык баалуулуктар менен улуттук баалуулуктар өз ара байланыштуу болот жана бири-бирин толуктап, байытып барат.

Жалпы адамзаттык баалуулуктар адамды ардактоо, жашоону сүйүү, милдет, берилгендик, ата-бабаларга урмат, патриоттук, адилеттүүлүк, агартуучулук, тынчтык, ынтымактык, достук, шериктештик сыяктуу сапаттарды туюнтат.

Жалпы адамзаттык баалуулуктарга берилгендик жаштарыбызды туура жашап, өз ордун табууга, айлана-чөйрөгө туура мамиледе болууга, туулуп өскөн журтун ыйык деп билүүгө жана достуктун баркына жетүүгө үйрөтөт.

Улуттук баалуулуктар болсо ушул улут, ушул журттун элдери тарабынан тарыхтан ардакталып келе жаткан, адамдын руханиятын байытууга кызмат кыла турган баалуулуктар болуп саналат.

Улуттук баалуулуктарда эмгекти сүйүү, тарыхый эскерүүгө берилгендик, ынанымга урмат, мамиледе сылыктык, уялчаактык жана эстүүлүк керек. «Жогорку руханият – жеңилгис күч» чыгармасында «...биз тарых сыноолорунан өткөн, улуттук кызыкчылыктарыбыз, бүгүнкү жана эртеңки максат-мүдөөлөрүбүзгө, өнүгүү талаптарына толук жооп бере турган, жылдар өткөн сайын кадыры артып бара жаткан идея жана түшүнүктөрдү баалуулук деп билебиз», дейилген.

Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды мажбурлап сиңдирип болбойт. Кандайдыр бир улуттук маданиятты даңктап, аны башка маданияттан жогору коюу жана башка элдерге мажбурлап үгүттөө терс натыйжаларга алып келиши мүмкүн. Көп улуттуу мамлекетте улуттук маданияттарды менсинбестик же аларды кемсинтүү социалдык туруктуулук жана улуттук ынтымакка

доо кетирет, о.э, түрдүү карама-каршылык жана чыр-чатактардын пайда болушу үчүн негиз жаратат.

Эгемендүүлүк себеп биз өз мүмкүнчүлүктөрүбүздү эркин көрсөтүүгө жетиштик. Мунун бир канча себептери бар. Биринчиден, Өзбекстан Республикасынын негизги Мыйзамы – Конституцияда адамдардын теңдиги жана алардын укук жана милдеттери толук өз чечимин тапкандыгы болсо, экинчиден, мамлекеттин жашоосунда ишке ашырылган демократиялык реформа жана принциптердин адамдын жашоосу жана мүмкүнчүлүгү менен да үзгүлтүксүздүгүндө. Үчүнчүдөн, жаштарыбызга жаратылып жаткан шарттар, атап айтсак, өздөрүнүн жеке бизнесин жүргүзүүдө банктарда берилип жаткан кредиттер, спортко көңүл буруу жана анын натыйжалары көрүнүп жаткандыгында.

Коомду өнүктүрүүдө жарандар тарабынан руханий сапаттардын өздөштүрүлүшү алардын коомдогу ордун белгилеп берет, о.э, коомдун туруктуу болушунда өзгөчө мааниге ээ. Руханий-ахлактык баалуулуктар адамдык касиеттин маани-мазмунун түзөт.

Коомдун өнүгүшү, адамдардын материалдык жана руханий керектөөлөрүн кандырууда мүлк жана эмгектин социалдык бөлүштүрүлүшү маанилүү орунга ээ.

Эгерде эмгектин түрлөрү адамдардын кызыгуулары жана жөндөмдөрүнө карап бөлүштүрүлсө, дээрлик ар бир адам өзү биле турган кесибин мыктылык менен аткарат, жадагалса, ал өз иши менен коомдун өнүгүшүнө белгилүү бир салым кошот. Өзбекстандын жаңы өнүгүү баскычында экономикалык реформалар менен бирге руханий-ахлактык нормалардын өз ара үзгүлтүксүз



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Коомдун өнүгүшүндө руханий сапаттардын орду чоңбу же ахлактык сапаттардынбы? Жообуңду төмөнкү жадыбалды толтуруп баянда.
2. Эмне деп ойлойсуң, бул эки сапаттын кайсы бири адам үчүн зарыл болуп эсептелет?

| Коомдогу руханий сапаттар | Коомдогу ахлактык сапаттар |
|---|---|
| | |
| | |

3. Эгерде бул эки сапаттарды жарандар аң-сезимине шайкеш түрдө сиңдирүүгө жетишишсе, мындай адамдарга идеологиялык таасир өткөрүүгө болобу? Жообуңду негизде.

түрдө ишке ашырылып жатканы даана байкалат. Руханий деңгээлдин күчөшү, адамдын интеллектуалдык жана ахлактык жөндөмдөрүнүн өркүндөшү мамлекеттин экономикалык гана эмес, о.э. руханий өнүгүшүн да камсыздайт. Руханий-ахлактык сапаттар бааланган журтта гана өнүгүү болот, жарандардын ой жүгүртүүсү тереңдейт.

Коомдун өнүгүүсүнө алып келүүчү руханий-ахлактык сапаттар өз ара бир-бирин түшүнүү жана туюу, кайрымдуулук, изгилик, адилеттүүлүк, берешендик, үй-бүлө жана Мекенге болгон сүйүү, туруктуулук, кең пейилдүүлүк, меймандостук, адалдык, динге урмат, ишеним жана башка ушул сыяктуу жүздөгөн изги касиеттерди өзүндө камтыйт.

**Сабактан таалим.** Коомдун жашоосунун туруктуу өнүгүшү адамдардагы өз ара ишеним, социалдык адилеттүүлүк принциптеринин негизинде жашоо, улуттар аралык ынтымак жана биримдик, мыйзамдардын үстөмдүүлүгүнө маани берүүдө айкын көрүнөт. Руханий-ахлактык сапаттарга ээ болгон адам улуттук жана жалпы адамзаттык сапаттарды баалайт, аны байытып, кийинки муундарга толук жеткирүүгө умтулат.

Адамдагы караөзгөйлүк жана изгилик да, зыянкечтик жана пайдалуулук да тарбиянын жемиши саналат.

**«Hikmatlar xazinasi»**

Инсан адамзат үчүн пайдалуу иштерди жасай алганы үчүн да бийик. Бирок ар кандай чөйрөдө да дилиндеги ыйман-ынанымын асырап-абайлашы – бул адамзаттын ички улуулугу эсептелет.

**«Umr hikmati... saodati»**

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Руханий-ахлактык сапаттарды жарандарга кайсы мезгилден баштап сиңдирип баруу керек?
2. Эгерде бир адамдын билими, дүйнө карашы жакшы болуп, бирок мүнөзү, адеби жаман болсо, бул адамды руханияттуу адам дей алабызбы? Оюнду негизде.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Кооз таалимдин адептүү кийими. Ал эмне?

# 5-§ Улуттук салттардын адамдын руханиятынын өсүүсүнө таасири



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Улуттук салттар дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Улуттук салттардын адамдар тарабынан өздөштүрүлүшү руханий өсүүгө кандай таасир этет?
3. Сүрөттөргө карап улуттук салттар менен материалдык жана руханий булактардын кандай байланышы бар экенин айтып бер.

Улуттук салттар улут жашоосунун түрдүү тармактарда көрүнө турган белгилер, касиеттер, балуулуктар, иш түрлөрү, салттар жана сапаттардын муундан-муунга өтүшү жана мурас болуп калышын туюнтуучу түшүнүк.

Улуттук салттар адам руханиятынын калыптануусунда өздүктү таануу фактору эсептелет.

Улуттук салттар жалпы адамзаттык салттардын бир улут чөлкөмүндөгү көрүнүшү болот. Алар аркылуу ар бир улуттун белгилүү бир мезгилдеги өзүнө мүнөздүү касиети, маданияты, илими, адабияты жана башка тармактарда жетишкен натыйжалары жана жетишкендиктери кийинки доорлордо жашап жаткан муундарга жеткирилет.

Элибиз, улуу бабаларыбыздын изгилик жолундагы ишеним-эркин алыскы өтмүштөн бүгүнкү күнгө чейин жоголбосон жашап келе жаткан көптөгөн адат

Өз доорунда ошол улуттун кайгы-муңун, үмүт-тилектерин, умтулууларын жаркын баяндаган улуттук баалуулуктар духунда сугарылган чыгармалар мезгил өтүп жалпы адамзаттык кадыр-баркка ээ болот. Мындай баа жеткис жана өлбөс чыгармалардын көптөгөн авторлору Чыгыштан жетишип чыккандыгы бизде сыймыктануу сезимин күчөтөт.

Сен өткөн заманга таш атпа. Өткөн заманга таш атуу, өлүктү тепкилөө дегени. Өлүк тирилип, каталары үчүн сенден кечирим сурабайт. Өткөн замандан сабак алуу керек. Мына ушул сабактан тыянак чыгарып, бүгүнкү күндү ойлош керек.

**Демокрит**

жана баалуулуктарыбыздын, маданий мурасыбыздын үлгүлөрүндө көрүнөт. «Аруу ой, аруу сөз, аруу иш» идеясы дүйнөдө изгиликтин жеңишине болгон ишеничти баяндаган «Авесто» китеби болобу же адамдарды бакытка, изгиликке алып баруучу жол маанисин билдирүүчү «Кутадгу билиг» чыгармасы болобу, булар ата-бабаларыбыз аруу умтулууларынын, ак тилектеринин жаркын көрүнүшү түрүндө кылымдар ашып жашап келүүдө. Дал ушундай, нече кылымдар мурда курулган жана эгемендүүлүктүн шарапаты менен кайра оңдолгон жүздөгөн маданий объекттерди зыярат кылып жатып, эрксизден ар бирибиз өзүбүздө бабалар рухуна болгон терең урмат, келечек муундардын алдында олуттуу жоопкерчилик сезимдерин туябыз. Мына ушунун өзү адамдын руханий ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө болгон чоң таасир эмеспи?!

Улуттун ар бир мууну улуттук салттарды өткөн замандан келечекке жеткирип берүүчү адамдар катары тарбиялануулары керек.

Мамлекетибиз эгемендүүлүккө жетишкенден соң улуттук салттарга көңүл буруу күчөдү. Бүгүн муундан-муунга баа жеткис мурас катары өтүп келе жаткан улуттук салттар, Нооруз, Эгемендүүлүк, Мугалимдер жана устаттар, Эскерүү жана кадырлоо күндөрү сыяктуу майрам жана үрп-адаттардан коомдун жашоосуна заманбап маани-мазмун тартуулоо жолунда акылдуулук менен пайдалануу зарыл болот. Улуттук салттарыбызды үйрөнүү, жайылтуу менен бирге, той-маракелерди, алардын курамдык бөлүгү болгон адат жана салттарды кыскартуу, бул маселеде ысырапкерчилик жана артыкбаш амалдарга жол бербөөгө өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Адамдын руханияты улуттук-маданий мурас, элдик оозеки чыгармачылык, илимий ойлоп табуулар, үрп-

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Улуттук салттардын коомдун өнүгүшүнө кандай таасири бар деп ойлойсуң?
2. Сократтын төмөнкү пикирин оку жана руханий мурастын улуттук салттар менен байланышын негизде:

*«Мен байыркы даанышмандарыбыздын өз чыгармасында бизге калтырып кеткен асыл мүлкүн карап чыгам. Эгерде, биз аларда не бир жакшы нерсеге туш келсек, аны өздөштүрүп алабыз жана абдан чоң пайда арттырган эсептелебиз».*

адаттар жана салттар, жадагалса материалдык жана руханий булактар аркылуу калыптандырылат.

**Сабактан таалим.** Улуттук салттар эсептелген бабаларыбыздын баа жеткис мурасы жана баалуулуктары жаш муунду жеткилең инсан кылып тарбиялоого үндөй турган руханий факторго айланышы керек. Мына ошондо гана улуттук салттар сабыр-такаат, мээр-акыбет, акылдуулук, үрп-адаттарга урмат, жакшыларга жанашуу, жамандардан алыстоо сыяктуу элдик сапаттардын андан да өркүндөөсүнө кызмат кылат.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Ар бир үй-бүлөдө тынчтык болушу үчүн үй-бүлө мүчөлөрү кандай жол тутушу керек?
2. Сен материалдык кедей, бирок руханий сапаттары жогору даражада өнүккөн адамды көз алдыңа келтир. Бул жагдайда сен эмнени туясың?
3. Адамзат бул дүйнөдө бактылуу жана тынч жашоого жетишүү үчүн алардан эмне талап кылынат?
4. Сен өзүңдү ушул куттуу Мекендин активдүү мүчөсү деп билесиңби? Пикириңди негизде.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Убагы келгенде, эч кимге кулак салбайт, эч ким менен келишпейт. Ал эмне?

6-§

# Руханий мурастын адам руханиятына таасири







## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Руханий мурас» түшүнүгүнө аныктама бер. Сен аны кандай түшүнөсүң?
2. Руханий мурасты чыңдоо жана өркүндөтүү үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?
3. Руханий байлыктар менен руханий мурастын айырмалуу жактары эмнеде? Төмөнкү сүрөттөргө карап, өз пикириңди баянда.

Руханий мурас бабалар тажырыйбасы, алар калтырган руханий байлыктардын келечектеги муундардын практикалык иш-аракети, ой жүгүртүү мүнөзүндө кандай мааниге ээ болушуна карай, жеке инсан, айрым топ же белгилүү бир улут өкүлдөрүнө таандык болушу мүмкүн.

Мурастын белгилүү бир улуттук тилде жаратылганы, улуттук маданий-руханий салттар, көз караштарды чагылдыргандан көрө, белгилүү бир улутка, маалым бир аймакта жашоочу түрдүү улуттарды камтып алуу касиетине көрө – коомго, адамзат тарыхында туткан жогорку ордуна көрө – цивилизацияга тийиштүү болушу да мүмкүн.

Руханий мурас улут, мамлекет, регионго тиешелүү да болушу мүмкүн. Мисалы Имам Термезийдин диний-руханий мурасы, Абу Али ибн Синанын медицинага таандык же Мырза Улукбектин астрономияга таандык илимий ачылыштары улутубуз жана аймакта жашаган элдердин, ошондой эле дүйнө цивилизациясы, маданиятынан орун алган баа жеткис руханий мурас эсептелет.

Материалдык мурас инсандын аң-сезимине таасири позициясынан караганда ошол эле маалда руханий мураска да айланышы мүмкүн. Мисалы, бизге чейин жетип келген алыс өтмүштө жаратылган тарыхый эстеликтер материалдык мураска таандык болсо да, алардагы инженерия, жасалгалар, курулуу стилдери жана ага байланышкан заттардын даярдалышы, жаратуучулары ж.б. өзгөчөлүктөрү боюнча руханий мураска айланат. Кудум ушундай эле, материалдык баалуулуктарды иштеп чыгаруу технологиялары жана жабдыктары матералдык мураска таандык болсо да, бул багыттагы салттардын муундан-муунга өтүшү руханий мурас түрүндө ишке ашат.

Ушундай түрдө адамзаттын жазма булактарда чагылдырылбаган көптөгөн турмуштук билим жана тажрыйбалары руханий мурас катары муундан-муунга өтүп келет. Адамдардын аң-сезими, ички дүйнөсү, ой жүгүртүү таризи, сезим-туюмдарына таасир этип, аларды байытуу,



## БИЛИП АЛ

Өнөрдө элдин бай тарыхы, өлбөс маңызы жана албетте үмүт-тилектери жашырынган болот. Ошондуктан, ар бир кесиптин чебери жана устасы өзүнүн машакаттуу эмгеги, тынымсыз изденүүлөрүнүн натыйжасы эсептелген жаңы ачылыштары, сейрек чыгармачылык үлгүлөрүн сырын – өзгөчө маанисин башкаларга таанытып барат.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Төмөнкү текстти оку.
2. Текстте руханий мурастын кандай кудурети чагылдырылган?

*... ибн Синанын чыгармаларынын жалпы саны 450 дөн көп, бирок бизге чейин 242 си (айрым маалыматтар боюнча 160) жетип келген. Окумуштуунун бизге чейин маалым болгон ири эмгеги «Китоб аш-шифо» 4 бөлүктөн туруп, анда логика, физика, математика, метафизика сыяктуу маселелер орун алган. Бул чыгарма бизге чейин жетип келбеген, анын Исфаханадагы өрттө жоголгону белгилүү. «Донишнома» аттуу чыгармасы болсо фарс тилинде жазылган...*

*Аалымдын медицинага байланыштуу «Kitob al-qonun fit-tibb» («Медицина канондору») аттуу энциклопедиялык чыгармасын жакшы билебиз. Бул чыгарма 5 өз алдынча чоң китептен түзүлгөн. Биринчи-үчүнчү китептерде медицинанын теориялык негиздери, 800 гө жакын дарылардын касиеттери, айрым дене мүчөлөрүнүн оорулары жана аларды айыктыруунун усулдары баяндалган...*

**Ш. Мансуров, «Ming bir xazina»**

өркүндөтүү, жаңы идеялык багыттарга башкаруу руханий мурастын маңызын туюнтат.

Изги адатыбызга айланып кеткен мээр-акыбет түшүнүгүн алалы. Анын абдан терең тарыхый, улуттук, диний тамырлары бар экенин көрүшүбүз мүмкүн. Бул биринчиден, инсандын адам менен, кошунанын кошуна менен, туугандын тууган, үй-бүлөнүн үй-бүлө менен, эң маанилүүсү, жеке инсандын коом менен жуурулушуп жашоосун, жетим-жесир, кедей-шордууларга жана майыптарга, мусаапырларга айкөлдүк көрсөтүү, чын жүрөктөн жардам берүүнү түшүндүрөт жана мындай касиет элибиздин руханий дүйнөсүнө сиңип кеткенин эч ким жокко чыгара албайт.

Материалдык жана руханий байлыктарды асырап-абайлоо – изги сапат. Эгемендүүлүгүбүздүн алгачкы күндөрүндө эле ата-бабаларыбыз тарабынан көп кылымдар бою жаратып келинген өтө чоң, баа жеткис руханий жана маданий мурасты кайра калыбына келтирүү мамлекеттик саясат даражасына көтөрүлгөнү зор мааниге ээ.

Өзбекстанды жаңылоо жана өнүктүрүү жолу руханий мурас позициясынан караганда төрт негизге таянат. Алар:

- жалпы инсандык баалуулуктарга туруктуулук;
- элибиздин руханий мурасын кайра тикелөө, чыңдоо жана өнүктүрүү;
- инсандын өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин көрсөтө алуусу;
- жогорку патриоттук.

Бул көөнө жана ыйык топурактан улуу даанышмандар, окумуштуулар, аалым-уламалар, ойчулдар, саясатчылар, кол башчылар жетишип чыккан. Диний жана дүйнөлүк илимдердин негиздери мына ушул өлкөдө жаратылган, өркүндөгөн. Биздин заманга чейин жана андан кийин курулган татаал суу курулуштары, ушул күнгө чейин өз кооздугу менен салабатын жоготпогон байыркы эстеликтерибиз эзелтеден журтубузда дыйканчылык, кол өнөрчүлүк маданияты, архитектуралык жана шаар курууучулук өнөрү жогору болгонунан кабар берет.

Тарыхта түрдүү ырайымсыз сыноолордон аман калган, эң байыркы таш жазуулар, аска жазууларынан тартып, бүгүн китепканаларыбыз казынасында сакталып жаткан кол жазмалар, аларда камтылган тарых, адабият, искусство, саясат, ахлак, философия, медицина, математика, физика, химия, астрономия, архитектурага таандык он миңдеген чыгармалар биздин теңдешсиз руханий байлыгыбыз, сыймыгыбыз саналат. Мекенибиздин руханий мурастары бар экен, коом көркөмдөшөт, инсандардын руханий ааламы байыйт жана перзенттер жеткилең инсан болуп жетишет.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ҮЧҮН

Төмөнкү текстти окуп, руханий жана материалдык мурастын өз ара шайкеш түрдө калыптанышы жөнүндө пикир жүргүз:

> *«Мырза Улукбектин аты илимге берилгендик менен кызмат кылуунун символу болуп эсептелет. XVII кылымдын ортолорунда улуу поляк астроному Ян Гевелий Улукбектин каталогун өзүнүн «Астрономиянын негиздери» чыгармасына киргизген. Ал өз китебинде эки даана оюп тартылган сүрөттү берген, аларда Улукбек түрдүү доорлордо жашаган дүйнөнүн улуу астрономдорунун арасында сүрөттөлгөн. Бул оймо сүрөт астрономия окуу китептери жана илимдин тарыхына тиешелүү китептерге киргизилген. Алар дүйнөгө Мырза Улукбек аалымды жетиштирген астрономия мектебинин даңкын ааламга таратуучу баа жеткис эстелик болуп калды. Улукбектин аты Айдагы кратердин аталышында түбөлүктөштүрүлдү (XVII). 1977-жылы Күн системасынан табылып жана Гарвард борборунда 2439-сан менен катталган чакан планеталардан бирида анын аты менен аталат».*
>
> **«O'rta asrlar sharqining mashhur olim va mutafakkirlari»**

**Сабактан таалим.** Ар бир мамлекет, улут бүгүнкү күнүн гана эмес, о.э. эртеңин да улуттук-руханий мурассыз элестете албайт. Материалдык-руханий байлыктар адам жана коомдун жыргалчылыгы, туруктуулугунун гаранты саналат. Сен менен биз булардан натыйжалуу пайдаланышыбыз жана аларды көбөйтүшүбүз керек.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Өзбекстандын башка мамлекетерден айырмалуу касиетин көрсөтүүчү кандай руханий мурастары бар?
2. Адамдын адам менен, кошунанын кошуна менен, туугандын тууган, үй-бүлөнүн үй-бүлө менен, жеке инсандын коом менен жуурулушуп жашашы эмненин белгиси эсептелет?

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Базарда сатылбайт, алтынга табылбайт. Алар эмнелер?

# 7-§ Үй-бүлө – ыйык коргон











## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Үй-бүлөлүк жыргалчылык түшүнүгүнө аныктама бер.
2. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде үй-бүлө маселесине кандай маани берилүүдө? Бул жөнүндөгү оюңду негизде.
3. «Үй-бүлө – ыйык коргон». Бул түшүнүккө төмөнкү сүрөттөр аркылуу аныктама бер.

Үй-бүлө – никеге же туулгандыкка негизделген чакан топ. Анын мүчөлөрү тиричилигинин жалпылыгы, өз ара жардамы жана руханий жоопкерчилиги менен бир-бирине байланышкан. Үй-бүлөнүн эң маанилүү социалдык милдети – адамзат тукумун улантуу, балдарды тарбиялоо, үй-бүлө мүчөлөрүнүн турмуш шарттарын жана бош убактысын натыйжалуу уюштуруудан турат.

Үй-бүлө ар бир элдин, улуттун уланууучулугун сактоочу, улуттук баалуулуктардын өнүгүшүн камсыздоочу ыйык турак. Үй-бүлөдө биз жана муундарыбыз тарбия алып, эрезеге жетебиз, дүйнөнү тааныйбыз жана бардыгыбыз түрдүү кулк-мүнөзгө ээ болобуз.

Үй-бүлө коомдун негизин түзөт. Коом жана мамлекеттин бай турмушу, гүлдөп-өркүндөшү түздөн-түз ушул коомдогу үй-бүлөлөрдүн материалдык жана руханий бекемдигине байланыштуу.

Үй-бүлөлүк тарбияда ата-эне менен перзенттердин мамилеси өзгөчө орун тутат. Мында ата-энеге руханий жеткилең, дени соо жана күчтүү жаш муунду жетиштирүү менен бирге коомдун өнүгүшү үчүн белгилүү бир кесиптин патриоту, экономикалык жактан көз карандысыз, иш билги,

ишкердик маданиятына ээ адамды өстүрүп чоңойтуу милдети жүктөлөт. Перзенттер болсо бул кооз жана алгылыктуу тарбияны өзүндө калыптандырып, өздөштүрүп барат.

Чыгышта үй-бүлө эзелтеден ыйык турак катары бааланган. Үй-бүлө мүчөлөрүндө маалым турмуш таризин сактап, тажрыйба арттыруу, тыкан жана үнөмчүл, чечкиндүү жана чынчылдык өңдүү адеп-ахлак нормаларын өркүндөтүү байыртадан үй-бүлөнүн негизги милдети болуп келген. Улуу энциклопедист аалымдарыбыздан Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим», Кайкавустун «Кабуснаама», Ахмад Югнакийдин «Hibbat ul-xaqoyiq», Абу Наср Фарабийдин «Baxtga erishish haqida», Абу Али ибн Синанын «Tadbir al-manozil» китеби, Садийдин «Гүлүстан», Хусайн Вайиз Кашифийдин «Axloqi muhsiniy», Алишер Наваийдин «Mahbub ul-qulub», «Hayrat ul-abror», Абдурахман Жаамийдин «Silsilat uz zaxab», «Bahoriston», Абдулла Авланийдин «Turkiy Guliston yoxud axloq» жана башка көптөгөн чыгармаларда үй-бүлө руханияты, балдар жана жаштар тарбиясынын усулдары, ата-эненин үй-бүлөдөгү милдеттери, перзенттин алардын алдындагы бурчу, үй-бүлөлүк тарбиянын маани-маңызы ар жактуу түшүндүрүлүп, түрдүү турмуштук уламыштар аркылуу ар тараптуу ачып берилген.

Өзбек үй-бүлөлөрү ынактыгы, баласаактыгы, жакын дос жана туугандарга салыштырмалуу өз ара урматта болуу, мээр-акыбет алакаларынын бекемдиги жана башка үй-бүлөлүк баалуулуктардын үстөмдүгү менен да дүйнөдөгү көптөгөн улут, элдерден айырмаланып турат.

Эгерде үй-бүлөдө шериктештик, биримдик, өз ара урмат, бир-бирине ишеним күчтүү болсо, чынчыл, ак ниет, камкор, өз жакындарына, туугандарына, кошуналарына дайыма жардам берүүгө даяр болгон инсандар жетишип чыгат. Өзүндө ушул сапаттарды камтыган инсандардын үй-бүлөлөрүндө дайыма кең пейилдик жана тынчтык өкүм сүрөт.

«Бир үй-бүлөнүн бакты жана жыргалы, албетте, ушул элдин ички тартиби жана ынтымагына байланыштуу. Тынчтык жана ынтымак болсо ушул улут үй-бүлөлөрүнүн тартибине таянат, мамлекет жана улут да мында күчтүү жана тартиптүү болот. Эгер бир өлкө тургундары ахлаксыздык жана маданиятсыздык менен үй-бүлөлүк мамилелерди начарлатып жиберсе жана тартипсиздикке жол берсе, анда бул улуттун бак-таалайы жана жашоосу шек астында калат».

***Абдурауф Фитрат***



**БИЛИП АЛ!**

Өзбекстанда 1998-жыл – «Үй-бүлө жылы», 2000-жыл – «Саламат муун жылы», 2001-жыл – «Энелер жана балдар жылы», 2002-жыл – «Карыяларды кадырлоо жылы», 2003-жыл – «Абат маале жылы», 2004-жыл – «Айкөлдүк жылы», 2005-жыл – «Ден соолук жылы», 2007-жыл – «Социалдык коргоо жылы», 2008-жыл – «Жаштар жылы», 2010-жыл – «Жеткилең муун жылы», 2012-жыл – «Бекем үй-бүлө жылы», 2013-жыл – «Абат турмуш жылы», 2014-жыл – «Саламат бала жылы», 2016-жыл – «Саламат эне жана бала жылы», 2017-жыл – «Эл менен баарлашуу жана адам кызыкчылыктары жылы» деп аталган.

Эгерде тескерисинче болсочу. Мындай үй-бүлөдө кут-береке, боорукерлик, ынтымак, кичи пейилдик жана сүйүү сезимдери таптакыр болбойт.

Ушул мааниде үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өзүнүн саламаттыгы жолунда гана эмес, о.э. үй-бүлөсүнүн пайдасы үчүн да кайгырса, жакындарына камкордук кылууну максат кылса, үй-бүлөнүн бай турмушу андан да бекемделет.

Журтубузда жеткилең муунду тарбиялоодо үй-бүлө институту жана маале жарандар жыйынынын билим берүү мекемелери менен өз ара кызматташуусун андан да өркүндөтүү, чыңдоо жана натыйжалуулугун арттырууда көптөгөн практикалык иштер алып барылууда. Ушул максатта 2012-жылдан баштап «Үй-бүлө – маале – билим берүү мекемеси» чогуу иштөөсү укуктук норманын негизинде белгилеп коюлган.

Үй-бүлө кодексинин кабыл алынуусу болсо заманбап талаптардан келип чыгып үй-бүлө кызыкчылыгын өнүктүрүүдө маанилүү кадамдардан болду. Ага ылайык, нике куруудан мурда жаштарды медициналык кароодон өткөрүү, жаш үй-бүлөлөр үчүн баштапкы беш жылдык аралыгында диспансердик текшерүүнү түзүү иштери уюштурулду.

Республикалык «Oila» илимий-практикалык борбору жана анын төмөнкү бөлүмдөрү түзүлгөнү үй-бүлө, энелик жана балалыктын кызыкчылыктарын укуктук, социалдык-экономикалык коргоо гана эмес, о.э. илимий-практикалык көз караштан үйрөнүү, алдыңкы идеялардын негизинде үй-бүлө тиричилигин камсыздоо сыяктуу оң иштерге себеп болууда.

Мамлекетибиз эгемендүүлүккө жетишкенден соң үй-бүлө тынчтыгын камсыздоо мамлекетибиздин ишинин жогорку багыттарынан бирине айланды. Анткени, жаш үй-бүлөнү материалдык жана руханий жактан колдоп-кубаттоо, аларга көмөктөшүү,

жеңилдиктер жана мүмкүнчүлүктөр жаратуу, оболу, үй-жай менен камсыздоо – булардын бардыгы үчүн ата-энелер, биринчи кезекте, мамлекет жана коомубуз жоопкер.

Республикабыз эгемендүүлүгүнүн кыска доорунда үй-бүлө жыргалчылыгы жолунда изги жана кайрымдуу иштер жасалды:

- үй-бүлө, энелик жана балалыкты коргоо, жарандардын укуктук кызыкчылыктарын ашыруу;
- көп балалуу, аз камсыздалган, начар үй-бүлөлөрдү, майыптарды, багуучусу жок карыялар, жалгыздарды социалдык коргоого алуу;
- үй-бүлөдө руханий жана дене тарбиялык жактан жеткилең инсанды тарбиялоо боюнча кең көлөмдүү иштер буга мисал болот.

Журтубузда үй-бүлөлүк ишкердикти өркүндөтүү боюнча көп мыйзам документтери кабыл алынды. Ушул нормативдик документтерде үй-бүлөлүк ишкердикти тез өнүктүрүү аркылуу туруктуу экономикалык өсүүнү камсыздоо көздө тутулат.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Үй-бүлөңдө сени же ини-карындаштарыңды эркелеп ата-энең кандай изги тилектерди айтат?
2. Төмөнкү текстти оку жана үй-бүлөңдөгү мындай жагдай менен салыштыр.

### АТА БӨБӨГҮН СҮЙҮП ЖОГОРУ КӨТӨРӨТ

*Бул «менден да улуу бол, балам» дегени. Ал чыныгы камкордук жана перзентин бардык нерседен, жадагалса, өзүнөн да артык көрүүнүн белгиси. Ата перзенти мектепке барганда аны кучагына алып, маңдайынан өбөт. Бул «таалайың жарык болсун» дегени. Анда эртеңки күндүн үмүтү бар, перзентинин саламаттыгы үчүн ар нерсеге даярдык ушул боорукердикте камтылган болот. Аскерге күзөтүп жатканда ата уулунун белинен көтөрөт. Бул «Мекен кызматына шайланган белиң бекем болсун» дегени. Окууну бүтүрүп, уулу колунан ишин алганда ата батага кол ачат: «жолуң ачык болсун, балам»... Ошондо анын көздөрү жашка толгонун көрбөйсүң, көңүлүндөгү сыймыкты элестете албайсың. Перзентинин улуу иштерди кылганын көргөндө болсо «атам» деп сүйөт, кызына болсо «апа кызым» деп кайрылат ... Мунун түпкүрүндө төмөнкүдөй накыл бар: «бүгүн сени колдосом, эртең сага таянамын!»*

***Басма ММК материалдары***

«Элибиздин анык максатты көздөй аракеттенүүсү, бай болушу, бактылуу болуп, аброй арттыруусу, жеңүүчү же алсыз болуп кордукка түшүшү, бактысыздык жүгүн тартышы, назардан калып, өзгөлөргө баш ийип жана кул, туткун болушу алардын өз ата-энелеринен бала чакта алган тарбияларына байланыштуу болот».

**Шавкат Мирзиёев**

Үй-бүлөлүк ишкердик көптөгөн социалдык-экономикалык артыкчылыктарды келтирип чыгарат. Ишкердик жана чарбаны акылдуу башкаруунун негизинде үй-бүлө тарбиясынын жолго коюлушу жаш муунда адамгерчилик, үнөмдүүлүк, уюштуруучулук, демилгелүүлүк, сергектик, зээндүүлүк, жоопкерчилик өңдүү сапаттардын калыптанышына себепчи болот.

**Сабактан таалим.** Ар кандай коомдо жарандардын бактылуу, жыргал жашоосу, турмушунун сонун жана кеңири болушу үй-бүлө коргонундагы ар бир мүчөнүн өзүнө ток, демилгелүү, коом жана мамлекеттин өнүгүшүнө жеке тиешелүүлүк, баркы жогору болуп, социалдык жактан да, экономикалык жактан да өнүккөндүгүнө түздөн-түз байланыштуу болот.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Үй-бүлөнүн бүтүндүгү эмнеге байланыштуу?
2. Сенин үй-бүлөңдө үй-бүлөлүк ишкердик жолго коюлганбы? Эмнеге үй-бүлөдө өнөр үйрөнүү керек, дейилет?
3. «Сен тарыхы бай, улуу улуттун перзентисиң», «Сен улуу ойчулдар, даанышмандар жашап өткөн мекенде туулгансың» деген сөздөрдү укканыңда дилиңде ушул Мекенде, ушул журтта жашап жатканыңдан сыймыктануу сезими ойгонобу? Пикириңди негизде.
4. Сен үй-бүлө мүчөлөрүң менен үй шартында чакан бизнес баштадың. Сен жараткан продукцияны сенден мурда маалеңдеги башка бир үйдөгүлөр баштаган жана базар менен байланышты жолго коюп, өзүнүн продукциясынын кардарына ээ. Мындай жагдайда кандай жол туткан болот элең?

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Өзүмдүкү өзүмө тийиштүү эмес. Ал ким?

8-§

# Руханий баалуулуктардын өнүгүүсүндө улуттар аралык ынтымактык мамилелери



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Улуттар аралык ынтымак дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Руханий баалуулуктардын улуттар аралык ынтымакка кандай байланышы бар? Пикиринди сүрөттөр аркылуу негизде.
3. Мамлекетибизде бүгүнкү күндө улуттар аралык ынтымак жана диний кең пейилдүүлүктү камсыздоо боюнча кандай изги иштер жасалууда?

Улуттар аралык ынтымак – улуттар аралык биримдик, эл аралык достук. Улуттар аралык ынтымак улуттук эгемендүүлүк идеологиясынын негизги идеяларынан саналып, белгилүү бир аймак, мамлекетте түрдүү улут өкүлдөрүнүн биримдикте жашоосу, чогуу иш жүргүзүүсүн туюнтуучу түшүнүк.

Улуттар аралык ынтымакты бир коомдо жашап, бирдиктүү максат жолунда эмгектенип жаткан түрдүү улут жана элдерге таандык адамдар ортосундагы өз ара урмат, достук жана биримдиктин руханий негизи деп атоо мүмкүн. Улуттар ортосундагы шайкештик изги максаттарды көздөй умтулуу, байыркы баалуулуктар өнүгүүнүн негизин түзөт.

Жер жүзүндөгү 1600 дөн ашуун улуттан болгону 200 дөн ашыгы өз мамлекетине ээ. Мындай шартта бүткүл дүйнөдө улуттар аралык ынтымактыкты кам-

«Өзбекстандын элин, улутуна карабастан, Өзбекстан Республикасынын жарандары түзөт».

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 8-статья**

сыздоо үчүн алардын кызыкчылыктары, руханияты, умтулууларын үзгүлтүксүз үйрөнүп баруу, саясий-социалдык турмушта муну дайыма эсепке алуу зарыл.

Мамлекетибиздин аймагында байыртадан көптөгөн улут жана элет өкүлдөрү биримдикте жашап келишкен. Алардын ортосунда кылымдар бою улуттук чыр-чатактар болбогон. Элибиз эзелтен кең пейилдүү, меймандос, кечиримдүү, башкалардын үрп-адаттарын жана баалуулуктарын ардактоо сыяктуу жалпы инсандык сапаттарды көрсөтүп келген.

Улуттар аралык ынтымактык жалпы адамзаттык баалуулук болуп, түрдүү элдер чогуу жашап турган аймак жана мамлекеттердин улуттук илгерилөөсүн белгилейт, саясий-экономикалык өнүгүүсүнө натыйжалуу таасир этет, тынчтык жана туруктуулуктун кепили болуп кызмат кылат.

Бүгүнкү күндө жер жүзүндө 6 млр.дан ашык эл бар. Ал эми Өзбекстандын аймагында 130 дан ашуун



## ТАРЫХКА НАЗАР

Өзбек элинин меймандостугу жана кең пейилдиги айрыкча согуш жылдарында байкалган. Ошол мезгилде Өзбекстанга 1 млн.дон көп киши, андан 200 миңи жаш бала эвакуация кылынган. Түрдүү улутка таандык жетим балдарды өзбек эли өз перзентиндей ардактап, аларды чоңойтту. Мисалы, ташкенттик Шоахмат Шомахмудовдордун үй-бүлөсү адамгерчиликтин жогорку үлгүсүн көрсөткөн.

2-дүйнөлүк согуш маалында ташкенттик жөнөкөй темирчи Шоахмат Шомахмудов жана анын аялы Бахри Акрамова түрдүү улуттун кароосуз жана жетим калган балдарын перзенттикке алып, таалим-тарбия берген. Алар үйсүз калган, түрдүү улут өкүлдөрү болгон 13 бала жана согуштан соң дагы 3 баланы өз тарбияларына алышкан. Булар: Хабиба, Вова, Шухрат – орус, Хамидулла – украин, Рафик, Рахматулла – татар, Халида – молдован, Самий – чуваш, Жолдош, Эргеш – еврей, Халима – казак, Каравай, Неемат, Муаззам, Хакима, Улукбек – өзбек. Шомахмудовдордун үй-бүлөсү адамгерчиликти даңазалоочу үй-бүлө катары чоң эрдик, каармандык көрсөткөн.

улут жана элеттин өкүлдөрү жашайт. Мамлекеттер көп улуттуу (полиэтникалык) жана бир улуттуу (моноэтникалык) курамга ээ болуп, ар бири өзүнө мүнөздүүлүгү менен бири-биринен айырмаланат. Ар бир мамлекетте түрдүү улут өкүлдөрүнүн бар экени эзелтеден ага өзүнө мүнөздүү табигый ар түрдүүлүктү тартуулап келген. Ар бир улуттун жалпы кызыкчылыктары менен бирге өзүнө таандык баалуулуктары да бар.

Өзбекстан сыяктуу көп улуттуу мамлекетте түрдүү улуттардын кызыкчылыктарын айкалыштыруу, алардын арасында ынтымакты камсыздоо өнүгүүнүн чечүүчү факторлорунан бири эсептелет. Анткени, улуттун келечеги башка элдер жана мамлекеттердин өнүгүшү, бүткүл дүйнөдөгү кырдаал жана мүмкүнчүлүктөр менен да байланыштуу. Бүткүл дүйнөдө, оболу, кошуна мамлекеттерде жакын жашап турган этностордун ортосунда тынчтык, туруктуулук, адамгерчилик, улуттар аралык ынтымак, биримдик, тең укуктуу мамиле болбосо, алардан эч бири өзүнүн жаркын келечегин камсыздай албайт.

Бир нече миң жылдык тарыхыбыз күбөлүк бергендей, айкөлдүк жана адамгерчилик, улуттар аралык ынтымакка умтулуу элибиздин эң жогорку сапаттарынан эсептелет. Муну негизги мыйзамыбыз да тастыктайт.

Коомдун жашоосунда диний кең пейилдүүлүк идеясы түрдүү диний ынанымга ээ болгон кишилердин бир өлкө, бир журтта, асыл идея жана ниеттер жолунда шериктеш жана бирдикте болуп жашашын түшүндүрөт. Дүйнөдөгү диндердин баары изгилик идеяларына негизделет, ал адалдык, тынчтык, жакшылык жана достук сыяктуу бир топ изги сапаттарга таянат. Инсандарды адалдык жана аруулук, мээр-акыбет, адамгерчиликке жана кең пейилдүүлүккө үндөйт.

Чындыгында, ар бир адам, жамаа жана улут адамзаттын түркүн маданияттарынан тургандыгын түшүнүүсү жана урматтоосу өтө маанилүү. Анткени, кең пейилдүүлүксүз тынчтык, тынчтыксыз өнүгүү болбойт.

Азыркы учурда журтубузда 16 диний конфессия, 2200 дөн ашык диний уюмдардын диний кең пейилдүүлүктүн негиздерин сактаган түрдө өз ара тынч-ынтымакта жашап жатканы ойлорубуздун айкын далили саналат.

Ушул учурда түрдүү улут жана элдердин улуттук салттарын жана баалуулуктарын асырап-абайлоо, аларды дагы да өркүндөтүү, байытуу маселеси мамлекетибиздин ар дайымкы көңүл буруусунда болуп келүүдө. Бүгүн жалпы орто билим берүүчү мектептерибизде жети тилде – өзбек, каракалпак, орус, кыргыз,

«Самарканд шаарында Жаангер Амир Темур доорунда курулган, Данияр пайгамбар аты менен аталган күмбөз ислам, христиан жана еврей дини өкүлдөрү тарабынан бирдей ардакталат... Ушул бир гана мисалдын өзү асылзаттык, изгилик жана чыныгы маанидеги кең пейилдүүлүк сапаты элибиздин табиятынын, менталитетинин негизин түзөөрүнөн кабар берет».

**Шавкат Мирзиёев**

түркмөн, казак жана тажик тилдеринде билим берилип жатканы, о.э, массалык маалымат каражаттары Өзбекстанда жашап жаткан улуттардын он тилинде иш алып барып жатканы мунун даана көрүнүшү болуп эсептелет.

Эгемендүүлүккө жетишкенибизден соң журтубузда улуттар аралык ынтымак мамилелери дагы да өркүндөдү. Кең пейилдүүлүк жана адамгерчилик маданиятын өркүндөтүү, улуттар аралык жана жарандар аралык биримдик жана ынтымакты чыңдоо, жаш муунду ушул негизде Мекенге сүйүү жана берилгендик рухунда тарбиялоо коомдун жашоосунун жогорку милдетине айланды.

Атап айтсак, бүгүнкү күндө журтубузда этникалык өзүнө мүнөздүүлүктү өркүндөтүү жана улуттар аралык мамилелерди дагы да ылайыкташтыруу боюнча 137 улуттук маданий борбор иш жүргүзүп жаткан болсо, мамлекетибиздеги улуттар аралык мамилелер жана чет элдик мамлекеттер менен достук байланыштары комитети бул маданий борборлордун ишинин өнүгүүсүнө практикалык жана методикалык жардам берип келүүдө.

2017–2021-жылдарда Өзбекстан Республикасын өркүндөтүүнүн беш үстөмдүү багыты боюнча Аракеттер стратегиясынын 5-багыты – коопсуздук, улуттар аралык ынтымак жана диний кең пейилдүүлүктү камсыздоо жана терең ойлонгон, өз ара пайдалуу жана практи-



## БИЛИП АЛ!

Улуу даанышман, маатуридия багытынын негиздөөчүсү Абу Мансур Матуридийдин (870–944) чыгармаларында диний кең пейилдүүлүк, бардык диндерди бирдей урматтоо айтылган. Анын Курандын түшүндүрмөсүнө арналган, ислам ааламында өтө кеңири таанылган «Ta'vilot ahl as-sunna» чыгармасындагы «Хаж» сүрөсүнүн 40-аяты баянында: «Чиркөө жана синагогдорду талкалоого тыюу салынат. Ошондуктан да мусулмандардын журтунда ушул мезгилге чейин алар бузулбай сакталып калган. Бул маселеде илим адамдары арасында келишпестик жок», дейилет.

калык сырткы саясат тармагындагы үстөмдүү багыт болуп төмөнкү маанилүү милдеттерди өзүнө камтыйт:

- Өзбекстан Республикасынын конституциялык режимин, суверенитетин, аймактык бүтүндүгүн коргоо;
- маалымат коопсуздугун камсыздоо жана маалыматты сактоо системасын өркүндөтүү, маалымат чөйрөсүндөгү коопторго өз убагында жана татыктуу каршылык көрсөтүү;
- жарандык, улуттар аралык жана конфессиялар аралык тынчтык жана ынтымактыкты бекемдөө;
- мамлекеттин коргоо жөндөмүн чыңдоо, Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн күжүрмөн кудурети жана деңгээлин ашыруу;
- айлана чөйрөнүн, элдин саламаттыгы жана генофондуна зыян тийгизе турган экологиялык көйгөйлөрдүн алдын алуу;
- өзгөчө жагдайлардын алдын алуу жана жоюу системасын өнүктүрүү көздө тутулат.

**Сабактан таалим.** Улуттар аралык ынтымакка көңүл буруу Өзбекстанда жашап жаткан улут жана элдердин түрдүү кесиптерде иш алып баруусу, үрп-адат жана салттардан кабардар болуусуна шарт жаратылууда. Бул түздөн-түз руханий баалуулуктардын улут ичинде өркүндөп, дагы да байышына алып келүүдө.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Мамлекетибизде улуттар аралык ынтымактыкты камсыздоонун негизги жактары эмнеде деп ойлойсуң?
2. Улуттар аралык ынтымактык жана диндер аралык кең пейилдүүлүк өз ара кандай байланышта өнүгөт?

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Киргилттен киргилт. Ал эмне?

# 9-§ Сүйлөшүү жана өз ара мамилелерде руханияттын орду



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Кеп маданияты дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Эмне деп ойлойсуң, коом маданиятсыз жана рухaний-ахлактык баалуулуктарсыз жашай алабы?
3. Өз ара мамилелерге киришүүнүн кандай эрежелери бар?
4. Достошуу маданияты дегенде эмнени түшүнөсүң? Дос тандоодо эмнелерге көңүл буруу керек?

Ар кандай адам белгилүү бир коомдун өкүлү эсептелет жана өзүн ушул коомдун маданияты жана баалуулуктарынан бөлөк элестете албайт. Коомдо инсандар амал кыла турган ахлактык, диний, саясий, экономикалык, укуктук, идеологиялык жана ушул сыяктуу мамилелердин ичинде сүйлөшүү турат. Адам коомдогу жашоосунда ким менен болсо да өз ара сүйлөшөт. Адамдын байланышка киришүүсү анын ушул коомдун мүчөсү, аракетке келтирүүчү, өркүндөтүүчү күч катары баяндалат.

Сүйлөшүүдө мамиле адеби өзгөчө мааниге ээ. Жакшы мамиле бак-таалайдын ачкычы. Адамдар арасындагы маектешүүдө байкала турган адеп-ахлак белгилери, бул – ак көңүлдүүлүк, сылыктык, кичипейилдик, чынчылдык жана башкалар.

Сөз маектешүүнүн негизги булагы эсептелет. Элибизде, «Жакшы сөз – жан азыгы, жаман сөз – жан казыгы», деген макал бар. Жакшы же жаман сөз адамдын

руханиятына түздөн-түз таасир көрсөтөт. Улуу даанышманыбыз Махмуд аз-Замахшарий мындай дейт: «Көбүнчө тил менен жеткирилген жаракат кылыч менен жеткирилген жаракаттан оор болот».

Сүйлөө жана тыңшоо да кеп маданиятын түзөт. Бул орунда Жусуп Баласагын «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө» деген. Же бабаларыбыз: «Сен ушундай сүйлөгүн, сөздөрүң берметтин баасына тең болсун, ушундай сүкүт сакта, ал акак ташка айлансын», деп бекеринен айтпаган. Демек, сүйлөшүү жараянында сөздөрдү тандап сүйлөөнү, эмне дешти, качан угууну жана унчукпай турууну билүү керек.

Ширин сөз, ой жүгүртүп мамиледе болуу ар бир инсандын сапаты жана милдети. Жалпысынан алганда, сүйлөшүү кишилердин бири-бирине таасири, тарбия жана өзүн-өзү тарбиялоо каражаты түрүндө өз ара мамилелерде өзгөчө мааниге ээ.

Дүйнөдө баардык жандыктар жашыруун жана ачык маекке киришет. Бирок адамдар гана аң-сезимдүү түрдө өз ара маектешет. Өз ара мамиле адамдык сапаттарды ачып бере турган маанилүү касиет, жараян эсептелет. Таанышуу жана мамиле орнотуу эрежелери адамдын маекке киришүүсү менен байланыштуу. Ага ылайык, таанышып мамиле орнотууда кийинүү, өзүн тутуу, сөзгө чебердик

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Дос тандоодо эмнелерге көңүл буруу керек? Руханияттуу адам кандай инсандар менен дос тутунат?
2. Төмөнкү аңгемени оку.

*Бир жакын досум бар. Ал дайыма тыкан кийинет: кийимдери таза, үтүктөлгөн. Кулк-мүнөзү кооз: адеп менен башкаларды угат, жакшы, таасирлүү сөздөрдү сүйлөйт. Ибадаты ажайып: адамдарга кубаныч гана тартуулап, аларга пайда келтирип жашайт. Ниети жакшы: адамдардын арасындагы мамилелерде саткындык, текебердик, көрө албастык, түркөйлүк, калпычылык өңдүү илдеттердин жоголушун каалайт... Менин, мындан кандай пайда, деген суроомо досум бир аз ойлонуп, жооп кайтарды: «Кыска өмүрүмдү жакшы жана изги иштерге сарптап, өзүмдөн жакшы ат калтырсам...»*

3. Бул достун кандай руханий кооз жактарын өзүңө алууң мүмкүн?
4. Эмне деп ойлойсуң, инсанда мындай кооз тарбиянын калыптануусунда ата-эне, үй-бүлө, чөйрөнүн кандай таасири бар?

жана киришимдүүлүк менен байланыштуу жактар өзгөчө мааниге ээ. Айтылгандай, кийимине карап күтүп алышат жана акылына карап күзөтүшөт принцибине ылайык таанышуу жана мамиле орнотууда ар эки жактын кызыгуусу, ой жүгүртүү таризи, руханияты жана маданияттуулугу эсепке алынат. Мамиле орнотууда ар эки жак бири-бирин түшүнүү жана таанышы керек болот.

Ар бир нерсенин логикасы жана маданияты болгону сыяктуу, достошуунун да маданияты бар. Мында, эң оболу, эки таанышуучу адам бири-бирин узак мөөнөт сынашы, кыйын жагдайларда чын жүрөктөн жардамга келиши ар качанкыдан маанилүү. Дос тутунгандан кийин, берилген дос болуу жана достукту бекемдөө керек.

Чыныгы достун бар экени адамдын өз жашоосунда түрдүү кыйынчылык жана сыноолорду жеңип өтүүсүндө канатташ, желкелеш катары жардам көрсөтөт. Жалалиддин Румий айткандай, «Досу акылдуу болгон адамга күзгүнүн кереги жок». Анткени чыныгы дос күзгүдөй болуп адамдын кемчиликтерин жүзүнө айтып, аны жаман адаттардан кайтарып турат.

**Сабактан таалим**. Адамда бардык нерсе кооз болушу керек – көңүлү да, акылы да, сырткы көрүнүшү да, башкалар менен болгон мамилеси да. Адам коомдогу жашоосунда башкалар менен маектешүү аркылуу активдүү жарандыкка ээ болуп барат. Маектешүүнүн мазмун-мааниси жана өзгөчөлүгү инсандык мамилелерди орнотуунун курамдык бөлүгү болуп саналат.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кеп маданияты эмне үчүн керек?
2. Кеп маданияты жогору өнүккөн адам менен билимдүү адамдын айырмасы эмнеде? Пикириңди негизде.



### БИЛИП АЛ!

XII кылымда жашаган Шайх Азизуддин Насафийдин «Жеткилең инсан» китебинде төмөнкүлөрдү окуйбуз: Адамгерчиликтин касиети төрт сапат: жакшы сөз, жакшы иш, жакшы мүнөз жана билим. Кимде ушул төрт сапат болсо, адамгерчиликтүү, бирок кимде бул сапаттар болбосо, ал адамгерчиликсиз болот. Ким ушул төрт сапатты өнүктүрсө, жеткилең адам саналат».

**«Osuda yashashning 99 siri»**



### ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Таш эрийт, бирок ал эрибейт. Ал ким?

# 10-§ Акыл жана руханий деңгээлдин, коомдун руханий жаңылануусундагы орду



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Мектеп», «Билим» жана «Руханият» түшүнүктөрүнүн өз ара байланышын түшүндүр.
2. «Илим жана билим адамды бийикке көтөрөт» дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Төмөнкү сүреттөргө карап, руханий деңгээл ээлери жөнүндө пикир жүргүз.

Жаш муун бар билимин мектептен алат. Мектеп билим очогу деп аталышы менен бирге окуучунун турмуш жолун белгилеп берүүчү, аны адам катары калыптануусун кепилдөөчү мекен да болуп саналат. Мектеп мугалим жана окуучунун негизине курулат. Анда бийик руханият, билим жана маданияттуулук жогору болушу керек. Жалпы билим берүүчү мектептерге жүктөлгөн милдеттерди аткаруу жана иш жүргүзүүдө таалим-тарбияны пландаштыруу, окуу-педагогикалык жараянды алып баруу, мектеп иштерин жүргүзүүнү уюштурууда көптөгөн нормативдик документтерге таянат. Алсак, 1997-жылы Өзбекстан Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы жана Кадрларды даярдоонун улуттук программасынын кабыл алынышы мектептеги билим берүүнү жаңы ба-

«Даанышмандар, тарбия канча түгөл болсо, эл ошончо бактылуу жашайт, дешкен. Ал эми тарбия толук, түгөл болушу үчүн бул маселеде боштук пайда болушуна эч качан жол бербөө керек».

**Шавкат Мирзиёев**

скычка алып чыкты. Чындыгында да Кадрлар даярдоонун улуттук программасы дүйнөдө «өзбек модели» деп таанылган улуттук өнүгүү стратегиясынын ажырагыс бөлүгүнө айланды. Мамлекетибизде жаштарыбызды жеткилең кылып өстүрүү, таалим-тарбия берүү маселеси консититтуциялык статуска ээ болду. Руханиятыбыздын негизин түзгөн, жашообуздун ажырагыс бөлүгүнө айланган, мамлекетибиздин туруктуу назарында турган билим берүү маселеси Негизги Мыйзамыбызда бекем орунга ээ болду. Мектеп таалим-тарбия иштерин ар бир жеке инсан, коом жана мамлекет кызыкчылыктарын көздөгөн түрдө ишке ашырат, окуучуларды ар тараптуу өөрчүтүү үчүн шарт жаратып берүүдө, окуучулардын өз үстүндө өз алдынча иштеши жана кошумча билим алышы үчүн мүмкүнчүлүктөр жаратат. Журтубуздагы бардык окуу мекемелери катарында мектеп да окуучуларда улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды тыгыз айкалыштыруунун негизинде улуттук идея рухунда жогорку руханий-ахлактык сапаттарды калыптандыруу, аны чыныгы адам, Мекенге берилген жаран кылып тарбиялоого багытталган.

Жеткилең инсандын таалим-тарбиясы жогорулугуна көңүл бурган түрдө, мектеп, окуучуларда эгемендүү Өзбекстан Республикасына жана анын Конституциясына туруктуулукту калыптандырат, Мамлекеттик символдорго (туу, гимн жана герб) урматын, катуу тартип жана илимдин негиздерин мыкты ээлөөгө астейдил мамиле жасоону үйрөтөт. Ошондуктан, мектептин жоопкерчилигине билимдүү, маданияттуу жеке инсандарды тарбиялоо, аларды үй-бүлө, коом, мамлекет алдындагы жоопкерчилигин толук түшүнгөн жана ээлеген, билимдерин турмушта колдоно алган жеке инсан катары жетилтүү милдети да жүктөлгөн.

Негизгиси, бүгүнкү күндө аруу ахлактуу, дене тарбялык жактан күчтүү, Мекенге берилген, изденүүчү,

патриот адам, өз алдынча пикирге ээ, демилгелүү, саламат муунду жеткирип берүү коомдун өнүгүшүнүн зарыл негизи саналат.

*Odamdan yuqori tururkan olam,*
*Bilim oshirmoqqa muhtojdir inson.*

Илим жана билим адамды бийикке көтөрөт. Илим, билим да өз кезегинде маданият, руханият түшүнүктөрү менен тыгыз байланыштуу, алар өз ара шайкеш түрдө колдонулат. Анткени, билим руханиятка алып келүүчү жол, аны калыптандыруунун каражаты. Ошондуктан, Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов айткандай, «Илим-билимге кызыгуусу жок улуттун келечеги да болбойт».

Илим жана билим руханий көз карандылыкты жоюучу күч, ал адамга акыл, рухий кубат бере турган фактор катары пайда болот. Ал адамдарды билим-



## БИЛИП АЛ

«Өз ара ынтымакта, максаттар шайкеш болгон жайда гана үй-бүлөлүк жыргалчылык, журттун өнүгүүсү, элдин бак-таалайы орун алат».

**«Hikmatlar xazinasi»**



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Эмне үчүн билимдүү, акылман инсандарга карата «мектеп көргөн» деген сөз иштетилет?
2. Төмөнкү аңгемени окуп, өз пикириңди билдир.

*Каримжан класста эң жакшы окуучу. Ал ар күнү үйгө тапшырманы аткаруу менен бирге темага байланыштуу болгон окуяларды, жараяндарды жазып барат. Мугалим тарых сабагынан темурийлер мамлекети жөнүндөгү теманы сураганда ал Жаангер жараткан «Темур түзүктөрү» чыгармасынан мамлекетти адилеттүү башкаруу, мамлекетте адилеттүүлүктү орнотууда журт падышасынын калыс болушу жөнүндө кошумча кылды.*

*Сабак аягына жеткенде классташтары аны курчап алып, ар сабакта тема боюнча кызыктуу маалыматтарды таап келүүнүн сырларын сурашканда, ал дайыма сабактан кийин 2 саат мектеп китепканасына кирип, көркөм адабияттарды, жаңы чыккан мыйзам жана токтомдорду үзгүлтүксүз окуп, өзүнө белгилеп алуусун айтты.*

«Он жыл ачка жүрсөң да илим же өнөр издөө жолунан калба».

**Абу Ханифа имам Аазам**

сиздик чеңгелиден куткарат, ыпылас, жаман, күнөө иштерден кайтарат, изги мүнөз жана адеп ээси болууга көмөктөшөт. Чыныгы илимге, билимге жетишкен инсан гана адамдын кадырын, улуттун баалуулуктары, өздүгүн таануу, эркин жана азат коомдо жашоо, бир сөз менен айтканда, эгемендүү мамлекетибиздин дүйнө жүзүндө өзүнө татыктуу, абийирдүү орун ээлеши үчүн патриоттук көрсөтө алат.

Ошондуктан, билимдүү адамдардан түзүлгөн коом өнүгөт, анын келечеги жаркын болот. Мисал үчүн, Жаангер Амир Темурдун доорунда элибиздин руханият жана билим боюнча дүйнөгө даңкы чыккан.

Билим руханиятка жетелейт. Руханиятты жашоого сиңдирүү агартуу аркылуу гана эмес, о.э. билим уялары, түрдүү чыгармачылык уюмдар, ишкана, мекемелер аркылуу да ишке ашырылат. Бул болсо адамдардын руханий өсүшүн камсыздайт, элдин руханияты жана билиминин өркүндөшүнө мүмкүндүк берет.

Билим аркылуу адамдын жөндөмү, таланты, акылы, умтулуусуна жараша маалым бир даражага жетишет. Билим таратуу жолу менен саясат жана экономикалык жактан жалпы социалдык өзгөрүүлөр болушуна жетишүү руханият ээлеринин жоопкерчилиги эсептелет. Анткени чыныгы билимдүү инсандар гана өз журтунун өнүгүшүнө, дүйнөдө татыктуу орун ээлешине салым кошушат, аны көз карегиндей асырап-абайлоого көмөкчү болушат. Бул болсо устат жана мугалимдер, ата-энелер, бүтүндөй коомго чоң жоопкерчилик артат. Жаштарга таалим-тарбия берүүчү, аларды руханиятка чакыруучу устаттарды урматтоо, аларга татыктуу шарт жаратып берүү эң жогорку милдеттерден бири болуп эсептелет.

Улуу агартууну жактоочу Абдулла Авланий: *«...Билимдүү эл кайраттуу болот. Кайрат дилдин эрдигинен, рухтун саламаттыгынан турат. Илим-билим жана маданияттан ажыраган эл түркөйлүк тосмолору арасында эзилген камыр сыяктуу камалып, өз напсинин чеңгелинен чыга албайт... Анткени, билимсиздик жана коркунуч, жакырлык менен муктаждыктан да ашкан кооптуу бир бактысыздык»*, деген эле.

**Сабактан таалим.** Журтубузда аткарылып жаткан реформалардын натыйжасында коомубуз азат жана эркин келечекке карай бурулду, руханият жана билимди өркүндөтүү мамлекет саясатынын эң жогорку багытына айланды. Анткени, адам, эл, коом жана мамлекеттин күч-кудурети жарандардын руханий-ахлактык тарыхы, руханияттын улуттук-этникалык негиздери, улуттук баалуулуктар, элдин деңгээли башталгыч негиз — мектептеги таалим жана тарбиянын натыйжасы саналат.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Бүгүн Өзбекстанда туруктуу өнүгүүнү камсыздоодогу таалим-тарбиянын ордун негизде.
2. Адамдын интеллектуалдык жана моралдык деңгээлин ашырууда билимдин орду кандай?
3. Биз кандай инсандарды билим деңгээли жогору деп эсептейбиз? Оюнду негизде.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Аларга жетишүү, аларды өзүндө жыйноо, аларды табуу оңой эмес. Аларды туура сарптоо, өз орду менен колдонуу, натыйжалуу пайдалануу андан да кыйын. Алар эмнелер?

## БИЛИП АЛ

«Бүткүл руханияттын тарыхы муну көрсөтөт: цивилизация дегени бул – инсандын өзүн өнүктүрүү үчүн алып барган күрөшүнүн жемиши болуп саналат. Бардык диндер, окуулар адамдын жөндөмү, ички дүйнөсү жана ахлагын үйрөнүү, жеткилең инсанды тарбиялап, туура жолго баштоо менен алектенип келишет».

**Н. Камилов, «Tafakkur karvonlari»**

# 11-§ Адабият — элдин дилинин руханий баяны







## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Эмне үчүн адабият руханиятка жетелөөчү негиз дейилет? Сүрөттөр аркылуу оюңду негизде.
2. Руханиятты өнүктүрүүдө адабияттын орду кандай?
3. Адабиятсыз руханий мурасты муундарга жеткирүүгө болобу?

Бир адам иштеп чыгаруучу ишканада иштейт, ал телефон, телевизор, машина же бут кийим иштеп чыгарат. Анын жумушуна кардар болгон сатып алуучулар продукциядан пайдаланып, баа бериши мүмкүн. Башка адам чыгармачылык менен алектенет. Ыр же көркөм роман жазат. Анын баасын ким берет? Жалпысынан, көркөм чыгармачылыкты баалай алабызбы? Чыгармачыл адамдын жөндөмү, таланты, ички сезимдеринин баасы кандай болот? Мунун жообу кыйын. Туума талантты, жөндөмдү, адабиятты баалап болбойт. Ар ким өзүнчө баа берет, өзүнүн көз карашында кабыл алат.

Улуту, журту, элинин муң-кайгысын, ийгилигин дилинен, көңүлүнөн чыгарып ак кагазга түшүргөн адамдын чыгармачылыгынын баасы кыйла татаал болот. Мына сага адабияттын баасы.

Адабият (арабча адептер жыйындысы) – жалпы инсандык руханияттын курамдык бөлүгү, адабий ишмердүүлүктүн натыйжасы, коомдун турмушу жана анын

Биз акын дегенде, алгач Алишер Наваийдей асыл зат, жазуучу дегенде, Абдулла Кадирий сыяктуу өз эли үчүн баа жеткис талант, ошол эле учурда бүткүл өмүрүн арнаган улуу жана ыйык инсандарды элестетебиз.

Бир сөз менен айтканда, элибиз адабиятты ыйык жана улуу бир жерге деп билет. Дал ушундай баанын өзү эл-журтубуздун жашоосунда бул тармактын өкүлдөрүнө, алардын чыныгы сөзү, терең маанилүү чыгармаларына ишеним, урмат-сый жана барк эзелтеден жогорку даражага көтөрүлгөнү айдан ачык көрүнүп турат.

**«Адабиятка көңүл буруу – келечекке көңүл буруу дегени»**

өнүгүүсүндө өзгөчө мааниге ээ болгон чыгармачылыктын багыты. Адабият эки мааниде колдонулат: 1) кең мааниде – бардык китептин түрлөрү, газета жана журналдарга карата; 2) тар мааниде – көркөм адабият, түрдүү жанрлардагы көркөм чыгармалардын жыйындысы.

Көркөм адабият кишилик өнүгүүнүн белгилүү бир баскычында пайда болуп, алгач оозеки чыгармачылыктын үлгүсү түрүндө жаратылып, тилден тилге өтүп, байып, өнүгүп барган. Жазуу пайда болгондон кийин, адамдарда жазма кеп, жазуу маданияты өркүндөшү менен жазма көркөм адабият да калыптана баштады. Көркөм адабият ар кайсы элдин руханиятын муундардан муундарга алып өтө турган негизги каражаттардан бирине айланды. Оозеки жана жазма адабият кайсы элге таандыктыгына карап, ошол элдин аты менен кошо айтылат.

Жалпы билим берүүчү мекемелерде адабиятты окутуунун негизги максаты ыймандуу, башкалардын сезимдерин туя турган, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга бекемдик, жогорку диттүү, бийик ахлактуу, акылдуу, өз иш-аракетин башкара ала турган жеткилең инсандын руханий дүйнөсүн калыптандыруудан турат.

Бардык мамлекеттерде Мекен түшүнүгү жана патриоттук идеялары бар болуп, мындай сезимдер мам-

«Көркөм чыгарма бутагында жалпы адамзаттык мөмөлөр жетилүүчү, ал эми тамыры улуттук негизде жатуучу дарак».

**Өткүр Хашимов**

«Сөз адамдын баркынчалык баалуу болот».

**Жалалиддин Румий**

лекет пайдасына, элдин ой жүгүртүүсү, жашоо мүнөзү жана рухиятын калыптандыруу маселесине түздөн-түз байланыштуу болот.

Дүйнөлүк цивилизацияга чоң салым кошкон Кытайдын накыл сөздөрүндө, Япониянын таалимге жасаган көңүл буруусунда, Кореянын өнүгүүсүнүн башкы максатынын негизинде да патриоттук идеяларынын шайкештигин көрөбүз. Патриоттук идеялар адабият сабактарында үйрөтүлгөндө жаштарды тынч жашоо, башка элдердин үрп-адаттарын, салттарын, жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоо аркылуу туруктуу жашоого карай илхам берет.

Көркөм чыгарманы үйрөнүү аркылуу жаштар мекенди сүйүүнү өзүндө пайда кылууга умтулушат, чыгармадагы кайсы бир каарманга таандык патриоттук сезимин өздөштүрүп алышат.

Кишилик коомунун өнүгүүсү жараянында көптөгөн муундардын ой жүгүртүүсү жана акыл эмгеги менен жаратылган руханий мурас, руханий байлыктар, көөнө тарыхый эстеликтер – булардын бардыгы казынанын ачкычы эсептелет. Бул жазма булактар улуттун өздүгүн таанууга кызмат кылуусу, анын өтмүшү гана эмес,



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Элестет, сенин бир жакын досуң чыгармачылык кылат. Ал жазган ырлар ушунчалык таасирдүү, окуп ойго батасың. Мындай жагдайда көңүлүңдөн кандай сезимдер өтөт?
2. Мекендешибиз болгон бир ойчулдун өмүрү жөнүндө чет элдик телеканалдар аркылуу атайын телеберүү болуп жатат. Бул телеберүүнү көргөндө сенде сыймыктануу сезими пайда болобу? Эмне үчүн?
3. Улуу ойчул бабабыз Абдулла Авланийдин төмөнкү сөздөрүн түшүндүрүп бер:

*«Ар бир улуттун дүйнөдө бар экенин көрсөтө турган тил жана адабият. Улуттук тилин жоготуу – улуттун рухун жоготуу дегени».*

«Ар ким ойлоо, сөз жана ынаным эркиндиги укугуна ээ. Ар ким өзү каалаган маалыматты издөө, алуу жана аны таратуу укугуна ээ, аракеттеги конституциялык системага каршы маалымат жана мыйзамдар менен белгиленген башка чектөөлөр буга кирбейт».

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 29-статьядан.**

о.э. азыркы күнү үчүн да руханий баалуулук түрүндө кароосу табигый абал.

Мисалы, үч миң жылдык тарыхка ээ баа жеткис руханий эстелик, «Авесто», элдик оозеки чыгармачылыктын баа жеткис бермети болгон «Алпамыш» дастаны, улуу бабаларыбыз Имам Бухарий, Имам Термезий, Имам Маатуридий, Мухамад  Муса Харезмий, Ал-Ферганий, Ибн Сина, Абу Райхан Беруний, Амир Темур, Мырза Улукбек, Алишер Наваий, жадид бабаларыбыздын чыгармаларын чоң таалим-тарбиялык, илимий, социалдык-философиялык мурас деп аташыбыз мүмкүн. Бир гана «Авестодо» жакшылык менен жамандык, изгилик жана жана жаркын жашоо, инсандын табият менен гармониясы, аман-эсендиги жана туруктуу өнүгүүнүн алгачкы негиздери өз  баянын тапкан.

Руханий кенч фактору эсептелген элдик оозеки чыгармачылык да улуттун руханияты, патриоттук, баатырдык, мамлекетчилик менен байланыштуу билим жана тажрыйбаларды өзүндө камтыган, баа жеткис руханий кенч түрүндө бүгүнкү күндө да мамлекетибиздин ар тараптуу өнүгүүсү, жаркын келечеги үчүн кызмат кылып келүүдө.

Кайсы бир элдин руханиятына мүнөздүү болгон баалуулуктардын башка элдер тарабынан таанылышы адабият аркылуу, көркөм чыгармалар аркылуу көрүнөт. Ошондой эле, башка элдер тарабынан көркөм чыгармалар аркылуу баяндалган чыгарманын үлгүлөрү мына

«...бул ыйык журтта жашап, чыгармачылык менен алектенген Ахмад Даныш, Абдурауф Фитрат, Файзулла Хожаев, Садриддин Айний сыяктуу көптөгөн агартуунун патриотторунун үлгүлүү өмүрү бүгүнкү күндө да журтубузда жаңы коом түзүү, жеткилең муунду тарбиялоо, руханиятыбызды өнүктүрүүдө бизге теңдешсиз күч тартуулап келүүдө».

**Шавкат Мирзиёев**

«…адабият жана искусствого, маданиятка көңүл буруу – бул, оболу элибизге болгон көңүл буруу, келечегибизге көңүл буруу дегени экенин, улуу акыныбыз Чолпон айткандай, адабият, маданият жашаса, улут жашашы мүмкүндүгүн унутууга биздин эч акыбыз жок».

**Шавкат Мирзиёев**

ушул элдин тарыхына болгон терең урматты туюнтат. Мындай урмат элдин ар-намысын, улуттук өздүгүн андан да өнүктүрүүгө, адабияттан сыймыктануу, руханий сапаттарга болгон көңүл бурууну арттырат. Адабияттын күчү да, куралы да ушунда көрүнөт.

Элибиздин муундардан муундарга өтүп келе жаткан өтө байыркы, бай адабий-маданий мурастары бар. Ал элибиздин үрп-адаттары, салт-санаалары, майрамдары, байыркы таш жазуулары жана археологиялык табылгалар, элдик оозеки чыгармачылык, жазма көркөм адабияттын үлгүлөрү, сүрөт жана колдонмо кол өнөрчүлүк жана музыканын берметтери, кайталангыс архитектуралык эстеликтерден турат.

**Сабактан таалим.** Адабият – руханияттуу жана билимдүү адамды, оболу, дүйнөлүк коомчулукка активдүү жана табигый жол менен кирип баруусу үчүн өзүнүн тынчтыкка тең шериктештикке, демократияга, адам укуктарына, чыныгы жалпы адамзаттык баалуулуктарга туруктуу экендигин көрсөтүүчү эң натыйжалуу каражат болуп эсептелет.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Адабияттын адамдын руханиятындагы орду эмнеде?
2. Адабият аркылуу кандай инсандык характер калыптанат?
3. «Адабият жашаса, улут жашайт» деген пикирди негизде.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Ой булагынын тунук суулары. Алар эмнелер?

# 12-§ Экологиялык маданият менен руханияттын шайкештиги

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Адамдын руханиятын калыптандырууда экологиянын кандай тиешеси бар?
2. Экологиялык маданият түшүнүгүнө аныктама бер.
3. «Экологияны сактоо – адамзатты сактоо» деген пикирди түшүндүр.
4. Төмөнкү сүрөттөргө кара. Экологияны сактоо үчүн кандай сапаттарга ээ болуу керек?



Адамдын жеткилеңдиги, маданияттуулугу тышкы көрүнүшүнө карап эмес, тескерисинче анын көз карашы, таалим-тарбиясынын деңгээли менен белгиленет.

Экологиялык маданият – бул айлана-чөйрө жөнүндө терең билимге, табиятты асырап-абайлоо сезимдерине ээ болуу, өсүмдүктөр жана жаныбарларга камкордук көрсөтүүгө, табият запастарынан үнөмдүү пайдалануу, аларды көбөйтүү маселесинде кам көрүүгө каратылган практикалык иш-аракеттин бийик көрсөткүчү эсептелет.

Колдонуудан ашыкча суунун агышына жол бербөө, суу көлмөлөрүн булгабоо, таштандыларды туш келди төкпөө, турак-жайларды таза кармоо, жаныбарларга камкордук кылуу, канаттууларды багуу сыяктуу иштерди аткаруу экологиялык маданияттын эң жөнөкөй көрүнүштөрүнөн саналат.

Бүгүнкү күндө экологиялык жараян татаал болгондуктан ал коомдун мүчөлөрүнөн заманбап ойлоону, көз караштты, ахлактык, маданий, руханий жеткилеңдикти талап кылат. Ошондуктан экологиялык таалим жана тарбияны адамга сиңдирбестен туруп, аны руханий жогору сапаттарга ээ адам деп айта албайбыз.

Мында эң жогорку милдет айлана-чөйрөнү, табиятты асыроо, табият менен коомдун ортосундагы өз ара таасирлерди бир бүтүндүктө түшүнүүнү калыптандыруудан турат.

Жаратылышты коргоо, асырап-абайлоо, табигый байлыктарды үнөмдөө, айлана-чөйрөнү таза жана тыкан кармоо жана учурдагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүү адамдын мамлекет, коом жана өзүнүн алдындагы негизги милдети жана жоопкерчилиги эсептелет.

Ошондуктан жаштарда экологиялык маданиятты калыптандырууга жана бул тармакта элибиздин бай мурасынан кеңири пайдаланууга өзүнчө көңүл буруу зарыл.

Бабаларыбыздын байыркы жана бай экологиялык маданият багытында калтырган мурасын терең үйрөнүү, топуракты, сууну, абаны, табиятты асырап-абайлоо, таза абалда кийинки муундарга калтыруу, жаштарда экологиялык маданиятты калыптандыруу көйгөйлөрү барган сайын олуттуу болуп жаткандыктан айлана-чөйрөгө аяр мамиледе болуу маселеси жадагалса Конституциябызда да келтирип өтүлгөн.

Бул боюнча Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов күйүнүү менен төмөнкүлөрдү айткан эле: *«Кылымдар тогошкон мезгилде бүткүл адамзат, мамлекетибиздин эли абдан чоң экологиялык коопко туш келип калды. Муну сезбестик, эки колун куушуруп отуруу, өзүн-өзү өлүмгө өкүм кылуу менен тең...»*

«Кароосуз жаткан жерлер ээсиз болсо, халиса (б.а. мамлекеттин жерлерин башкаруучу мекеме) тарабынан абат кылынсын. Эгерде ээси болсо, абат кылууга кудурети жетпесе, ага түрдүү аспап жана керектүү нерселерди бергиле, өз жерин абат кылып алсын. Дагы буйрук кылдым, кароосуз болуп жаткан жерлерде карыздар[1] курсун, бузулган көпүрөлөрдү оңдосун, арык жана дарыяларга көпүрө салсын, жол боюна, ар бир калк жашаган жерлерге рабаттар курсун».

**«Темур түзүктөрү»**

[1] Карыз өзбекче koriz, шор сууларды тартуучу курулма (которм.).

Ата-бабаларыбыз экологиялык чөйрөнүн бузулушунун алдын алууга аракет кылышкан, табиятты абдан абайлап, аны көз карегиндей асырашкан.

Абу Райхан Берунийдин «Сайдана» чыгармасында өсүмдүктөрдүн 1118 түрү, ошонун ичинде, дары болумдуу өсүмдүктөрдүн 750 түрүнө жана жаныбарлардын 101 түрүнө толук аныктама берилет. Ал өз эмгегинде араб, грек, инди, перс, согди жана башка тилдерге байланыштуу 4500 өсүмдүк, жаныбар, минералдардын аты жана алардан алына турган продукциялар жөнүндө маалымат чогултуп, ошол доор дарыгерлик атамаларын тартипке салууга өзүнүн чоң салымын кошкон. Анын илимий генийлиги изилдөөлөрү, тажрыйбаларында табияттагы бардык кубулуштар белгилүү бир табигый мыйзам ченемдүүлүктүн негизинде жүрө тургандыгын, сырткы күчтүн таасири аны изден чыгарышы мүмкүн экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка келгендигинде.

Элибиздин тарыхый-адабий эстелиги «Авестого» көңүл бурсак, ата-бабаларыбыз айлана-чөйрөгө, жерге өтө этият мамиле жасап, аны асырап-абайлагандыгына күбө болобуз. Абайлап гана калбастан, ошону менен бирге аба, жер, сууну ыйык санашкан. Жашоосунун табият менен шайкештиги маселеси адамдын ички дүйнөсүнө тыгыз байланыштуу түрдө көрсөтүлгөнү көп нерсени билдирет. Инсандын руханий дүйнөсүнүн калыптануусунда айлана-чөйрө илгертеден эле кандай күчтүү таасир өткөрүп келгендиги дагы бир жолу көңүлүбүздү бурат.

Аралдын экологиялык катастрофасын дүйнөлүк масштабдагы кырсык деп атоо мүмкүн. Бул кырсыкты мамлекетибиз жана бир тууган мамлекеттер жеке өзүнчө жоё албайт. Ал үчүн биргелешип гана, бир тууган мамлекеттер өз ара түшүнүшкөн түрдө

«Жарандар табигый чөйрөгө аяр мамиледе болууга милдеттүү».

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 50-статья**



**БИЛИП АЛ!**

Берунийдин «Эгерде инсандар табиятка карата күч колдонуп, анын мыйзамдарын одонолук менен бузса, бир күн келип, табият алардын башына ушундай кырсыктарды салышы мүмкүн, муну эч кандай күч кайтара албайт» деген накыл сөзү бүгүнкү глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн мындан миң жыл мурда алдын ала айтып өтүлгөнүн көрсөтөт.

иш жүргүзсө гана оң натыйжаларга жетишүү мүмкүн. Ушул журтта туулуп өскөн адам эч качан өз журтунун тагдырына көңүлкош карап тура албайт. Инсандын мекенди сүйүүсү да, чыныгы адамгерчилиги да мындай кырдаалдарда айкын көрүнөт. Чыныгы руханий-ахлактык сапаттын ээси болуу үчүн ар кандай көйгөйлөрдү өзүнүн көйгөйүндөй көрүү керек. Демек, биз ушул журтту бардыгыбыз үчүн жалпы үйүбүз деп гана эмес, о.э. баарыбыз үчүн теңдеши жок жүрөк деп да билишибиз керек.

Бир аймакка жайылган көйгөй белгилүү бир улуттун, инсандын, мамлекеттин эмес, аймактын көйгөйүнө айланышы, адамдардын бири-бирине шерик болушун

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Сен айлана-чөйрөгө кандайдыр бир зыян жеткенде, аны жоюу колуңдан келсе, кандай жол тутасың? Мунун алдын алуу сага кандай пайда келтирет?
2. Төмөнкү жагдайды оку жана Акылдын иш-аракетине өз оюңду айт.

*Акыл мектептен кайтып келе жатканда кошунасынын суу насосу бузулуп, крандан тынымсыз суу агышы натыйжасында бүтүндөй үйдүн короосун суу басканын жана жадагалса арткы кошунанын дубалы да кулайын деп калганын көрдү. Бир аз токтоп карап турду. «Үйдө эч ким жок окшойт», деп койду. Унчукпастан өтүп кетти. Үйгө барды, кийимдерин алмаштырып, тамактангандан соң мектептеги шахмат ийримине баруу убагы келгенин эстеп, дагы мектепке кайтты. Эми караса, суу баскан кошунанын үйүндө адамдар топтолушуптур. Жанындагы кошунанын дубалы жыгылыптыр. Суу баскан үйдөгү бардык нерселер – эгилген жана вазага отургузулган гүлдөр, жыгач керебет жана үйдөгү башка нерселер ным тартып, кайра калыбына келтирүүгө жарабай калыптыр. Ал да кошуна короого кирип: «Кокуй, бүт баары жарабай калыптыр го, эмне үчүн дарбазаны, сууну ачып кетип калдыңыз?» деди. Кошуна кыз «Дарбаза ачык калганын каерден билдиң? Сен суу агып жатканын көргөн белең?» дегенде кызарып кеткен Акыл же «ооба», же «жок» дээрин билбей калды. Өз учурунда кранды жаппаганына өкүндү.*

жана биргеликте аны чечүүнү талап кылат. Бул жараянда руханий сапаттар негизги каражат болуп кызмат кылышы керек.

Бүгүнкү күндө айлана-чөйрөнү коргоо, табият ресурстарынан үнөмдүү пайдалануу багытындагы мамилелерди тартипке салуучу бекем укуктук негиз жаратылды. Өзбекстанда бул тармакта отузга жакын маанилүү мыйзамдар жана жүздөгөн нормативдик документтер кабыл алынды. «Экологиялык көзөмөл жөнүндөгү» мыйзам жана башка нормативдик документтерде коом мүчөлөрүндө экологиялык маданиятты калыптандыруу, мамлекетте айлана-чөйрөнү коргоо өз чечимин тапты.

**Сабактан таалим.** Бүгүнкү күндө экологиялык таалим жана тарбияны адамдардын аң-сезими жана ой жүгүртүүсүнө сиңдирбей туруп, жогорку руханияттуу, сабаттуу коом кура албайбыз.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Эртеңки келечегибиз болгон жеткилең муун тарбиясында экологиялык маданиятты калыптандыруунун негизги милдеттери эмнелерден турат?
2. «Табият жана адам өз ара белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүктөрдүн негизинде мамиледе болот. Бул мыйзам ченемдүүлүктөрдү бузуу түзөтүп болгус экологиялык кырсыктарга алып келет», деген пикирге кандай карайсың?
3. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде айлана-чөйрөнү коргоо, табиятты сактоо боюнча кандай иш-аракеттер аткарылууда?

«Эң маанилүү маселе – экологиялык маданиятты өнүктүрүү жөнүндө олуттуу ойлонуу зарыл. Албетте, мындай көйгөйлөрдү административдик жол менен гана чечүүгө болбойт, буга жаш муундун көңүлүндө табиятка болгон мээрим, ага болгон тиешелүүлүк сезимдерин тарбиялоо аркылуу жетишүү мүмкүн».

**Шавкат Мирзиёев**



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Ал тынч болсо,
адамзат да тынч.
Ал тынч эмес
болсо, адамзаттын
жашоосу коop
астында калат.
Алар эмнелер?

# 13-§ Жаштар ишинде бийик руханиятты калыптандыруу



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. Жаштардын социалдык ишмердүүлүгүнүн негизин эмнелер түзөт?
2. «Мен ушул куттуу журттун перзентимин, мен улуу бабалардын урпагымын, улуу тарых жана маданият ээсимин» деген чыныгы улуттук сыймык сезими калыптанышы үчүн жаштарда кандай сапаттарды өнүктүрүү керек?
3. Сүрөттөргө карап бул жаштарды эмне бириктирип турганы жөнүндө пикир жүргүз.

Бала туулган күндөн баштап үй-бүлө чөйрөсүндө жашайт. Үй-бүлөгө таандык салттар, баалуулуктар, үрп-адаттар баланын жеткилең инсан болуп калыптанышында негиз болот. Эң негизгиси, перзенттер үй-бүлөлүк турмуш мектеби аркылуу коомдун талаптарын таанып билет, сезет. Бул бекеринен эмес, албетте.

Мамлекетибиз жаштары бүгүн жашообуздун түрдүү тармактарында күжүрмөндүк менен иш жүргүзүшүүдө. Алар студент жана окуучу, ишчи жана врач, педагог жана инженер, бизнесмен жана ишкер. Жаштарыбыз компьютер, интернет технологиясы, бир канча чет тилдерин мыкты өздөштүрүп, өнүккөн мамлекеттерде билим алып, дүйнөлүк майданга чыгышууда.

Өзбекстандын келечекте улуу мамлекет болушу үчүн жогорку билим жана тажрыйбалуу адис кадрларды тарбиялап жетиштирүү талап кылынат.

Азыркы күндө мындай чоң милдетти сыймык менен аткара турган, заманбап жана дүйнөнүн эң жогорку билим берүү технологиялары менен куралданган педагог кадрларга болгон талап күндөн-күнгө артып барууда. 1991-жылда мамлекетибизде «Өзбекстан Республикасында жаштарга байланыштуу мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндөгү» Мыйзамдын кабыл алынышы мамлекетибиздин жаштарга болгон чоң камкордугу жана көңүл



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Мекенибиздин патриот перзенттери» дегенде кандай жаштар көздө тутулат.
2. Дени саламат жаштар руханий саламат да болушу мүмкүнбү?
3. Төмөнкү текстти оку жана мындай ийгиликтерге кандай жетишүү мүмкүндүгүн өз пикириң менен айт.

*Өзбекстандык жаш шахматчылар Минск шаарында ылдам жана блиц шахмат боюнча балдар арасында өткөрүлгөн дүйнө чемпионатында акыл жана чеберчилигин көрсөтүп, жогорку ийгиликтерге жетишишти. Блиц шахмат боюнча өткөрүлгөн дүйнө чемпионатынын он жашка чейинки уул балдар арасындагы таймашта Исламбек Синдоров алтын медалды колго киритти, Абдулбасит Шарифжанов күмүш медалга татыктуу болду.*

*Исламбек Синдоров тогуз партиянын сегизинде жеңип, 8 упай менен подиумдун эң жогорку баскычына чыкты. Ал россиялык Константин Котельников, Арсений Чумак, Всеволод Тимофеев, Патрик Першин, Тамерлан Чиндигур, литвалык Мотэус Дудникас, украиналык Игорь Нагорный жана командасынан Абдулбасит Шарифжановду да жеңди. Исламбек ылдам шахмат боюнча өткөрүлгөн дүйнөлүк чемпионатта да ийгиликтүү катышып, экинчи орунду ээледи. Ал мелдеште россиялык Александр Черкашин, Сергей Погорелов, Всеволод Пономарев, Тамерлан Чиндигур, украиналык Алексей Поповский, Юрий Хриновский, Кемал Баширов жана вьетнамдык Пан Хьем Доанды жеңип, бул таймашта чемпион болгон белоруссиялык Михей Науменко менен бирдей – сегиз упай чогултту жана кошумча көрсөткүчтөр боюнча күмүш медалга ээ болду.*

**УзА материалдары**

буруусунун бийик символу болду. Жаштардын коомдогу социалдык-саясий, экономикалык, маданий реформаларды ишке ашыруу жараяндарында активдүү катышуусун колдоп-кубаттоо, алардын руханий-ахлактык, идеялык-теориялык деңгээлдерин өнүктүрүү үчүн зарыл шарттар түзүп берүү, жаштардын руханий көз караштарынын калыптануу жана өркүндөө мыйзам ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү жана изилдөөнүн негизинде жаштар боюнча саясатты ишке ашыруу азыркы күндө өзгөчө мааниге ээ.

Бул сыяктуу мыйзам документтеринин кабыл алынуусу социалдык адилет, адамгерчилик, мээр-акыбет идеяларына таянуу менен бирге жаштар турмушунун бардык тармактарын камтып алуучу негизги принциптерди бекемдейт. Өзбекстан Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы жана Кадрларды даярдоонун улуттук программасы талаптарынын негизинде алып барылып жаткан реформалар жогорку даражадагы мыкты тажрыйбалуу, жөндөмдүү адис кадрларды даярдоонун максат жана милдеттерин ишке ашырууга багытталган.

| | |
|---|---|
| **Жаштар саясатынын актуалдуулугу** | ачык-айкындык; |
| | жаштардын түздөн-түз катышуусу; |
| | жаштардын демилгесин колдоп-кубаттоо жана сыйлоо; |
| | руханий, ахлактык жана маданий баалуулуктардын үстөмдүүлүгү; |
| | руханий ченемдерге көңүл бурулгандыгы; |
| | жаштардын кемсинтилишине жол коюлбастыгы; |
| | Коомдун турмушундагы руханий өзгөрүүлөрдө алдыңкы саптарда болушу; |
| | социалдык-экономикалык, саясий жана руханий чөйрөлөрдөгү реформаларды ишке ашырууда активдүү катышуу жана башкалар. |

Эң жогорку улуттук баалуулуктар жана сапаттарды тарбиялоо, жалпы адамзаттык баалуулуктарды эсепке алган түрдө Өзбекстан Республикасы жаранынын улуттук өздүгүн таанууну өркүндөтүү, кесиптик чебердикке умтулуу, эмгекке жана үзгүлтүксүз өнүгүү тажрыйбасын арттырып барууга үндөөчү сапаттарды калыптандырууга, үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, ата-эне жана туу-

гандар, үй-бүлө алдындагы милдет жана жоопкерчилик сезимин тарбиялоо сыяктуу маселелер туюнтулган.

Жеткилең муунду тарбиялоо – жаштардын руханиятын, ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун негизи болеп саналат. Өзбекстан жаштардын мамлекети. Ушул жааттан караганда, мамлекетибиздин келечеги, улуттун өнүгүшү бүгүнкү жаштардын билимине, кайрат-ынтаасына, көз карашына, патриоттук сезиминин канчалык өнүгүшүнө, жеткилеңдик даражасына байланыштуу болот. Келечегибиз эркин пикирлей турган, иш жүргүзүүдө чебер, чет тилдерди жакшы билген, жогорку технологиялык ой таанымга ээ болгон, Мекен жана элдин пайдасын өз пайдасынан жогору койгон, керек болсо, Мекен үчүн өз жанын аябаган жаштарды талап кылат.

2017-2021-жылдарда Өзбекстан Республикасын өркүндөтүүнүн беш үстөмдүү багыты боюнча Аракеттер стратегиясынын төртүнчү – Социалдык чөйрөнү өркүндөтүүнүн маани-мазмунунда үзгүлтүксүз билим берүү системасын андан да жакшыртуу, сапаттуу окутуу кызматтарынын мүмкүнчүлүктөрүн ашыруу; мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин тармагын кеңейтүү жана ушул мекемелерде балдардын ар тараптуу интеллектуалдык, эстетикалык жана дене тарбиялык жактан өркүндөшү үчүн шарттарды толук жакшыртуу; жаштар боюнча мамлекеттик саясатты өркүндөтүүнүн натыйжасында ден соолугу чың, моралдык жана интеллектуалдык жактан өнүккөн, өз алдынча пикирлей турган, Мекенге туруктуу, чечкиндүүлүк менен турмуштук көз карашка ээ жаштарды тарбиялоо, демократиялык реформаларды тереңдетүү жана жарандык коомду өркүндөтүү жараянында алардын социалдык активдүүлүгүн ашыруу сыяктуу актуалдуу маселелер көздө тутулганы бекеринен эмес.

Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга гана шайкештигин терең түшүнө турган, заманбап билимдерди, интеллектуалдык деңгээлди жана алдыңкы технологияларды ээлеген инсандар гана өзүнүн алдыга койгон стратегиялык өнүгүү максаттарына жетишүүсү мүмкүн.

Ар бир мамлекет өзүнүн жаштары менен сыймыктана тургандыгы табигый. Мунун себептери бар албетте. Биздин мамлекетте булар:

- жаштар мамлекетибиздеги социалдык-экономикалык реформаларда негизги күч катары катышууда;
- 32 миллиондон көп элдин 10 миллиону жаштар түзөт;

«Жаштарыбыздын татыктуу түрдө Мекенибиздин келечеги үчүн жоопкерчиликти өзүнө алууга жөндөмдүү болгону, бүгүнкү жана эртеңки күнүбүздүн чечүүчү күчүнө айланып бара жатканы бардыгыбызга сыймыктануу тартуулайт».

**Шавкат Мирзиёев**

«Мен мамлекетибиздеги мектептерде бир нече жолу болгонмун. Ар сапар балдардын оттой жайнап турган көздөрүн көргөнмүн. Бул – Өзбекстан жетекчилигинин билим берүү тармагындагы саясатынын эң жакшы натыйжасы эсептелет».

**Москва мамлекеттик университетинин ректору В. Садовничий, (Россия)**

➔ бүгүнкү күндө жаштарыбыз арасынан дүйнөлүк жана чөлкөмдүк чемпиондор, эл аралык предметтик олимпиадалар, фестиваль жана сынактардын жеңүүчүлөрү жетишип чыгууда.

Биздин Конституциябыз ахлактык баалуулуктарды туруктуу негизге койгон энциклопедиябыз. Анда улуттук баалуулуктарыбыз өз өнүгүүсүн тапкан. Мисалы, Негизги Мыйзамыбыздын 45-статьясында «Жашы жетпегендер, эмгекке жөндөмсүздөр жана жалгыз бой карылардын укуктары мамлекеттин коргоосунда» дейилет.

**Сабактан таалим.** Бүгүнкү күнгө келип, перзенттин ата-энесинин алдындагы милдети, ата-эненин перзентинин адындагы жоопкерчилиги улуттук мыйзамдардын негизинде бекемдеп коюлганы Өзбекстан жаштарынын улуттук салт жана баалуулуктарыбызды урматтоодо, руханий сапаттарды өзүндө калыптандырууга туруктуу негиз милдетин өтөйт.



## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Мамлекетибизде жаштар боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашырууда сенин салымың кандай?
2. Жаштарда укуктук, ахлактык, руханий маданияттын тыгыз байланыштуулугу эмнелерде көрүнөт? Мисалдар менен түшүндүр.
3. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде жарандык коомду өнүктүрүүдө жаштар кандай орун тутат. Пикириңди түшүндүр.



## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Кээде жердей жакын, кээде асмандай алыс. Ал эмне?

# 14-§ Глобалдашуу шартында улуттук руханиятка каршы коркунучтар

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Глобалдашуу» терминин мазмун-маанисин түшүндүрүп бер. Сүрөттөргө карап пикириңди негизде.
2. «Глобалдашуу бул оболу, жашоо темпинин өтө тездешүүсү» дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Глобалдашуунун коомго, мамлекеттин руханий өркүндөшүнө кандай таасири бар? Пикириңди негизде.







Бүгүнкү глобалдашуу шартында мамлекетибиздин улуттук кызыкчылыктарын коргоо, коопсуздугун жана туруктуулугун камсыздоо, эгемендүүлүктү чыңдоо ар качанкыдан да өзгөчө мааниге ээ болууда. Мындай шартта мамлекеттин рухий-ахлактык негиздери, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, руханий мурасынын беделин сактап калууга жетишүү керек. Анткени, улуттук мамлекеттүүлүктүн негизинде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде калыптандырылган жарандык коомду өркүндөтүү жатат.

Глобалдашуу (лат. глобус — шар, жер планетасы) – XX кылымдын экинчи жарымы – XXI кылымдын башында дүйнөлүк өнүгүүдө калыптанган жаңы жалпы планеталык эрежелер, мамлекеттер жана адамдар ортосундагы өз ара байланыштардын кеңейиши, дүйнөлүк масштабда маалымат майданы, капитал, товар жана ишчи күчү базарындагы интеграциялашуу, массалык маданият үлгүлөрүнүн кең таркалышы, маалымат-

> «Айрыкча, эл аралык терроризм, экстремизм, наркотрафик, диний карама-каршылык, мыйзамсыз миграция, адам соодасы, экологиялык көйгөйлөр, айрым мамлекеттерде экономикалык кризис, ишсиздик, жакырлыктын күчөп бара жатканы бүтүндөй адамзатты катуу ойго салууда».
>
> **Шавкат Мирзиёев**

тык-идеологиялык жана диний-экстремисттик чабуулдар коркунучунун артып барышын туюнтуучу түшүнүк. Андан ары, бул түшүнүк дүйнөдөгү мамлекеттердин социалдык-экономикалык, саясий жана маданий чөйрөдө өз ара жакындашуу, биригүү, окуя-кубулуштардын бир мамлекет аймагынан чыгып, жалпы адамзаттык масштабга ээ болуусу, бүтүндөй жер шарын камтып алуусу менен мүнөздөлөт. Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримов глобалдашуу атамасына төмөнкүдөй аныктама берет: «Бүгүнкү күндө ар кайсы мамлекеттин илгерилеши жана өнүгүшү эле эмес, жакынкы жана алыскы коңшулар, о.э. дүйнөлүк көлөмдө башка аймак жана чөлкөмдөр менен ушунчалык тыгыз байланышып жаткандыктан, кайсы бир мамлекеттин бул жараяндан четте турушу жакшы натыйжаларга алып келбестигин түшүнүү кыйын эмес. Ушул мааниде, глобалдашуу бул – оболу жашоо темптеринин өтө тездешүүсү дегени». Улуттук руханиятка каршы коркунучтардын негизин жалпы адамзаттык жана улуттук ахлак, баалуулук, маданият, дин жана тарбия негиздерине каршы болгон, адамдын өздүгүнүн төмөндөшүнө, социалдык, руханий-ахлактык нормаларга амал кылбоо менен байла-



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Глобалдашуу шартында коомубуз жашоосунун руханий жаңылануусуна тийгизген терс таасирден сактануу чаралары эмнелерден турат?
2. Идеологиялык кооптун таасирине түшүп калган адамды кантип жат идеологиядан куткаруу мүмкүн?
3. Төмөнкү пикирди оку жана өз мамилеңди билдир.

*Д. Уилкерсондун оюнча, Батыш коомунда ахлактык бузуктук күчөп жатканына кабель телевидениеси аркылуу адам баласына жат болгон бузукулуктун кең пропаганда кылынышы себеп. Эң кооптуусу, Батыш мамлекеттери өз көз карашы, үлгүлөрү жана жашоо мүнөзүн ар түрдүү каражаттар, мисалы, идеялык-идеологиялык таасир аркылуу өзгө улут жана элдердин жашоосуна таңуулоого аракет кылууда.*

ныштуу жараяндар түзөт. Дүйнөлүк мамлекеттер, белгилүү бир күчтөр, борборлор, адамдар тарабынан өз кызыкчылыктарын идеялык-идеологиялык жактан камсыздоо, караөзгөй максаттарды көздөп, мамлекетин жана башка мамлекеттин элин, айрыкча, жаштарын адаштыруу, алардын аң-сезимине адамзатка жана ахлакка каршы идея жана көз караштарды сиңдирүүгө кызмат кыла турган усул жана технологиялардан пайдаланган түрдө түрдүү коопторду ишке ашырат.

Ошондуктан идеялык-идеологиялык коопторго карата сергек, билгич жана кыраакы болуп жашоо мамлекетибиз кызыкчылыктары, улуттук салт жана баалуулуктарыбызга жат идея жана көз караштардын максат-ниеттерин терең түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берет, айрыкча, жаштарыбызды бул сыяктуу кооп-коркунучтардан коргоо, руханий тарбия тизимин дагы да өнүктүрүү руханий коопторго каршы күрөштө чечүүчү мааниге ээ болот.

Руханий кооптор дегенде тили, дини, ынанымына карабай, ар кайсы адамдын эркин болуп жашашына каршы багытталган, анын ички дүйнөсүн изден чыгаруу максатын көздө тута турган идеологиялык, идеялык жана маалыматтык кол салууну түшүнөбүз.

Андан ары, руханий кооптор кыйратуучу күчтөрдүн өз материалдык, саясий кызыкчылыктарын көздөгөн абалда ар түрдүү борборлор тарабынан кээ бир мамлекетке карата ичтен же сырттан туруп түздөн-түз ишке ашырыла турган руханий бузгунчулуктун белгилүү бир көрүнүшү эсептелет. Алар өз максаттарына жетишүү үчүн ар кандай усулдардан, адамдардын руханий-психологиялык сезимдери, улуттук сезимдери, ар кандай коомдогу социалдык-экономикалык, руханий көйгөйлөрдөн, о.э., заманбап технология, телекомуникация, ММК, интернеттен чебердик, алдамчылык, арам ниет менен пайдаланууга аракет кылат.

Руханиятка каршы каратылган ар кандай кол салуулар, коркунуч өз кезегинде мамлекеттин коопсуздугу, анын улуттук кызыкчылыктары, дени соо жана психологиялык саламат муундун келечегин камсыздоо жолундагы татаал коркунучтардан бирине айланышы жана коомду акыр-аягы бүлүнүүгө алып келиши мүмкүн.

| **КООПТОР** | |
|---|---|
| **Ички** | **Сырткы** |
| Көңүлкоштук, мыйзамды сактабоо, чыккынчылык, жердешчилдик, коррупция, менсинбестик, көрө албастык, жоопкерчиликсиздик жана башкалар. | Фундаментализм, шовинизм, фашизм, «массалык маданият», жат идея жана идеологиялар, идеялык вакуум, руханий жана ахлактык жардылык, ахлактык бузукулук жана зордукчулдук, эгоцентризм, наркобизнес, сепаратизм, расизм, улуттук-руханий баалуулуктарды тебеленди кылуу жана башкалар. |

Глобалдашуу жараяндары илим, техника, экономика жана башка чөйрөлөр менен бир катарда, мамлекеттик башкарууну демократташтыруу маселесине да чоң таасир көрсөтөт. Глобалдашуу жараяндары натыйжасында улуттук өздүккө кооп салуучу мультимаданият кирип келди. Азыр анын таасири астында ар бир улутка тандык болгон белги жана касиеттер массалык маданияттын белгилери менен аралашып кетүүдө. Эң өкүнүчтүүсү, анын таасирине жаштар түшүп калууда.

Бүгүнкү күндө мамлекетибизде коомдун руханий-ахлактык өркүндөшү, жарандар, атап айтканда, жаш муундун руханий-ахлактык жеткилеңдиги маселесине чоң көңүл бурулууда, бул багыттагы иштердин көлөмүн дагы да кеңейтүүдө анык максат жана милдеттер белгиленди. Мамлекет жана коомдун тыгыз кызматташтыгында иштеп чыгарылган бул багыттагы программалар, шарт-чаралар натыйжасында, алгач, өздүктү таануу, тарыхый жана улуттук баалуулуктар, байыркы үрп-адат жана салттарыбызды кайра калыбына келтирүү жана аларды дагы да байытуу, ата-бабаларыбыздын рухуна урмат жана сый көрсөтүү, тарыхый эстеликтер жана зыярат жайлардын кайра тикелениши, о.э., эң негизгиси, улуттук эгемендүүлүк идеясына негиз салуудай бир топ ийгиликтүү иштер аткарылды.

| **Жарандык коомунун өркүндөшүнө глобалдашуунун таасири** | |
|---|---|
| *Глобалдашуунун оң жагы эмнелерде көрүнөт:* Мамлекеттер жана элдердин ортосундагы интеграция жана шериктештик байланыштары күчөп жатат, капиталдын, товарлардын эркин айлануусу үчүн чоң ыңгайлыктар жаратып берилүүдө, заманбап коммуникация жана маалымат технологиялары, илимий жетишкендиктер тез таралууда, баалуулуктар жалпы инсандык негизде айкалышууда. Ошону менен бирге, цивилизациялар аралык байланыш жаңы сапатка ээ болууда жана мунун натыйжасында экологиялык кырсыктар маалында өз ара жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү артып барууда жана башкалар | *Глобалдашуунун терс жагы эмнелерде көрүнөт:* Адамзатты өз ара карама-каршылыктар куюнуна тартуучу, руханиятты жакырлантуучу, акыр-аягында аны оор кесепеттерге алып келүүчү жаңы «баалуулуктардын» калыптанышына алып келүүдө. Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү түрдүү аймак элдеринин аң-сезими жана дили түрдүү идеяларды сиңдирүүчү майданга, идеологиялык полигонго айландырылууда. Борбор Азияда диний экстремизм жана фундаментализимди кеңири жайылтуу боюнча алып барылып жаткан диверсиялык аракеттерди күчөтүүгө алып келет жана башкалар. |

## БИЛИП АЛ!

**Глобалдашуунун терс кесепеттерине каршы тура алууда:**

- улуттук интеллектуалдык деңгээлди ашыруу;
- улуттук-руханий мурасты жаштардын аң-сезими жана көз карашынын ажыралгыс бөлүгүнө айландыруу;
- жаштарда улуттук өздүгүн таануу жана патриоттук сезимдерди калыптандыруу;
- тарыхый аң-сезим жана тарыхый эс тутумду калыптандыруу, тарыхка болгон кызыгууну арттыруу;
- үй-бүлөнүн кадыр-баркы, маалесине болгон мээрим, китеп окуу, билим жана агартуучулукту үгүттөө;
- улуттук баалуулуктарыбыз жана үрп-адаттарыбызга урмат-сыйды тарбиялоо керек.

**Сабактан таалим.** Коомдун өркүндөшүнө терс таасир эте турган, аянычтуу кесепеттерге алып келе турган идеологиялык коопторго каршы коомдун мүчөлөрүнүн, оболу, жаштарыбыздын ыйман-ынанымын бекемдөө, эркин чыңдоо, аларды өз алдынча пикирге ээ болгон жеткилең инсандар кылып тарбиялоо керек.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Бүгүнкү күндө руханий жашообузга коопту туудуруп жаткан кандай илдеттерди глобалдашуунун таасири деп билебиз?
2. «Өз үйүңдү өзүң корго» деген пикирди кандай түшүндүрөсүң?
3. Кандай кооптор биз үчүн кичине болуп көрүнсө да, бирок анын кесепеттери чоң болот, зыяндын ордун толтуруп болбойт? Пикириңди негизде.

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Көбүнчө инсандарды туура эмес жолго баштайт. Ал эмне?

# 15-§ Коомдун руханиятын жогорулатууда медиамаданияттын таасири



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР:

1. «Интернет», «медиамаданият» жана «маалымат коопсуздугу» түшүнүктөрүнө аныктама бер.
2. Азирети Алишер Наваий бабабыздын «Эгерде сен сергек болсоң, падышасың сен», деген баа жеткис накыл сөздүндо кандай маани камтылган?
3. Бүгүнкү күндө медиамаданияттын коомдун руханиятына таасирин эмнелерде сезүү мүмкүн? Сүрөттөр аркылуу пикириңди негизде.

Социалдык тармактарды, массалык маданият элементтерин билүү бүгүнкү актуалдуу милдет эсептелет. Биз жогорку технологиялар доорунда жашап жатабыз: ыктыярдуу маалыматты, өзүбүзгө зарыл болгон ар кандай маалыматты издөөдө түрдүү социалдык-саясий гезиттер, китептер жана телеберүүлөргө караганда интернетти ыңгайлуу көрөбүз. Эмне үчүн ушундай? Анткени интернеттеги маалыматтар тез-тез жаңыланып турат жана эң негизгиси, пайдалануубузга эч кандай кыйынчылык туудурбайт.

Азирети Алишер Наваий бабабыз маалыматтын жеке инсандын, коомдун жашоосунда туткан ордун жогору баалап, мындан беш кылым мурда «Эгерде сен сергек болсоң, падышасың сен», деген алтынга тең саптарды жазып калтырган.

Маалымат технологиялары кескин өркүндөп жаткан шартта маалымат коопсуздугу жеке инсан,

коом, мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарын камсыздоо чоң мааниге ээ.

Маалым болгондой, ар бир маалыматта пайда жатат. Бирок маалыматтан улуттук жана эл аралык кызыкчылыктарга каршы келген түрдө пайдалануу кылмыш саналат. Ал эми бүгүнкү күндө маалымат дүйнөнүн кээ бир мамлекеттери жана эл аралык террордук уюмдары колунда негизги жана өтө коркунучтуу курал ыкмасына айланып барууда. Мунун негизги себеби – маалыматтын адамдардын көңүлүнө эң ыңгайлуу, эң ылдам жана эң таасирдүү жетип барышы.

Коомубуздун жашоосунун дээрлик бардык тармактарын, ошонун ичинде, билим берүү тармагындагы өнүгүүнүн интернет, телевидение, радио жана басма сөзсүз элестете албайбыз.

Дүйнөдө болуп жаткан түрдүү окуялар жана руханиятыбызга каршы болгон маалыматтар маалымат-коммуникация технологиялары, интернет жана массалык маалымат каражаттары аркылуу кирип келүүдө. Кээ бир жаштар бул маалыматтарга өздөрү билбеген түрдө ишенчээктик кылат, бул болсо алардын аң-сезимине терс таасир көрсөтүүдө.

Жаштарыбыздын медиасабаттуулугун жогорулатууда массалык маалымат каражаттарынын ролу чоң. Алар аркылуу түрдүү көрсөтүүлөр уюштуруп баруу, дүйнөдө болуп жаткан социалдык-саясий өзгөрүүлөр жөнүндөгү пикирлерди үйрөнүү, анализдөө жаштарды туура жолго салып баруунун эң натыйжалуу жолу эсептелет.

Мында жаштар интернет системаларынан пайдаланганда, өзүбүздүн расмий (фильтрден өткөн) жана ишеничтүү сайттарыбыздан көбүрөөк пайдаланoccулары максатка ылайык. Социалдык, экономикалык, саясий, маданий жана экологиялык тармактарда олуттуу өзгөрүүлөр жараяны, айрыкча, маалымат технологиялары тармагындагы кескин өнүгүү маалымат ресурстарынын

**БИЛИП АЛ!**

Адамдын эс тутуму телефон аркылуу 10 пайыз маалыматты кабыл алат. Ал эми видео аркылуу 60 пайыз маалыматты сиңдирет экен.

Медиабазарда даярдоочу, маалымат (продукция) жеткирип берүүчү жана кабыл алуучу катышат. Даярдоочу бул идеянын автору, материалдарды чогултат, талдайт, медиатекстти даярдайт, өткөрүп берет; продукция (маалымат) – текст, белги, сүрөт жана символдордо баяндалган маалымат; жеткирүүчү (канал) – маалыматты берүү каражаты (медиа); пайдалануучу – маалыматты алуучу, үйрөнүүчү, талкуулоочу адам.

өнүгүүсүнө алып келет. Бул болсо пайдалануучулардан маалыматтан үнөмдүү пайдаланууну талап кылат.

Интернет веб-сайттарында түрдүү маалыматтар жайгаштырылат. Бул документтер, жадыбал, диаграммалар, сүрөт, аудио, видеолор, китеп жана журналдар, документалдуу жана көркөм фильмдер жана башкалар.

Азыркы күндө оң мүнөздөгү маалымат менен бир маалда терс маалыматты да адамдын, атап айтканда, жаштардын аң-сезимине сиңдирүүнүн усул жана каражаттары дал ушул интернет аркылуу ишке ашырыла башталды.

Интернет пайда болушу менен анын коомдун мүнөзүнө таасир этүүчү маалым бир жактары жөнүндө түрдүү маектер болуп өткөн. Буларга глобалдашуу, б.а. ар түрдүү маданий шартта жашоочу жана түрдүү тарбияга ээ болгон адамдардын өз ара байланышы натыйжасында улуттук баалуулуктардын кадырсыздanышына алып келиши байкала баштады. Андан ары, маалыматтын чагылган тездигинде таралышы өз кезегинде чыныгы маалыматты жалганынан ажырата албастыкка, ар түрдүү терс мазмундагы маалыматтардын жайылышына, агрессив, зордукка үндөөчү сайттардын пайда болушуна алып келди.

Анткени, руханияттуу-маданияттуу адам эч качан сайт, электрондук почта, социалдык тармактар жана блогдор аркылуу кемсинтүү, түздөн-түз адамдын психологиясына терс таасир эте турган сөздөрдү жазбайт. Чат жана форумдар аркылуу мамилелерде сөз адеби чегинен чыкпайт.

Андыктан, интернеттен пайдаланганда төмөнкүлөргө көңүл буруу керек:

- тынчтыкка коопа туудурган, бузгунчулук мүнөзгө ээ болгон, башка колдонуучулар жана үчүнчү жактын жеке турмушуна тиешелүү ар кандай маалыматты жүктөө, сактоо, басмадан чыгаруу, таратуу жана башка жагдайларда пайдалануу;
- жашына жетпегендердин укуктарын бузуу;

«Бүгүн заман тездик менен өзгөрүүдө. Жашоо баарыбыздан чекиндүү аракеттерди, активдүү демилгелерди, бардык чөйрөдө туура жана адилеттүү мамилени талап кылат. Көптү көргөн, сабыр-такааттуу, эмгекчил жана айкөл элибиз ишке ашырып жаткан мына ушундай маанилүү өзгөрүүлөрдүн натыйжасын күтүүдө».

**Шавкат Мирзиёев**



**БИЛИП АЛ!**

Чоочун компьютерде электрондук почта же башка кызматтардан пайдаланганыңда, ушул кызматтан чыгууну унутпа. Тескерисинче , чоочун адамдар сенин жашыруун маалыматтарыңдан пайдаланышы, буюртмалар же кат жибериши мүмкүн.

- жаныбарларды кыйноо жана зордук көрсөтүү чагылдырылган, ушуга үндөөчү сүрөттөрдү жүктөө;
- расалык, диний, этникалык душмандыкты үгүттөй турган идеяны таратуу;
- кылмышкерлик ишин үгүттөө үчүн көрсөтмөлөр берүү;
- чектелген маалыматты жайгаштыруу;
- баңги заттарды таратуу жолдору, аларды даярдоо методдору жөнүндөгү маалыматтарды жайгаштыруу;
- жалганчылык мүнөзгө ээ болгон тексттерди жайгаштыруу.

Медиамаданият массалык маалымат каражаттары (оболу, телевидение, андан соң гезит-журнал, радио, интернет) таасиринде калыптанган маданият. Ал адамдын маалыматка болгон муктаждыгын камсыздайт, адамдардын кызыгууларын башкарат, өзүнө магниттей тартат, таасир көрсөтүүнүн түрдүү көрүнүштөрүн, усул жана ыкмаларын ишке салат.

Бүгүн жаштардын ой таанымын медиамаданият башкарат. Бир эле мисал: азыр керекпи-жокпу, иштетүү үчүн муктаждык барбы-жокпу, мындан көз карандысыз түрдө, ар бир жаш муун колунда заманбап чөнтөк телефону болушун каалайт. Керекпи-жокпу, бирөөлөр менен тынымсыз сүйлөшүү, жазышуу, маалымат алмашуусу керек. Заман адамдардын аң-сезимин жана дилин ээлөө үчүн кескин күрөшкө киришкендиктен, мында медиамаданият негизги орун тутушу табигый көрүнүш.



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Интернетте электрондук почта же сайттагы форумдар аркылуу колдонуучулар менен мамиледе болгонуңда эмнелерге көңүл бурасың?
2. «Алдын ала ыраазычылык билдиремин», «урмат менен», «бизге ишенич билдиргениңиз үчүн ырахмат», «сенин пикириң биз үчүн маанилүү», «биз менен маек үчүн убакыт ажыратканыңды баалайбыз» өңдүү жөнөкөй фразалардын медиасабаттуулукка кандай тиешеси бар?
3. Мамлекетибиздин Биринчи Президенти Ислам Каримовдун төмөнкү пикирлерине көңүл бур: *«Дүйнөдөгү зордукчул жана агрессивдүү күчтөр кайсы бир эл же мамлекетти өзүнө көз каранды кылып, баш ийдирмекчи, анын байлыктарын ээлеп алууну көздөгөн болсо, оболу, аны куралсыздандырууга, б.а. эң улуу байлыгы болгон улуттук баалуулуктары, тарыхы жана руханиятынан ажыратууга умтулат».* Медиасабаттуулукка ээ болбогон адамдардын келечеги жөнүндө жогорудагы пикир менен байланыштырып түшүндүр.

Медиамаданият коомубузга өсүмдүккө жабышкан сары чырмоок сыяктуу жабышты. Андан арылуунун эч айласы жок. Эми жаштардын медиамаданиятка кирип келүүсү жана ага байланышуу жараянын туура башкарууну талап кылууда.

Медиамаданият түшүнүгү «массалык маданият» түшүнүгүнөн айырмаланат. Медиамаданият – глобалдашуу жараянынын натыйжасы. Андыктан, дал глобалдашуунун өзү сыяктуу, анын жакшы жактары да, жаман жактары да бар. Жакшы жагын кабыл алып, өнүгүп, жаман жагынан сак болушубуз, өзүбүздү анын аянычтуу кесепеттеринен абайлашыбыз зарыл.

Ар түрдүү маалыматты издеп табуу жана аны пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү кеңейип бара жаткан азыркы доордо окуучулардын укуктук маданиятын калыптандыруу, аларды түрдүү агымдардан коргоо, интернет тармагы аркылуу кирип келе жаткан ар түрдүү маалымат коопторунан эскертүү бүгүнкү күндүн негизги милдетине айланып болду.

**Сабактан таалим.** Бүгүнкү глобалдашуу доору жаш муундан социалдык активдүүлүктү талап кылуу менен бирге, жаштардын руханий-ахлактык жеткилеңдигин ар качанкыга караганда актуалдуу даражага көтөрүүдө. Анткени, медиамаданиятка ээ болуп баруу руханий баалуулуктар жана ахлактык нормаларды өздөштүрүүнүн негизинде инсандардын бири-бирине, үй-бүлөсүнө, жамаасына, Мекенине жана бүтүн адамзат тагдырына адамгерчилик мамилелерин көрсөтүүдө жана коомдун өнүгүүсүнө оң таасирин көрсөтөт.

## ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Бүгүнкү күндө барган сайын кеңири жайылып бараткан медиамаданияттын ахлактык нормаларга кандай байланышы бар?
2. Жаштардын ой-таанымын медиамаданият аркылуу башкаруунун жолу барбы? Пикириңди негизде.
3. «Маалымат кимдин колунда болсо, ошол дүйнөнү башкарат», деген пикирди кандай чечмелейсиң?

## ЧИСТОН-ТАБЫШМАК

Адам менен бирге ар убак, бирок пайдасы тийбейт эч убак. Алар эмнелер?

# Жалпылаштыруучу сабак

Ардактуу окуучу! Бул окуу жылындагы сабактарды өтүүдө адамдын руханиятын өстүрүүчү сапаттарга кандай ээ болуу жөнүндөгү пикирлер сени эч кайдыгер калтырбаган болсо керек.

Сен өткөн эки жылда өздүктү таануу, убакыттын, үй-бүлөңдүн, Мекениңдин кадырына жетүүнү, башкаларга карата инсандык жана жакшы мамиледе болуу зарылдыгын жана мээрим көрсөтүү керектигин «Руханият негиздери» китеби аркылуу билип алдың. Руханият – бул жөн эле материалдык-теориялык түшүнүктөрдүн жыйындысы эмес. Ал улуттун күч-кудурети, баалуулуктардын негизи, изги-тилектеринин туюнтулушу болуп саналат. Руханият – адамдын ахлагы жана адеби, билими, таланты, тажрыйбасы, абийири, ынаным, дүйнөкарашы, коомдун өнүгүшүнө оң таасир эте турган өз ара шайкеш бир система экендигин китептеги темаларды өздөштүрүү маалында түшүндүң.

Руханиятка бүгүнкү глобалдашуу жана модернизациялаштыруу жараяндарында улутту, элди, жадагалса, адамзатты асыроо жана дүйнөнүн туруктуулугу жана жыргалчылыгынын чени катары каралууда. Анын ичинде, руханият сүйүктүү Өзбекстаныбыздын өнүгүшү, анда эрезеге жетип жактан, эч кимден эч качан кем болбогон жаш муундун дени соо, акылдуу жеткилең болуп өсүшүндө да өтө маанилүү рухий жемиш болуп кызмат кылат.

Окуу китебиндеги темалар боюнча сен кандай коомдо жашап жатканың жана бул коом бийик руханий чендерге жооп бере турган адамдардын коому экендигин, анда мыйзамдар үстөмдүү, адамдардын кызыкчылыктары жана баалуулуктарына өзгөчө көңүл бурулушу иш жүзүндө, айрыкча жаштардын турмушу мисалында көрүнүп жатканын күзөтүп бардың. Ахлактык баалуулуктарды жана активдүү жаранды тарбиялоого кызмат кылуучу маанилүү темалар китептин мазмунун байытып бергени сенин руханий-ахлактык сапаттарыңа таасир эткен болсо керек.

Ардактуу окуучу! Окуу китебинен орун алган адабият жана билим менен каныккан накыл сөздөр сени туура жолго, туура максат жана ынанымды калыптандырууга үндөйт. Ал үчүн болсо бүгүнкү күн жаштары эркин жана өз алдынча пикир жүргүзө турган, ыйман-ынанымдуу, акыл-эстүү, эрки бекем, билимдүү, зээндүү болушу, өз журтунун тарыхы, улуттук баалуулуктары жана улуу бабалары калтырган илимий жана руханий мурасты акылы, көңүлүндө

сактоосу зарыл. Андан ары, ушул китеп сен үчүн даяр түшүнүк жана пикирлер жыйнагы болуп гана калбастан, о.э. турмуштан артта калбастык үчүн сени кең ой жүгүртүүгө, изгиликке үндөшү турган сөз. Сен мындан да көп билим алышың үчүн өз үстүңдө тынымсыз иштеп, жогорку маараларды көздөшүңө ишенебиз.

Ушул китеп аркылуу алган билимиң келечеги кең өмүр жолуңда сага калыс жардам берет жана ийгиликтер алып келет деген үмүттөбүз. Келечекте, албетте, руханияты бийик, акылдуу, жеткилең, Ата Мекенге туруктуу, ыйман-ынанымдуу, бекем эрктүү адам болуп жетишишиңе тилектешпиз.

Ардактуу окуучу! Дагы бир айтып өтчү нерсе, изги максатка жетишүү, оомат жана бактыга жетишүү өз-өзүнөн боло турган жараян эмес. Ал үчүн тынымсыз эмгек, күч-кайрат, темирдей эрк болушу менен бирге, бекем пайдубал, демек журтта эгемендүүлүк, аман-эсендик, тынчтык өкүм сүрүшү керек. Анткени, сүйүктүү акыныбыз Эркин Вахидов өз ырында белгилегендей:

Hurriyat – or-nomus, nafsoniyatdir,
Qadrin bilgan elga mangu niyatdir.
Hurriyatning o‘zi tayyor baxt emas,
Baxt uchun eng buyuk imkoniyatdir.

Илимдин шамы, өмүр деп аталган бакыт жылдызы жолуңду дайыма жарытып турсун!

# Табышмактардын жооптору

**10-КЛАСС ҮЧҮН**

1-§. Кооз мүнөздүү, билимдүү перзент.
2-§. Жеке үлгүгө негизделген тарбия, айтканына сөзсүз амал кылуу...
3-§. Ата-эне насаатына кулак салбай турган перзент.
4-§. Изги иштер же жаман амалдардын натыйжасы.
5-§. Адамзат.
6-§. Китеп.
7-§. Пайдалуу билим, өнөр-кесип.
8-§. Милдет жоопкерчилиги, берилгендиктин жүгү, түшкүндүк жагдайы.
9-§. Наадан, жарабаган адам.
10-§. Бекем ынаным жана туруктуу эрк.
11-§. Тарбия, билим алууну каалабаган өспүрүм.
12-§. Устат-тарбиячы.
13-§. Кооз кулк-мүнөзгө негизделген туура тарбия.
14-§. Уятсыз киши.
15-§. Кулк-мүнөз.

**11-КЛАСС ҮЧҮН**

1-§. Китептерди шкафка терип койгон, бирок бирин да окубаган адам.
2-§. Илимдүү инсандар.
3-§. Ата Журтка сүйүү сезими, жакшы перзент тарбиясы милдети, жашоону татыктуу жашап өтүү жолундагы аракет.
4-§. Кооз тарбия.
5-§. Ыймандын буйругу, дил сөзү.
6-§. Кооз адеп, кичипейилдик.
7-§. Жаман перзент.
8-§. Ич күйдүлүк, көралбастык.
9-§. Таш боор адам.
10-§. Акыл, билим, байлык.
11-§. Руханият, маданият, адабият жана искусство.
12-§. Табият кырсыктары.
13-§. Үмүт-тилектер.
14-§. Напси балееси.
15-§. Сөздө чечкинсиздик, иште кайдыгерлик, ыйык баалуулуктарга карата кенебестик.

# Мазмуну

Киришүү 3

**10-класс**

1-§ Руханият — теңдешсиз күч 5
2-§ Инсандын руханияты жана өздүктү таануу 10
3-§ Үй-бүлө руханияты 14
4-§ Коомдун руханиятынын калыптануусунда мааленин орду 19
5-§ Инсан жана коом 23
6-§ Жарандык коомунда адамдын ой жүгүртүүсү 27
7-§ Материалдык жана руханий жашоо адамдын көркү 31
8-§ Жарандык жоопкерчилик жана тиешелүүлүк 35
9-§ Руханий коопсуздук 40
10-§ Бекем эрк — күчтүү руханият кепили 45
11-§ Руханият жеткилеңдикке жетелейт 50
12-§ Адамдын руханиятында агартуучулуктун орду 54
13-§ Эстетика жана руханият 58
14-§ Адамдын руханиятынын калыптануусунда имидждин орду 62
15-§ Адамдын руханиятында этиканын орду 67
10-классты аяктайбыз! 70

**11-класс**

1-§ Адам — кишилик коомунун жаратуучусу 72
2-§ Руханият – улуттун жүзү 76
3-§ Руханий жеткилеңдик 81
4-§ Өзбекстандын өнүгүүсүнүн руханий-ахлактык негиздери 85
5-§ Улуттук салттардын адамдын руханиятынын өсүүсүнө таасири 89
6-§ Руханий мурастын адам руханиятына таасири 92
7-§ Үй-бүлө – ыйык коргон 96
8-§ Руханий баалуулуктардын өнүгүүсүндө улуттар аралык ынтымактык мамилелери 101
9-§ Сүйлөшүү жана өз ара мамилелерде руханияттын орду 106
10-§ Акыл жана руханий деңгээлдин, коомдун руханий жаңылануусундагы орду 109
11-§ Адабият — элдин дилинин руханий баяны 114
12-§ Экологиялык маданият менен руханияттын шайкештиги 119
13-§ Жаштар ишинде бийик руханиятты калыптандыруу 124
14-§ Глобалдашуу шартында улуттук руханиятка каршы коркунучтар 129
15-§ Коомдун руханиятын жогорулатууда медиамаданияттын таасири 134
Жалпылаштыруучу сабак 139
Табышмактардын жооптору 140
Мазмуну 141

*O'quv nashri*

**VAHOB QO'CHQOROV, OBIDDIN MAHMUDOV, ZOKIRJON ZAMONOV**

# «MA'NAVIYAT ASOSLARI»

O'rta umumta'lim muassasalarining 10-11-sinflari uchun darslik

*(Qirg'iz tilida)*

*Birinchi nashr*

Toshkent – «Yangiyo'l poligraf servis» – 2017

Басманын лицензиясы AI №185, 10.05.2011 ж.

Которгондор – Ш. Надиров, К. Токтобаев
Редактору – А. Зулпихорова
Тех.редактору – М. Риксиев

Оригинал-макеттен басууга уруксат берилди 00.00.2017. Форматы 70x90 1/16.
«Times New Roman» гарнитурасы. Офсеттик кагаз. Офсеттик ыкмада басылды.
Басма табагы 9,0. Шарттуу б.т. 10,53.
Нускасы 788. Буюртма № 4917.

«Sharq» БПАК басмаканасында басылды.
100000, Ташкент ш., Buyuk Turon көчөсү, 41.

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчи-синин колу | Окуу китебинин тапшы-рылып жаткандагы абалы | Класс жетекчиси-нин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаны | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бутун, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес.Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канаат-тандырар-лык | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу та-рабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канаат-тандырар-лык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааггандырарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чий-ип, боп ташталган. Окуу китеби жараксыз. |